С. Шаелдаева

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

4

## Кыргыз Республикасынын Герби




## Кыргыз Республикасынын Туусу



## Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Гимни

Сөзү: *Ж. Садыков, Ш. Кулуевдики*
Муз.: *Н. Давлесов, К. Молдобасановдуку*

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

***Кайырма:*** Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колунда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

***Кайырма:***

Аткарылып элдин үмүт, тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтың, мурасың,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

***Кайырма:***

С. ШАЕЛДАЕВА

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

Кыргыз орто мектептеринин 4-классы үчүн
окуу китеби

***Төртүнчү басылышы***

*Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим
министрлиги бекиткен*

«Полиграфбумресурсы»
Бишкек 2014

УДК 373.167.1
ББК 81.2 Ки - Я721
Ш – 16

Бул окуу китебинин 1-бас. Кыргыз Республикасынын билим жана илим министрлиги менен Кыргыз билим берүү институтунун ортосунда окуу китептерин чыгаруу боюнча түзүлгөн № LC TPS1 келишимдин негизинде 2002-жылы чыгаорылган.

**Шаелдаева С.**
Ш – 16 Кыргыз тили: Кыргыз орто мектептеринин 4-кл. үчүн окуу китеби. — 3-бас. — Б.: «Полиграфбумресурсы», 2011.— 204 б.: ил.
ISBN 978 – 9967 – 25 – 607 – 1

**Шарттуу белгилер:**

● Тапшырмалар

Эрежелер

? Суроолор жана тапшырмалар

▲ Өзүмдү текшеремин

■ Өз алдымча иштеймин

Ш 4306020200 **09**

УДК 373.167.1
ББК 81.2 Ки-**Я721**

ISBN 978 – 9967 – 25 – 607 – 1

© Шаелдаева С., 2009
© КР Билим, жана илим министрлиги, 2009
© «Полиграфбумресурсы», 2009
© «Полиграфбумресурсы», 2014

www.bizdin.kg

# I. ТИЛ. КЕП. ТЕКСТ

***Кымбаттуу, окуучум!***

Сен 1—3-класстарда кыргыз тилинен тыбыш жана тамга, сөз, сүйлөм, сөз түркүмдөрү жөнүндө маалымат алгансың.

Эми бул китеп аркылуу ошол алган билимиңди дагы тереңдетип, кеңейтип, жаңы түшүнүктөр менен толуктайсың.

*Мына, азыр мен сага кыргыз тилин окуу менен дагы андан ары эмнелерди окуп үйрөнө тургандыгың жөнүндө кыскача кеп кылдым. Менин кебимди сен жогорку тексттен окудуң. Ошентип,* ***кеп*** *жана* ***текст*** *деген түшүнүктү алдың.* ***Кеп, текст*** *деген сөздөрдү сага түшүндүрүү үчүн* ***тил*** *аркылуу баяндадым.*

**1.** Төмөнкү текстти оку. Ал сага таанышпы? Класcташтарың менен ал жөнүндө сүйлөшүп, пикир алмаш. Жети осуяттын бирөөнү көчүрүп жазып, аны чечмелеп жаз.


Манастын жети осуяты:

— улуттун биримдиги жана баш кошкондугу;
— улуттар аралык ынтымак жана алака-байланышы;
— улуттук ар-намыс жана патриоттуулук;
— жан-дилден талыкпай эмгектенүү жана билим аркылуу гүлдөө, өнүгүү, бардарчылыкка умтулуу;
— гуманизм, айкөлдүк, чыдамкайлык;
— жаратылыш менен шайкештик;
— кыргыз мамлекетин коргоо жана чыңдоо.

www.bizdin.kg




**2.** Төмөнкү сүрөттөн көргөнүңдү ирети менен айтып бер.




*Мына, сүрөт боюнча айтып бергениң бул — сенин кебиң. Айтып берген кебиңди дептерге жаз. Эмне пайда болду? Демек, тил — адамдардын өз ара пикирлешүү куралы. Пикир алышуу максатында тилди турмушта колдонуу (сүйлөө) бул — кеп деп аталат. Кеп оозеки жана жазма түрүндө болот.*
*Мисалы:* ***Жаңы окуу жылыңар менен, балдар!***




Муну оозеки айттым. Бул кандай кеп болду? Ал эми *1-сентябрь — Билим күнү* деп жазсак, бул кандай кеп болот?

**3.** Жаңы окуу жылынын башталышы, бүгүнкү көргөн-билгениң жөнүндө 4 сүйлөмдөн турган текст жаз.

● **3ª.** Манастын 7 осуятынын жетинчисин чечмелеп жаз.

## КЕПТИН БУЛАКТАРЫ

**4.** Дарыя булактардан башталгандай эле кептин да булактары бар. Кепти кайдан, кантип ала турганыңды сүрөттөр боюнча айтып бер.



Дептериңе кепти дагы кайдан алаарыңды кошумчалап жаз.

Кептин булактары: үй-бүлө, ..., ..., ..., ..., ....

*Ооба, сени курчап турган дүйнө, жандуу жана жансыз жаратылыш, адамдар, алардын мамилелери, карым-катыштары кептин булактары болот. Кеп кыскача жана кеңири мааниде болушу мүмкүн.*

**5.** Текстти оку. Текстен эмнени түшүндүң? Көчүрүп жаз.

1. Жан-жаныбарлар сүйлөй алышпайт. Бирок алардын өздөрүнө тиешелүү үндөрү бар. Азыктанып жатканда же коркунучка дуушар бол-

www.bizdin.kg

гондо бири-бирине үн салышып, белги беришет. Ал эми адамдар сүйлөп, көргөн-билгендери боюнча бири-бирине ойлорун айта алышат.

2. Жан-жаныбарлар адамдардай сүйлөй алышпайт.

Биринчи менен экинчи ишти салыштыр. Эмнеси окшош, эмнеси окшош эмес? Текстти бир сүйлөм менен түшүндүрсө болот бекен?

**6.** Ырды окуп, түшүнүп, айтып бер.

Бардыгы бар китепте,
Баа бер, балам, китепке.
Билбегенди билесиң,
Татасың билим ширесин. *(Т. Ү.)*

Айтылып жаткан ой кандай түрдө берилген? Китеп жөнүндө кандай ыр же макал билесиң? Айтып бергениң кептин кайсы түрүнө кирет? Китеп кептин булагы боло алабы?

**7.** Төмөнкү макалдарды окуп, жазып ал.

1. Өсөр элдин балдары бир-бирине дос болот,
   Өспөс элдин балдары бир-бирине кас болот.
2. Кеңешип кескен бармак оорубайт.
3. Коёнду камыш өлтүрөт,
   Эрди намыс өлтүрөт.

Макалдардын маанисин түшүнүгүң боюнча айтып бер. Макалдар кеп болобу? Макалдарды кимдер чыгарган деп ойлойсуң? Элди кептин булагы десе болобу?

**8.** Билген макал, табышмак, же ырың болсо жаз. Аны сен кайдан үйрөндүң эле? Ал кандай кеп болду?

● **9.** Төмөнкү сөздөрдөн сүйлөмдөрдү туура түзүп, окуп бер.

1. Арстанбап, Көкарт, Жаңы-Жол, жаңгак, аймактарында, дарактары, укмуш, тим, эле!
2. Жаңгак, пайдалуу, өтө.
3. жалбырагынан, Анын, заттар, жана, алынат, С витамини.
4. пайдаланылат, Кабыгы, катары, боёк.
5. баалуу, жасалат, эмеректер, Сөңгөгүнөн.



6. билесиңби, пайдаланаарын, Медицинада ал, жасоо үчүн, дарыдармек?

*(Балдар энциклопедиясы)*

Ондоп түзгөн сүйлөмдөрдүн башына цифраларды койбой жаз. Жазганыңды кайра окуп көрчү. Андагы сүйлөмдөрдүн маанилери бири-бири менен байланышабы? Текстте негизги ой эмне жөнүндө болуп жатат?

**9ª.** Текстке тема коюп көр.

Көгөн бий Жаңылды эркекче кийинтип, ат мингизип, аземдеп багып чоңойтот. Бала чагынан жаа атып, мергенчилик кылып, ит агытып, куш салып, баатырдык сыпатта эр жеткен жана акыл-айласы жетик болгон. Ошондон эли сүйүп, «мырза» деген сыймыктуу атты кошуп, «Жаңыл Мырза» деп аташкан тура.

**10.** Сүйлөмдөрдү оку. Алардын маанилерин салыштыр.

1. Бишкек шаарында көптөгөн окуу жайлары бар.
2. Атам эртең Ат-Башыга жөнөйт.
3. Бүгүн күн ачык болду.

Ар бир сүйлөмдө эмнелер жөнүндө айтылды? Сүйлөмдөрдүн маанилери байланыштыбы? Тема коюуга ылайык келеби? Эмне үчүн тема коё албайбыз?

*Демек, мааниси байланышкан эки же андан көп сүйлөмдөр* текст *деп аталат. Тема тексттеги негизги ой эмне жөнүндө экендигин билдирет. Мааниси байланышпаган сүйлөмдөр текст болбойт.* М и с а л ы: ***Күз келди. Чөптөр куурай баштады. Курт-кумурскалар азайды****. Бул — үч сүйлөмдөн турган текст. Анткени сүйлөмдөрдүн байланышкан маанилери аркылуу күз жөнүндө ой айтылды. Текстке* ***«Күз»*** *же* ***«Күз келди»*** *деген тема койсо болот.*

**11.** Окуп, суроолордун жоопторун дептериңе жаз.

1. Кыргызстан качан эгемендүү мамлекет болуп түзүлгөн?
2. 1-сентябрь — Билим күнүн эмне үчүн жыл сайын салтанаттуу тособуз?
3. Сен келечекте ким болгуң келет?

Ар бир сүйлөмдө өзүнчө кандай ойлор айтылды? Бул текстпи же сүйлөмдөрбү? Тема койсо болобу?

www.bizdin.kg

**12.** Окуп, мазмунун айтып бер.

Дүйнө жүзүндөгү эмгекчилер согушту жек көрүшөт. Анткени согуш күлкүнү ыйга айландырат. Биз тынчтыкты сүйөбүз. Тынчтык элге бактылуу жашоону тартуулайт.

Кандай тема койсо болот? Бул текстпи же сүйлөмдөрбү? Тема коюп, көчүрүп жаз. Андан кийин аны бир сүйлөм менен алмаштырып жаз.

**13.** Төмөнкү текстти окуп, мазмунун темасына салыштыр.

### БАЙКЕМДИН ТИЛЕГИ

Байкемдин колунан баары келет. Эшик-терезелерди ондойт, сырдайт. Жыгачтан ар түрдүү эмеректерди жасайт. Үйдөгү диван, стол, отургучтарды өзү жасаган.

Эмнени байкадың? Темасы туурабы? Катасын оңдоп, текстти көчүрүп жаз.

● **14.** Сүрөт боюнча 4 сүйлөм түзүп, маанилерин салыштыр. Текст болобу же болбойбу? Аныктагын.



## ТЕКСТКЕ ПЛАН ТҮЗҮҮ

**15.** Текстти оку. Андагы ойлорду берилишине карай бөлүктөргө бөлүп, аларды куш белгиси менен белгилеп, ар бир бөлүккө темача коюп көрөлү.

Күзүндө жалбырактар саргайып, жер-жемиштер, жашылчалар, дан өсүмдүктөрү бышып, эң сонун мезгил болот. Эгерде токойго барып



жакшылап байкасаңар, бутуңардын алдында эле кожогат бышып турат. Чакан-чакан түптөрдүн шагында кара кочкул карагат мончок сымал тизмектелип ийилет. Бадал арасында козу карын жайнайт.

V Токойдун ичи түнжураган тынчтыкка бөлөнгөн. Канаттуу куштар жылуу жактарга учуп кетишкен. V Туш тарабыңды дагы бир жолу карачы. Кандай гана кооз! Четин, кайыңдардын кочкул кызыл, сары жалбырактары куду эле кызыл ала шайыга окшош. Бышкан карагаттардын жалбырактары куду алтындын эле өзү... Абанын аңкыган жытын айтпа! Асман көгөрүп мелтирейт. Күндүн назик нуру жер балкытып турганын көр.

Ооба, токойдогу козу карындар, кожогат, карагат жөнүндөгү ойлорду **жайнайт** деген сөзгө чейин *биринчи бөлүк* деп, канаттуу куштардын кетиши менен жымжырттыктын болушун *экинчи бөлүк*, жаратылыштын кооздугунун баяндалышын *үчүнчү бөлүк* деп белгилейбиз. Ооба, биринчи бөлүккө «Күзүндөгү жер-жемиштер», экинчисине «Токойдогу жымжырттык», үчүнчүсүнө «Күзгү көрүнүш» деген темачалар ылайык келди. Бул темачаларды тексттин планы десек болот. Аларды планга жазабыз.

**План:**

1. Күзүндөгү жер-жемиштер.
2. Токойдогу жымжырттык.
3. Күзгү көрүнүш.

*Демек, тексттин планын түзүш үчүн:*

*1. Текст ойлордун берилишине карай бөлүктөргө бөлүштүрүлөт. Бөлүктөр тексттин башталышын, негизгисин, аякташын билдирет.*

*2. Ар бир бөлүктөн негизги ой ажыратылып каралат.*

*3. Тексттин ар бир бөлүгүнө темача коюлат.*

**16.** Текстти окуп көр. Ага план түз.

Камчыбек дарактардын башын карап, ары-бери элендейт. Ал эми ар бир бадал уядан кур эмес. Бул балапан кайсы уядан түшкөнүн билүү да кыйын эмес. Ошентсе да, мен балапан жакын эле жердеги уялардын биринен түшкөнүнө күмөн санаган жокмун. Аңгыча тигил чыйпылдап учуп жүргөн ак каш чымчыктар да келип коно калышты.

www.bizdin.kg

Мына ушундан улам тигил балапан ушул уядан кулап түшкөнүнө бекем ишендим. *(Д.С.)*

Түзгөн планыңды жаз. Тексттин маанисин бир сүйлөм менен түшүндүр.

**17.** Төмөнкү текстти окуп көр. Бул бир окуучунун план түзбөй туруп, «Ынтымактуубуз» деген темада жазган тексти.

ЫНТЫМАКТУУБУЗ

Биздин мектеп үч кабаттуу, бийик салынган. **Мен төртүнчү класста окуйм.** Мектептин алдында бак бар. Ал жайкысын жапжашыл болуп, ого бетер көрктөндүрүп турат. \/ Менин классташтарым ынтымактуу. Дежурлук милдетибизди так аткарабыз. Сабактан жетише албай калгандарыбыз болсо, дароо жардамдашабыз. Ошон үчүн бардыгы бизди «ынтымактуу балдар» дешет.

Тексттен белгиленген сүйлөмдү оку. Ал сүйлөмдүн орду кайсы деп ойлойсуң? Ооба, куш белгиси коюлган жерге коюп жазса болмок. Ал сүйлөмдү ордуна коюп окуп чык. Кандай болду?

Эмесе ушул «Ынтымактуубуз» деген темага карата план түзүп көр.

**План:**
1. ... .
2. ... .
3. ... .

Түзгөн планыңды оку. Эмне үчүн планды ушундайча түзгөнүңдү айт.

**18.** Сүрөт боюнча сүйлөп бер.





Биринчи сүрөт түлкү жөнүндөгү окуянын эмне болушу? Экинчи сүрөттө окуянын эмне болгон учуру деп ойлойсуң? Үчүнчү сүрөттө окуя эмне болду? План түзүп, ага карата түшүнүгүңдү жаз.

**18[а].** Бул жомокту билесиң. Тема коюп, план боюнча текст жаз.

План:
1. Абышканын 9 уулунун ынтымагы.
2. Абышка 9 уулуна 9 табылгыны бериши.
3. Ырыс алды — ынтымак.

**19.** Окуган чыгармаларыңды пайдаланып, үч бөлүктөн турган сүрөт тарт. Анын темасын коюп, планын түз.

**20.** Оку. Текстти ойлордун берилишине карай бөлүктөргө бөлүп, план түз.

Султандын тынчы жок. Түн ичинде уйку көрбөй жаңгак токойлорун кыдырганы кыдырган. Анын үстүнө чоң жолдун жакындыгы аябай себеп. Күндүзү жолдон жөн эле өтүп бараткандa токтошуп, жемишин үзүп киришсе, түн ичинде атайы даярданып келгендер машинасын көрүнбөс жерге токтотуп, көрүнбөй жаңгакка киришет да күбүп, каптарга салып алып, Султан жеткиче машиналар менен «дыр» коюшуп жөнөй беришет. Бу күнү Султан эч нерседен иши жок бараткан, капыстан мисте, карагандар жыш өскөн коруктун чет жагынан мылтыктын үнү угулду. ...Султан болжолдогон жерге бат эле жетип келди. Айлана тымтырс, эч нерседен шек билинбейт. Ал шырп алдырбай арылай берди. Жакын эле жерден бирөөлөрдүн кобурап сүйлөгөнүн укту, ал добуш чыккан жакка басты... Эки адам байтүп карагандын түбүндө жаңы атылган маралды союп жатышыптыр... Көргөн көзүнө ишенбеди. Баймырза корукчу, бул эмнеси, ансыз да аз калган өтө баалуу маралдардан атып алганы...

*(А. Кал.)*

Султан менен Баймырзанын кандай адамдар экенин айтып бер.
Жазган планың боюнча баяндама жазганга даярдан.

www.bizdin.kg

## ТЕКСТТИН ТҮРЛӨРҮ

**21.** Төмөнкү тексттерди салыштырып окуп чык. Сүрөттөрдү кара.





**1.** Күз келди. Чөптөр куурады. Бак-дарактын жалбырактары жерге түшө баштады. Талаадагы эгиндер жыйналып алынды.

**2.** Берекеси төгүлгөн күз келди. Күндүн ысык табы кайтып, мурдагыдан аба салкындады. Бак-дарактардын кызгылт сарыга боёлгон жалбырактары жерге түшө баштады.

**3.** Менин атам — врач. Ал оорулууларды дарылайт. Атамдын кесиби мага жагат. Анткени врач өзүнүн ак эмгеги менен элдин ден соолугун коргойт. Мен атамдай врач болом.

Биринчи текстте эмне жөнүндө, кандайча айтылды? Экинчи текстте күз кандай берилген? Үчүнчү текстте кимдин оюу айтылды? Ал ким болгусу келди? Салыштыр.

*Демек, тексттин үч түрү бар турбайбы:*

*1. Баяндоо.*
*2. Сүрөттөө.*
*3. Ой жүгүртүү.*

*Тексттин баяндоо түрүндө кандайдыр бир окуя же кубулуш, же аткарылган иштер ирети менен баяндалат.*

*Ал эми сүрөттөөдө адамдардын, жаныбарлардын, буюмдардын, жаратылыштын көрүнүштөрүнүн кандай экендиги сүрөттөлүп көрсөтүлөт.*

*Ой жүгүртүүдө адегенде ойдун негизи айтылат, эмне үчүн экендиги аныкталат, андан жыйынтык чыгарылат.*



Жогорудагы үчүнчү текстти үч бөлүккө ажыратып, дагы бир жолу окуп, байкагын.

**22.** Окуп, тема коюп, көчүрүп жаз.

Алик көңүлдүү отурду. Ал түгүл жанындагы Бекендин качан туруп кеткенин да байкабай калды. Ал букетин мугалимине тапшырып жатканда гана оруну бош калганын көрдү.

Чогулуш бүтөрү менен коңгуроо кагылды. Балдар өз класстарына кире баштшты. *(К. К.)*

Тексттин мазмунун бир сүйлөм менен алмаштыр. Ал тема менен байланышабы? Бул тексттин кайсы түрүнө кирет? Эмне үчүн?

**23.** Текстти оку.

Ак каш куштар жан алакетке түшүп чебеленип учуп жүрүштү. Алар Камчыбектин жан-жагынан чырылдап кайкып, канаттарын дирилдетип өтүп жатышты. Эгер колдору болсо, Камчыбектин төбө чачынан кармап, жогору көтөрүп учуп кетчүдөй. Чынында да бул көрүнүш мага ушундай элес берди.

Камчыбек бат эле чыгып барды да, балапанды уяга салып, кайра түшө баштады. Ушундан кийин гана балапандын ата-энелери тымтырс болуп калышты. Биз да балапанды өз уясына салганыбызга толук ишендик. *(Д. С.)*

Бул тексттин кайсы түрүнө кирет?
Бөлүктөргө бөлүп, план түз. Пландагы темачаларды бир сүйлөм менен мүнөздө.

**24.** Оку. Түшүнгөнүң боюнча элестетип көр.

Батып бараткан күндүн акыркы нуру асмандагы булуттарды өрттөп бараткандай болду. Айтике сызылып аккан өзөндүн боюна келип, терин шыпырып отура калды. Куржундагы Жапарды жерге түшүрүп, кызарган темирдей батып бараткан күндү далайга тиктеди.

www.bizdin.kg

Жаш баланын күнгө какталган беттери боргулданып, албырып кызыл мрамор сыяктуу болуп турду. Атасы куржундан алып, аны жерге коё койгондо, бала темтеңдеп, бүрүшүп барып отура калды.

*(А. Т.)*

Элестеткениң боюнча сүрөт тарт. Айтып бер.
Бул тексттин кайсы түрү деп ойлойсуң?

● **25.** Төмөнкү макалдарды оку. Маанисин түшүнгөнүң боюнча жаз.

1. Эмгек кылсаң жашыңдан,
   Дөөлөт кетпейт башыңдан.
2. Күч кетет, билим кетпейт.
3. Байдын малы аялуу,
   Жалкоонун жаны аялуу.

Макалдар кеп болобу? Кептин кайсы түрү?

### ? Суроолор жана тапшырмалар

1. Кеп дегенге кандай түшүнөсүң?
2. Кептин булактары кайсылар деп ойлойсуң?
3. Текст деген эмне?
4. Тексттин планын кантип түзөсүң?
5. Тексттин түрлөрү кайсылар?

### ▲ Өзүмдү текшеремин

Туура жоопторду көчүрүп жаз.

**1.** Кепти кантип үйрөнөт?
а) Кепти бала төрөлгөндө эле үйрөнүп алат.
б) Кепти адам курчап турган бардык нерселер аркылуу үйрөнөт.
в) Кепти адам өзүнөн-өзү эле үйрөнөт.

**2.** Кайсынысы текст болот?
а) Мен китеп окудум. Үй мөөрөдү. Самолёт учат.
б) Мен китеп окудум. Бөбөгүм сүрөт тартты. Апам экөөбүз ойнодук.
в) Мен, окудум, китеп.



**3.** Оозеки кеп кайсы?
а) Текстти көчүргөнүң.
б) Телефон менен сүйлөшкөнүң.
в) Досуңа кат жазганың.

**4.** Кайсынысы кеп болот?
а) Баланын күлгөнү.
б) Адамдын сүйлөгөнү.
в) Адамдын иштегени.

**5.** Текст кантип түзүлөт?
а) Маанилери байланышкан сүйлөмдөрдөн.
б) Ар түрдүү маанидеги сүйлөмдөрдөн.
в) Бир нече сөздөрдөн.

**6.** Кайсынысы текст боло албайт?
а) Ырлар.
б) Макал-лакаптар.
в) Түрдүү маанидеги сүйлөмдөр.

**Таяныч белгилер менен иштеймин:**

Текст түз — →[≈]
Тексттин темасын кой — ↑[≈]
Тексттин планын түз — [≈]→
Текстти бир сүйлөм менен түшүндүр — [≈]↓
План боюнча текст түз — [redacted] 1
Текстти улантып жаз — [≈]↓

www.bizdin.kg

# II. СҮЙЛӨМ

**26.** Оку. Маанилерин түшүндүр. Булар эмнелер?

Мелдеш, сабак, эже, мектеп, чака, бала, автобус.

**26ª.** Текстти оку. Эмнелерди окудуң?

Жылкычы укуругун боз үйгө жөлөдү. Үйгө кирип отурду. Апам ага сабаадан кымыз куюп сунду.

Сүйлөм менен сөздүн айырмасын айтып бер. Ар бир сүйлөм өзүнчө кандай ойду билдирет? Алардын ар бирөө канча сөздөн түзүлгөн? Сүйлөм деп эмнени айтабыз? Аныктап көр.

*Ооба, айрым бир бүткөн ойду билдирген сөз же сөздөрдүн тизмеги сүйлөм деп аталат.* М и с а л ы: ***Айсалкын суу алып келди.*** *Бул сүйлөм төрт сөздүн тизмегинен туруп, Айсалкындын суу алып келгендиги жөнүндөгү ойду билдирет.*

**27.** Өзүңдүн классың жөнүндө текст түзүп жаз. Ар бир сүйлөм кандай ойду билдиргенин айтып бер.

**28.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, 4 сүйлөм түзүп жаз.

Окуучулар, мектептин, мугалимге, көчө.

**29.** Сүрөт боюнча сүйлөмдөрдү түзүп жаз. Ар бир сүйлөм кандай ойду билдирди?





● **29ª.** Оку. Бул текстпи же сүйлөмдөрбү? Тема коюп, улантып жаз.

Кыргыз музыкасынын өзөгү — комуз. Комуз күүлөрү улуттук музыкалык кенчке айланган...

## СӨЗ АЙКАШЫ

**30.** Оку. Эмнелерди байкадың?

Мен шаар... эжем... үй... бар... . Ал мен... кел... сүйүн... . Биз кино... бар.... Кино... чыг..., музей... бар... . Мен жакшы эс ал... .

Ооба, булар бири-бири менен байланышпаган сөздөр. Чекиттердин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү улап жазып, кайра окуп көр. Эмнени түшүндүң? Сөздөр өз ара кандайча байланышкан?

М:

Мен шаардагы эжеме бардым.

*Демек, сүйлөм сөз жана сөздөрдүн айкашуусунан түзүлөт. Сөз айкашы негизги жана багыныңкы сөздөрдөн турат. Багыныңкы сөз негизги сөздөн мурда келет жана алар бири-бири менен маанилери боюнча же жөндөмө мүчөлөрү аркылуу байланышат.* М и с а л ы: ***Чоң топ*** *деген сөз айкашы маанилери боюнча байланышты.* ***Шаарга баруу*** *деген сөз айкашында* ***шаар*** *деген үңгү сөз* ***баруу*** *деген сөз менен* ***-га*** *мүчөсү аркылуу байланышты.* ***Чоң топ, шаарга баруу*** *— бул сөз айкаштары. Негизги сөздөр* ***топ, баруу.*** *Багыныңкы сөздөр —* ***шаарга, чоң.***

**31.** Төмөнкү сөз айкаштарын оку.

Кызык китеп, ак көйнөк, жакшы бала, он киши, көлдөй терең, тоодой чоң, жолдун жээги, топту тосуу, таза жазуу, шаардын көркү, сүрөткө түшүү.

Кайсы сөз айкаштары мүчөлөр аркылуу байланышкан? Кайсы сөз айкаштары мүчөлөрсүз байланышкан?

Сөз айкаштары кайсы сөз түркүмүнөн турганын үлгүдөгүдөй көрсөтүп жаз.

Ү л г ү: *Кызык китеп* = сын атооч + зат атооч

2—БК – 5/1

www.bizdin.kg

**32.** а) Төмөнкү сөз айкаштарын окуп, чекиттердин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү улап, көчүрүп жаз.

Тоо... баруу, топ... тос, көйнөк... жеңи, айыл... жүрүү, бала... ою, төрт... класс, күз... жалбырак, тартип... бала, беш... кабат.

Сөз айкаштарын кайсы мүчөлөр байланыштырды? Айтып бер.

б) Төмөнкү негизги сөздөрдү пайдаланып, көп чекиттердин ордуна багыныңкы сөздөрдү коюп, сөз айкаштарын түзүп жаз. Дагы ошончо сөз айкаштарын кошумчалап жаз.

... көйнөк, ... бас, ... жүгүртүү, ... балабыз, ... такасы, ... көзү, ...боёк.

● **33.** Төмөнкү багыныңкы сөздөргө ылайык көп чекиттердин ордуна негизги сөздөрдү коюп, сөз айкаштарын түзүп жаз.

Сыйкырдуу ...., калың ...., сары ...., киного ...., беш ...., он беш ...., эсепти ... доскада..., жашынмак..., сарамжалдуу..., таттуу....

**33ᵃ.** Маанилери боюнча байланышкан 6 сөз айкашын, мүчөлөр аркылуу байланышкан 6 сөз айкашын жаз.

## СҮЙЛӨМ МҮЧӨЛӨРҮ

**34.** Сүйлөмдөрдү оку. Биринчи сүйлөмдөгү сөздөргө суроо кой. Алар сүйлөмдө кандай милдет аткарат? Эсиңе түшүр.

Балдар ойноошту. Балдар короодо топ ойношту.

***Кимдер?*** — Балдар. ***Эмне кылышты?*** — Ойношту. Балдар — ээ, ойношту — баяндооч. Сүйлөмдүн эмнелери берилген? Экинчи сүйлөмдөгү ээ менен баяндоочту алып салып окуп көр. Эмне болду? Ооба, сүйлөмдүн мааниси жоголду. Көрсө, ээ, баяндооч сүйлөмдүн негизин түзүп, калган **короодо, топ** деген сөздөр балдардын кайсы жерде, эмне менен ойногонун айкындап көрсөттү.

*Сүйлөмдүн негизин түзгөн ээ менен баяндооч* **баш мүчөлөр**, *ал эми ээ, баяндоочтон башка сөздөр* **айкындоочу мүчөлөр** *деп аталат. Айкындоочу мүчөлөр ээ же баяндоочту жандап, аларды аныктап, толуктап, бышыктайт.*
Мисалы: *Күн кыскарды. Эмне? — **Күн. Күн** — ээси. Эмне болду? **Кыскарды. Кыскарды** — баяндооч. Сүйлөм кандай мүчөлөрдөн түзүлдү? **Бардык ата-энелер чогулушка келишти.** Кимдер келишти? **Ата-энелер.** Эмне болушту? **Келишти.***



*Баш мүчөлөр: **ата-энелер, келишти.***
*Айкындоочу мүчөлөр: бардык, чогулушка.*
*Сүйлөм кандай мүчөлөрдөн түзүлдү? Талдоодо сүйлөмдүн ээси бир, баяндоочу эки сызык менен сызылып белгиленет.*

**35.** Төмөнкү текстти көчүрүп жаз. Аларды сүйлөм мүчөлөрүнө ажыратып, талдоо жүргүз.

Берекеси төгүлгөн күз келди. Кышка карата короолор оңдолду. Малга тоют мол камдалды. Күн сууду.

Баш мүчөлөрдөн турган сүйлөм кайсы? Баш жана айкындоочу мүчөлөрдөн турган сүйлөмдөр кайсы?

**36.** Ээ менен баяндооч сөздөрдү оку. Аларды ушундай түрдө көчүрүп жазып, ээге ылайык келген баяндооч сөздөрдү таап, сызыкчалар менен туташтыр.

| **Ээ** | **Баяндооч** |
|---|---|
| Бала | шаңшыды |
| Уй | сайрады |
| Сагызган | ойноду |
| Бүркүт | кукулуктады |
| Тоок | шакылыктады |
| Булбул | мөөрөдү |
| Кой | маарады |

Булар сүйлөмдөрдүн кайсы мүчөлөрү?

**37.** Макалдарды окуп, түшүнгөнүңдү айтып бер. Көчүрүп жаз.

1. Жол кадырын жолоочу билет.
2. Ач кадырын ток билбейт.
3. Дос табышат, душман чабышат.

Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн астын сыз. Айкындоочу сөздөр кайсылар? Жалаң баш мүчөлөрдөн турган макал кайсы?

**38.** Сүйлөмдү оку. Сүйлөмдөрдүн кайсы мүчөлөрү берилген? Көп чекиттердин ордуна ылайык келген сөздөрдү таап жаз.

Нурлан ... кетти. ... апам ... тикти. Мен ... окудум. ... эжем берген. Ал ... окуйт. Мен ... окуп жатамын.

Сүйлөмдөрдүн кайсы мүчөлөрүн таап жаздың?

2*

● **39.** Сүрөткө карата тема коюп, текст түзүп жаз. Андагы сүйлөмдөрдүн баш жана айкындоочу мүчөлөрүн айтып бер.



## БИР ӨҢЧӨЙ МҮЧӨЛҮҮ СҮЙЛӨМДӨР

**40.** Сүйлөмдү оку. Көчүрүп жаз.

Сагымбай, Жаңыбай, Шапак, Саякбай элибиздин көрүнүктүү манасчылары болгон.

Кимдер? деген суроого жооп берген сөздөрдү таап бер. Алар сүйлөмдүн эмнеси болду? Канча ээси бар экен? Сызып көрсөт.

1. Жогорку сүйлөмдү чийме боюнча оку.

**Кимдер?**

Сагымбай,
Жаңыбай,
Шапак,
Саякбай — элибиздин көрүнүктүү манасчылары болгон.

**Кимдер?** деген суроого жооп берген сөздөр сүйлөмдүн эмнеси болду эле? Сүйлөмдүн канча ээси бар экенин аныктап сана.



www.bizdin.kg

2. Сүйлөмдү чийме боюнча оку. Кадимки сүйлөм түрүнө келтирип жаз.

***Эмнелерди?***

Ар бир адам — жерди,
сууну,
кен байлыктарды,
электр энергиясын — сарамжалдуу пайдаланышы керек.

Эмнелерди? деген суроого жооп берген сөздөр сүйлөмдүн кайсы мүчөсү?

3. Сүйлөмдү оку. Кадимки сүйлөмдөй жаз.

***Эмне болду?***

Пахта — эгилди,
өндү,
чабылды,
ачылды,
терилди.

Сүйлөмдө ***эмне болду?*** деген суроого кайсы сөздөр жооп берип турат? Атап бер. Алар сүйлөмдүн кайсы мүчөсү?

*Демек, сүйлөмдө бирдей суроого жооп берип турган бир нече ээ, баяндооч жана айкындоочу сүйлөмдүн* ***бир өңчөй мүчөлөрү*** *деп аталат. Бир өңчөй мүчөлөрдүн арасына үтүр (,) белгиси коюлат.*
М и с а л ы: ***Асан, Аида келди. Алманын, өрүктүн, жүзүмдүн көчөттөрү өсүп калды. Нурлан окуду, жазды.***

**41.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү оку. Тыныш белгилерин коюп, көчүрүп жаз. Аларга суроо берип, сүйлөм мүчөлөрүнө ажырат.

Биздин тоолордо карышкыр түлкү теке эчки элик жашайт. Ал эми канаттуулардан бүркүт кекилик жору чил улар мекендейт. Азыр ал жаныбарлардын канаттуулардын саны азайган.

Ар бир сүйлөмдүн кайсы бир өңчөй мүчөсү бар экенин айтып бер.

**42.** Төмөнкү сүйлөмдөрдүн бир өңчөй ээлерин таап жаз.

1. ..., ..., ..., ... сүйлөшүп келе жатышат.

www.bizdin.kg

2. ..., ..., ... биздин байлыгыбыз.
3. ..., ..., ... быштты.

Бир өңчөй ээлер кандай суроолорго жооп берди?

**43.** Төмөнкү ырды оку. Андагы бир өңчөй сөздөрдүн кайсы суроого жооп берип, сүйлөмдө кайсы милдетти аткарып турганын айтып бер.

### СВЕТОФОР

Жанаша турган көзү бар,
Жакшылап айткан «сөзү» бар.
Кызыл, сары, жашыл да,
Так жандоочтун өзү бар.

*(К.Т.)*

Ырды бир нече жолу окуп, эсте тутканың боюнча дептериңе жазып ал.

**44.** Таяныч белгиге карата бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдү түзүп жаз.
Кайсы бир өңчөй мүчөлөргө карата сүйлөмдөрдү түзгөнүңдү түшүндүрүп бер.

1. └, └, └ ___ ═══.
2. └ ___, ___, ___ ═══.
3. └ ___ ═══, ═══, ═══ .

● **45.** Төмөнкү сүйлөмдөрдүн бир өңчөй баяндоочторун таап жаз.

1. Бала ..., ..., ..., ... .
2. Үй ..., ..., ... .
3. Жылкы ..., ..., ... .
4. Коён ..., ..., ... .
5. Артист ..., ..., ... .
6. Айдоочу ..., ..., ... .

Ү л г ү: *Бала жүгүрдү, отурду, ойноду, сүйлөдү.*

Бир өңчөй баяндоочтор кайсы суроого жооп берди?



## ЖАЙ СҮЙЛӨМ

**46.** Төмөнкү текстти окуп чык. Ар бир сүйлөм өзүнчө кандай ойду түшүндүрүп тургандыгын аныктап, айтып бер. Жаз.

Биз токойго бардык. Токойдун ичи абдан салкын экен. Бардыгыбыз отурдук. Ал жерде «Кур таштамай» оюнун ойнодук. Айнура качты. Асылбек кубалады. Ал ага тез эле жетти. Оюнубуз абдан кызыктуу болду. Андан кийин токойдогу дарактардын, чөптөрдүн күз мезгилиндеги өзгөрүшүнө байкоо жүргүздүк. Бардыгыбыз түшкө жакын үйлөрүбүзгө тарадык.

Эми тексттеги сүйлөмдөрдүн айтылыштарын карап көр. Кандай маанидe айтылган сүйлөмдөр деп ойлойсуң? Сүйлөмдөрдүн аягына кандай тыныш белгилери коюлуптур?

*Ооба, бир нерсени кабарлоо, баяндоо маанисинде жайынча айтылган сүйлөм* ***жай сүйлөм*** *деп аталат. Жай сүйлөмдүн аягына (.) чекит коюлат.*

М и с а л ы: ***Эгин өз убагында жыйналды.***

**47.** Ырды түшүнүп, көркөм оку.

### АЛА-ТОО



Ала-Тоо, ак чокуңдан кагылайын,
Арзысам гүлүң болуп тагылайын.
Карыңды көз отума эритейин,
Күүгүмдө шамың болуп жагылайын.

Ала-Тоо, айдыңыңа чөмүлөйүн,
Асканда арча болуп өрүлөйүн.
Чаалыксаң жүгүңдү арт, көтөрөйүн,
Чаңкасаң жамгыр болуп төгүлөйүн.

*(Т. Б.)*

Бул текстпи же текст эмеспи?
Ыр кандай маанидe жазылган?
Ырдын маанисине темасы туура келеби?

**48.** Текстти оку. Сүйлөмдөрдү баш тамга менен баштап, тыныш белгилерин коюп, көчүрүп жаз. Кандай сүйлөмдөр экенин айтып бер.

Билим — байлык ага жеткен кем болбойт аны сенден ууру да алдамчы да тартып ала албайт.

*(Ж. Баласагын)*

**49.** Оку. Бул текстти да жогорудагыдай сүйлөмдөрүн баш тамга менен баштап, тыныш белгилерин коюп, көчүрүп жаз.

Биз мугалимибиз менен тарых музейине бардык музейдин кире беришинен тартып бардыгы кызыктырды андагы көргөзмөлөрдү таң калып карап жаттык элибиздин өткөн турмушун элестеткен документтер кол жазмалар китептер буюмдар бар экен алардын ичинен өзүбүзгө керектүү көргөзмөдөгүлөрдүн сырдуу баяндарынан жазып алдык.

Текст кандай сүйлөмдөрдөн түзүлгөн?
Бул текстке кандай тема коёр элең? Эмне үчүн?

● **49ª.** Газета-журналдардан текст таап жазып, андан жай сүйлөмдөрдү айтып бер.

## СУРООЛУУ СҮЙЛӨМ

**50.** Төмөнкү текстти окуп, түшүнүгүңдү айтып бер.

***Кайда?***

— Ак куунун ою кайда?
— Көлдө.
— Чаяндын ою кайда?
— Чөлдө.
— Азаматтын ою кайда?
— Элде.
— Акыл кайда?
— Акыл башта.

*(Н. Б.)*

Эмненин жардамы менен адамдар өз ойлорун айтышат экен? Тексттеги сүйлөмдөрдүн айтылыштарын байкап көргүн. Жай сүйлөмдөрдү терип оку. Андан кийин калган сүйлөмдөрдү оку. Алар кандай маанидe айтылды? Көчүрүп жаз.



www.bizdin.kg

*Суроо маанисинде айтылган сүйлөм* ***суроолуу сүйлөм*** *деп аталат. Суроолуу сүйлөмдүн аягына суроо (?) белгиси коюлат.*
М и с а л ы: ***Биз киного качан барабыз?***

**51.** Окуп, жалаң суроолуу сүйлөмдөрдү дептерине көчүрүп жаз.

— Саламатсызбы? — деген калтыраган баланын каргылданган үнү угулду. Бала мага эң эле аянычтуу көрүндү. Үмүт кылгансып жал-жал карап, мукактана калды. Баланын кебетеси өтө бош, өтө аянычтуу.



— Сүрөттү жакшы көрөсүңбү? — дедим маңдайын сылап.
— Ооба.
— Тарта билесиңби?
— Билем.
— Фамилияң ким?
— Айтикеев
— Атың ким?
— Жапар.
— Тартканың барбы?
— Бар.

*(А. Т.)*

Жазган суроолуу сүйлөмдөргө карата тема коюп көр. Тема койсо болот бекен? Жазылбай калган сүйлөмдөр кандай сүйлөмдөр болот?

**52.** Текстти оку. Андагы суроолуу сүйлөмдөрдүн кандай маанидe айтылып жаткандыгын байка. Суроолуу сүйлөмдөрдүн баяндоочторундагы **-бы** мүчөсүн алып салып, тыныш белгилерин тууралап, текстти көчүрүп жаз.

— Эртең экскурсияга барабызбы? Мектепке эртең менен саат 8де чогулабызбы? Анан кечке маал келип калабызбы? — деди Айганыш шашкалактап.

— Ооба, топ, фотоаппарат, кийим-кече, тамак-ашыңар даярбы? Эми эс алып, эртерээк келгиле, — деп Бексултан агай жылмайды.

Жазган текстиңди кайра оку. Эмне өзгөрүү болду? Суроолуу сүйлөмдөрдү кантип жай сүйлөмгө айландырдың?

www.bizdin.kg

**53.** Окуп, тексттеги сүйлөмдөрдүн баяндоочторуна **-бы** мүчөсүн улап, тыныш белгилерин тууралап жаз.

Бүгүн биздин үйгө келесиң. Экөөбүз үй тапшырманы аткарабыз. Андан кийин Мамат атанын атына жем берип, сугарабыз.

Кандай сүйлөмдөр пайда болду? Кантип өзгөрттүң?

*Ооба, **-бы** мүчөсүн сүйлөмдүн баяндоочуна улап, суроолуу сүйлөмдөрдү түзүүгө болот.*

**54.** Төмөнкү суроолордун жоопторун жаз.

1. Силердин үй-бүлөңөрдө канча адам жашайт?
2. Атаңдын аты ким?
3. Апаңдын аты ким?
4. Алар кайда иштешет?
5. Бир туугандарыңдын улуусу ким?
6. Ал окуйбу же иштейби?
7. Өзүң канчанчы класста окуйсуң?
7. Кандай окуп жатасың?

Берилген суроолор менен жазган жоопторуңду салыштырып, сүйлөмдөрдүн айырмачылыктарын айтып бер.

## БУЙРУК СҮЙЛӨМ

**55.** Төмөнкү текстти көркөм оку. Андагы сүйлөмдөрдүн айтылыштарын салыштыр.

— Эй, абышка, кайда? Кайда барасың? Токто деййм!
— Кайда? Кайда? Мектепке! Неберем түштөн бери күтүп калды.
— Кайт артыңа! Кайт, болбосо!... Абышка кайрылбады. Орозкул атты таштады да, суу жирей далбактап, жээк түбүнөн Момунга жетип, ийинден аткып, булка тартты.

*(Ч. А.)*

Кайсы чыгармадан үзүндү окудуң? Буйрукту билдирип турган сүйлөмдөрдү тап. Ал сүйлөмдөр кандайча айтылып жатат?



*Ооба, сүйлөөчүнүн өтүнүчүн, каалоосун, буйругун билдирген сүйлөм **буйрук сүйлөм** деп аталат.*
М и с а л ы: ***Сабактан кечикпе!***

**56.** Оку. Эмнеден үзүндү окудуң? Андан буйрук сүйлөмдөрдү көчүрүп жаз.

Алты вазир баланын сөзүнө таңдана түшүштү да:
— «Өлөр өгүз балтадан тайбайт» деген ушубу?— дешти.
— Үнүңдү чыгарбай айтып бер! — деп бирөө комдонду.
— Жаныңды сууруп алабыз! — деп дагы бирөө обдулду.
— «Жылан ийрилигин билбей, бакань майрык» деген имиш. Баланын жанын сууруганда силердин жаныңарды ким суурат? — деген чалдын ачуулуу сөзү алачыктан угулду.

Буйрук сүйлөмдөрдү кайталап окуп, айтылышын байка. Ал сүйлөмдөрдүн аягына кайсы тыныш белгиси коюлду? Мында суроолуу сүйлөмдөр барбы?

**57.** Жай сүйлөмдөрдү суроолуу жана буйрук сүйлөмдөргө айландырып жаз.

1. Сен суроолорго так жооп бердиң.
2. Силер бийлегенди үйрөндүңөр.
3. Жолдогу машиналардан этият болуп өттүң.
4. Сөздү жакшылап уктуң.

Ү л г ү: *Сен суроолорго так жооп бердиңби?*
*Сен суроолорго так жооп бергин!*

Жай, суроолуу, буйрук сүйлөмдөрдү салыштырып окуп, айтылыштарын байкагын. Биринчи сүйлөмдү сүйлөм мүчөлөрүнө ажыратып, сызып көрсөт.

**58.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып буйрук сүйлөмдөрдү түзүп жаз.

Тур, жүгүр, ыйлаба, кечикпегин, оку, сүйлөгүн.

Ү л г ү: *Үйгө тез-тез келип тур!*

**59.** Чекиттердин ордуна суроолор аркылуу тиешелүү сөздөрдү коюп, буйрук сүйлөмдөрдү түзүп жаз. Ал сөздөр сүйлөмдөрдүн кайсы мүчөлөрү?

www.bizdin.kg

Үйдү шыпыргы менен таза ...
Идиштеринди жууп, орду-ордуна ...
Бөбөгүңдү ...
Сабагыңды ...

Буйрук сүйлөмдөрдү жай, суроолуу сүйлөмдөргө айландырып, айтып бер.

## ИЛЕПТҮҮ СҮЙЛӨМ

**60.** Текстти окуп көр.

— Ура! Биз жеңдик! Азаматсыңар, балдар! — деди Салый,

— Силердин командаңар күчтүү турбайбы. Арканды тез эле тартып кеттиңер.

— Ошондой го.

— Эх, силердин командаңарга кошулсам болмок! — деп Адис өзүнчө кобурады.

Кубанууну, кейигендикти билдирген сөздөр кайсылар? Кайталап окуп көрчү. Кандай сезим менен айтылды? Буларды кандай сүйлөмдөр дечү элек, эсиңе түшүр.

*Ооба, күчтүү сезим менен айтылган сүйлөм* **илептүү сүйлөм** *деп аталат. Илептүү сүйлөмдүн аягына (!) илеп белгиси коюлат.*
Мисалы: ***Бах, кыргыз жери кандай көркөм!***

**61.** Оку. Илептүү сүйлөмдөрдү таап, дептериңе жаз.

Нак ушул секундада Динардын үнү чоң эненин арт жагынан чаңк этти:

— Чоң эне! Э, чоң эне!

Чоң эне бурула карады:

— Эмне эркем?

— Бүгүн мен сизге эмне айтканы келдим? Билиңизчи?

— Омор абышка айтып жүрөт деп айтасың.

— Жок, ал эмес!

— «А»ны окудуң, «Б»ны окудуң. Эми андан аркысын оку деп айтканы келдиң.



— Ал дагы эмес! — деп тентек кыз тилин таптап сүйлөдү.

Мен сизди окутпаймын. Мен сизге таарындым. Ошол!

Чоң эне таңдангандай небересине бир тынымдай үнсүз карады да:

— Эмнеге таарындың, эркем? — деди.

— Мага сиз эч нерсе үйрөтпөйсүз. *(Т.С.)*

Илептүү сүйлөмдөрдүн кандай мааниде айтылганын кайталап окуп көр. Текстке кандай тема койсо болот? Тексттеги суроолуу сүйлөмдөрдү ата.

**62.** Тыныч белгилерге карата сүйлөмдөрдү түзүүнү буга чейин эле үйрөнгөнсүң. Аларга карата 3 сүйлөм түзүп жаз.

Сүйлөмдөрдү салыштырып окуп көр.

1. ∟ — — — = .
2. ∟ — — — = ?
3. ∟ — — — = !

Айтылыштарын айырмалап айтып бер.

**63.** Текстти окуп, илептүү сүйлөмдөрдү таап, көчүрүп жаз.

— Тигине, күрөшкө менин байкем чыкты! Көрөсүңөр го, азыр тигини көтөрүп чабат!

— Ай, бала, сүйлөбөй отур! — деди бейтааныш киши. Анын сөзүнө көңүл бурбай:

— Байке, күчтөн! Жыгып сал! — деп Медер ордунан тура калып жатты. Бах, мына ушундай болмок! Ура! Байкем жеңди! Байкемди көрдүңөрбү? — деп ал эки жагын карады. Эл шатырата кол чаап, ага көңүл да бөлүшкөн жок. *(С. Ш.)*

Буйрук сүйлөм менен илептүү сүйлөмдүн айырмасы кандай? Окшоштук жагы барбы?

**63ª** Текстти окуп, андан айтылышы боюнча кандай сүйлөмдөр бар экендигин айтып бер.

– Мектебиңер кандай?

– Үч кабаттуу. Сегиз жүздөн ашык окуучу окуйт.

– Класстык бөлмөлөр көппү?

– Отуз алты класстык бөлмө бар. Көпчүлүгү компьютер менен жабдылган.

–Эх, кандай сонун! Мен быйыл силер менен окуймун.

www.bizdin.kg

● **64.** Берилген таяныч белгилерге карап 4 сүйлөм түзүп, жаз. Алардын айтылыштарын айырмалап айтып бер.

1. └ — — — = .
2. └ — — — = ?
3. └ — — — = !
4. └ — — — = !

Сүйлөмдөр айтылыштарына карай кандай болуп бөлүнөт экен?

## ЖАЛАҢ ЖАНА ЖАЙЫЛМА СҮЙЛӨМ

**65.** Эки катардагы сүйлөмдөрдү салыштырып оку. Баш жана айкындооч мүчөлөрдү эсиңе түшүр.

| | |
|---|---|
| Ата-энелер келишти. | Ата-энелер чогулушка келишти. |
| Мал семирди. | Быйыл мал жакшы семирди. |
| Окуучулар кетишти. | Эртең менен окуучулар экскурсияга кетишти. |

Адегенде жалаң баш мүчөлөрдөн турган сүйлөмдөрдү, анан баш мүчөлөрдөн жана айкындоочтордон турган сүйлөмдөрдү салыштырып окудун.

*Баш мүчөлөрдөн турган сүйлөм* **жалаң сүйлөм** *деп аталат.*
М и с а л ы: ***Бексултан окуп отурат.***

*Баш жана айкындооч мүчөлөрдөн турган сүйлөм* **жайылма сүйлөм** *деп аталат.*
М и с а л ы: ***Бексултан китеп окуп отурат.***

**66.** Текстти оку.

Спорт сарайда күрөш боюнча чоң мелдеш болду. Эл көп келди. Биз бардык. Мелдешке биздин мектептин да окуучулары катышышты. Оюн көпкө чейин созулду. Урмат жеңди. Күрөш аяктады. Эл үйлөрүнө тарашты.

Тексттен жалаң сүйлөмдөрдү терип окуп бер. Калган сүйлөмдөр кандай сүйлөмдөр болот? Аларды жазып, ээ, баяндоочторунун астын сыз. Калган сөздөр эмне деп аталат?



**67.** Төмөнкү текстти окуп көр. Анда кандай сүйлөмдөр бар экен?

Айжан күндөгүдөн эрте ойгонду. Чоң энем анын эрте турганына кубанды. Мен Айжанга жомок окуп бердим. Ал жомокту кызыгып укту.

Дептериңе жайылма сүйлөмдөрдү жалаң сүйлөмдөргө айландырып жазып, китептеги сүйлөмдөргө салыштыр. Сүйлөмдөрдүн маанилерин кандай түшүндүң?

**68.** Чакыруу баракчасынын үлгүсү.

> Чакыруу
>
> Кымбаттуу Бермет эже! Сизди $4^{г}$-класстын окуучуларынын ата-энелерге арналган майрамдык концертине чакырабыз. Концерт мектептин чоң залында 2011-жылы 6-март күнү саат $16^{00}$ дө башталат.
>
> $4^{г}$-класстын окуучулары

Мындагы жайылма сүйлөмдөрдү жалаң сүйлөмдөргө айландырып көрчү. Эмне болду?

**$68^{а}$.** Жалаң сүйлөмдү бир нече жайылма сүйлөмдөргө айландырып жаз.

Сабак башталды.

● **69.** Жогорку чакыруунун үлгүсүн пайдаланып, көргөзмөгө, же мелдешке, же майрамдык кечеге, же туулган күнгө, же ата-энелер чогулушуна карата чакыруу баракчасын жазып коздоп кел.

## ЖӨНӨКӨЙ ЖАНА ТАТААЛ СҮЙЛӨМ

**70.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп, салыштыр.

1. От күйдү.
2. От күйүп, тамак бышты.

Сүйлөмдөрдүн айырмасы кайсы?
Биринчи сүйлөмдү түзүлүшү боюнча кандай сүйлөм дейсиң? Экинчи сүйлөмдүчү? Эмне үчүн?

www.bizdin.kg

*Демек, сүйлөмдөр жөнөкөй жана татаал болуп экиге бөлүнөт. Бир гана сүйлөмдөн турса, жөнөкөй сүйлөм болот.*
Мисалы: ***Күн бүркөлдү.***

***Татаал** сүйлөм маанилик жактан байланышкан эки же андан көп жөнөкөй сүйлөмдөрдөн түзүлөт.*
Мисалы: ***Тамак бышты. Колго суу куюлду*** *(жөнөкөй сүйлөмдөр).*

***Тамак бышып, колго суу куюлду*** *(татаал сүйлөм).*
*Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр үтүр менен ажыратылат.*

**71.** Макалдарды толуктап жаз, үйрөнүп ал.


1. Акылдуунун сөзү кыска, ...
2. Жылан ийрилигин билбей, ...
3. Ит үрө берет, ...
4. Акылсызга айткан кайран сөз, ...
5. Эмгек менен эл көгөрөт, ...
6. Мээнетиң катуу болсо, ...
7. Ыйлап жүрүп арык чапсаң, ...
8. Өтүгү жаман төр булгайт, ...
9. Миң кишинин атын билгенче, ...

Толуктап жазуу менен кандай сүйлөмдөрдү түздүң? Алардын маанилерин түшүндүр.

**72.** Конкурс-кроссворд. Жандырмагын тап.

1. Аталардын баш кийими.
2. Ош – Бишкек жолундагы ашуунун аты.
3. Дененин мүчөсү.
4. Дүйнөгө таанылган кыргыз эпосунун аты.
5. Кумурскалардын жашаган жери.





Андан жөнөкөй жана татаал сөздөрдү айтып бергин. Алардын жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдөн айырмасын түшүндүр. Конкурс — кроссворд түз.

**73.** Тексттерди оку. Берилген эки текстке бир эле тема койсо болобу? Эмне үчүн? Ар бирине өзүнчө тема кой. Сүйлөмдөрдүн тыныш белгилерин коюп, көчүрүп жаз.

1. Менин айылдан шаарга келгениме көп болду шаардын көп жерлерин көрүп чыктым көчөлөр таптаза түнкүсүн шаардын ичи күндүзгүдөй жарык элдер кадимкидей өз турмуштары менен алек болуп жүрүшөт.

2. Кыргыз жери кандай кооз тоолору асман тирейт ушундай жерди деги көрдүңөр беле мен кайда жүрсөм да өз жеримди сагынамын менин кыргыз элим деп сыймыктанамын.

Татаал сүйлөм канчанчы текстте берилген?

● **74.** Оңдогу жөнөкөй сүйлөмдөрдү сол жактагы сүйлөмдөр менен салыштырып оку.

| | |
|---|---|
| Балдар чогулушту. Топ ойношту. | Балдар чогулуп, топ ойношту. |
| Коңгуроо болду. Сабак башталды. | Коңгуроо болуп, сабак башталды. |
| Эл чогулду. Концерт берилди. | Эл чогулуп, концерт берилди. |
| Эгин чабылды. Түшүм мол болду. | Эгин чабылып, түшүм мол болду. |

Алардын кандай окшоштугун жана айырмасын байкадың? Жөнөкөй сүйлөмдөрдөн кандай сүйлөмдөр түзүлдү? Бардык эле жөнөкөй сүйлөмдөрдөн ушундай татаал сүйлөмдөрдү түзө берсе болобу? Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүз?

www.bizdin.kg

**75.** Сүрөттү кара. Боёктордун берилишине көңүл буруп, кайсы мезгил экенин бил. Ага карата аңгеме жазып көр.



Г. Айтиев. Жаркыраган көл.

Аңгемеден татаал сүйлөмдөр кездешеби? Окуп бер.

**76.** Төмөнкү жөнөкөй сүйлөмдөрдү татаал сүйлөмдөргө айландырып көчүргүн.

Жаз келди. Суулар көбөйдү. Күн жылыды. Чөп чыкты. Талаада гүлдөр жайнады. Айлана көрккө бөлөндү. Музыка ойнолду. Чоң концерт башталды. Мугалим класска кирди. Эжем кийизди күнгө жайды.

Кайсы эки жөнөкөй сүйлөм татаал сүйлөмдөргө айландырылган жок? Түшүндүр.

**77.** Жөнөкөй сүйлөмдөрдөн түзүлгөн татаал сүйлөмдөрдүн тыныш белгилерине көңүл бур. Көчүрүп жаз.

1. Китепкана ачылып, балдар китеп алышты.
2. Күн ысып, карлар эрип, суу ташкындады.

Татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр эмнелер менен ажыратылып турат? Ар биринде канчадан жөнөкөй сүйлөм бар? Айтып бер.



**78.** Төмөнкү аңгемени окуп, көчүрүп жаз. Андан татаал сүйлөмдөрдү таап, окуп бер. Татаал сүйлөмдөрдүн жазылышына көңүл бур.

... Бир зор жаңгак бар. Аны эл «он айрык» деп атайт, анткени түбү бир, бирок он айрыкка бөлүнүп, он түп жаңгак өсүп турат. Эл ошондуктан «он айрык» деп ат койгон. Анын ар бир бөлүгү биз көрүп жүргөн ар бир түп жаңгактан чоң. Бийиктиги андан калышпайт, шактары туш-туш тарапка чартактап жайылып, ар бири байтүп жаңгактын ордун ээлеген. Бардыгын бириктирип турган үңгүсү боз үйдүн ордундай жерди мекендеп өсүп чыккан. Ушунун кантип жаралып калганына эч кимдин акылы жетпейт.

*(К. Бор.)*

Аңгеменин мазмунун бир сүйлөм менен айтып көр.

**79.** «Менин сүйгөн кесибим» деген темада аңгеме жаз.

## ТӨЛ ЖАНА БӨТӨН СӨЗ

Сүйлөмдү оку. Эмнени байкадың?

«Быйыл төртүнчү класссты бүтөм», — деди Нурлан. Бул сүйлөмдөгү **деди Нурлан** деген кимдин сөзү? **Быйыл төртүнчү класссты бүтөм** деген кимдин сөзү?

*Демек, бул сүйлөм эки бөлүктөн турат. Өзүбүздүн же автордун сөзү* **төл сөз** *деп аталат. Башка бирөөнүн сөзү* **бөтөн сөз** *деп аталат. Төл сөздөр тырмакчага алынбай жазылат. Ал эми бөтөн сөз өзгөрүлбөстөн айтылса, бүт бойдон тырмакчанын ичине алынып, биринчи сөзү баш тамга менен жазылат.*
Мисалы: ***«Ал үйүндө жүрөт», — деди Керим.***
*Тыныш белгилеринин кандай коюлгандыгын байка.*

**80.** Төмөнкү төл сөздөргө ылайыктап, көп чекиттин ордуна бөтөн сөздөрдөн таап жазгын.

1. «... ... ...», — дедим мен.
2. «... ... ...», — деп апам күлүп жиберди.

3. «... ... ...», — деди жолдон өткөн жолоочу.
4. «... ... ...», — деп сүйүндү байкем.

Эмне үчүн бөтөн сөздөр тырмакчага алынып жазылды?

**81.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп, көп чекиттердин ордуна төл сөздөрдү коюп жаз.

1. «Чындык ийилет, бирок сынбайт», — ... .
2. «Сууну сиңген жерге сеп!» — ... .
3. «Жалкоого алкоо жок», — ... .
4. «Жалкоону жумшаганча тына-тына өзүң бар», — ... .
5. «Кыздуу үйдө кыл жатпайт», — ... .

Эмне үчүн төл сөздөр тырмакчага алынбай жазылды? Акыркы бөтөн сөзгө сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүз.

**82.** Төл жана бөтөн сөз менен берилген сүйлөмдөрдүн жазылышын байка, өзгөчөлүктөрүн түшүндүр. Ар биринин жазылыш эрежесин чыгарып көр.

«Бүгүн күн өзгөчө ысыды», — деди Анара.
«Тез жет!» — деди апам.
«Тапшырманы жаздыңбы?», — деди мугалим.

**83.** Бөтөн сөз жай сүйлөм, суроолуу сүйлөм жана илептүү сүйлөм болгондой кылып, 3 сүйлөм түзүп жаз.

● **84.** Сүйлөмдөрдү оку.

1. «Жеңем шырдагын бүттүбү» деди Сайкал жезем.
2 «Жайлоодон кур дегенде сүзмө, курут ала кел» деди апам узатып жатып.
3. «Сен менин ким экенимди билесиңби» деп ал киши олурая карады.
4. «Апаң келгенче uктачы» деп бөбөгүмдү бешикке бөлөдүм.
5. «Эми канчанчы класска көчөсүң» деп таекем бетимен өптү.
6. «Ура! Биз жеңдик» деп баарыбыз чурулдадык.

Көчүрүп жазып, тыныш белгилерин коюп, төл жана бөтөн сөздөрдү ажыратып айтып бер.



www.bizdin.kg

## ❗ Суроолор жана тапшырмалар

1. Таяныч таблицага карап, суроолорго жооп бер.

**Сүйлөм — ?**

| Жай сүйлөм — ? | Суроолуу сүйлөм — ? | Буйрук сүйлөм — ? | Илептүү сүйлөм — ? |
|---|---|---|---|
| Мисалы: ... | Мисалы: ... | Мисалы: ... | Мисалы: ... |

**Түшүндүрмө:** Сүйлөм — ? Мында сүйлөмдүн эрежеси айтылат. Ал айтылышына карай төрткө бөлүнөт деп, аларды атап чыгасың. Андан кийин жай сүйлөм деген эмне? Бул суроого жооп берип, мисал келтиресиң. Калганын андан ары улантып жооп бер.

2. Сүйлөмдөгү сөздөр кандайча айкашат? Мисал келтир.
3. Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөр кандай болот? Мисал менен түшүндүр.
4. Бир өңчөй ээлери бар сүйлөмгө мисал келтир.
5. Бир өңчөй аныктоочтору бар сүйлөмгө кандай түшүнөсүң?
6. Бир өңчөй баяндоочтору бар сүйлөм кандайча түзүлөрүн мисал менен түшүндүр.
7. Жалаң сүйлөм менен жайылма сүйлөмдүн кандай айырмасы бар?
8. Жөнөкөй жана татаал сүйлөм деген эмне?
9. Төл жана бөтөн сөз катышкан сүйлөмгө мисал келтир.
10. Төл жана бөтөн сөздүн айырмасын түшүндүр.

## ▲ Өзүмдү текшеремин

Туура жоопторду көчүрүп жаз.

1. Кайсынысы сүйлөм?
   а) Күн, кызыл, бат.
   б) Күн кызарып батты.
   в) Кызарып.

2. Жай сүйлөмдүн тыныш белгисин тап.

а) .  б) !  в) ?

3. Жөнөкөй сүйлөм кайсы?

а) Болот окуду, ал айтып берди.
б) Болот окуп, түшүнгөнүн айтып берди.
в) Болот түшүнгөнүн айтып берди.

4. Бир өңчөй баяндоочу бар сүйлөмдү билгизген таяныч белгини тап.

а) ⌊, ⌊ , ⌊= .  б) ⌊ = , = .  в) ⌊ —, — = .

5. Татаал сүйлөм кайсы?

а) Бала ойноду, ээрчиди.
б) Бала ойноп, апасын ээрчиди.
в) Бала апасын, атасын ээрчиди.

6. Кайсы жөнөкөй сүйлөмдөрдөн татаал сүйлөмдөр түзүлөт?

а) Күн ысыды. Суу акты.
б) Күн бүркөлдү. Жамгыр жаады.
в) Күн бүркөлдү. Машина токтоду.

7. Кайсы жөнөкөй сүйлөмдөрдөн татаал сүйлөм түзүлбөйт?

а) Автобус токтоду. Эл түштү.
б) Коңгуроо кагылды. Сабак башталды.
в) Мугалим келди. Поезд жүрдү.

8. Жалаң сүйлөмдү көрсөт.

а) От күйдү.
б) Отту күйгүздү.
в) Максат отту күйгүздү.

9. Жайылма сүйлөм кайсы?

а) Айгүл жазып жатат.
б) Айгүл тез жазат.
в) Айгүл жазды.

### ■ Өз алдымча иштеймин

1. Төмөнкү темага карата ой жүгүртүү менен аңгеме жаз.

**Менин досум.**

2. Окуп, эстегин. Муну каерден окудуң эле? Берилген сүйлөмдү чечмелеп өз түшүнүгүң менен кеңейтип текст жаз.

**Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу бакубат дөөлөткө умтулуу.**



www.bizdin.kg

3. Сүйлөмдү оку. Аны бир нече жайылма сүйлөмдөргө айландырып, күз мезгилин сүрөттөп жаз.

**Күз келди.**

4. Төмөнкү бүтпөгөн ырды толуктап жаз. Андан ары бөбөгүңдүн кылык-жоругун айтып, жакшы көргөнүңдү билдирип, экинчи, үчүнчү куплетин улантып көр.

**Бөбөгүмдү жетелеп,**
**Ойнотомун күнүгө.**
**... ... ... ... ... кызыгат,**
**... ... ... ... ... билүүгө.**

5. Жан-жаныбарлар жөнүндө каалаган теманы коюп, окуган жомокторуңдан башкача жомок жаз. Жомокко карата сүрөттөрдү тарт.

6. Жообу *калем сап, доска, дептер, мугалим* деген сөздөрдүн бирөө болгондой келтирип, табышмак жазып көргүн.

М и с а л ы:  Колума аны кармаймын.
Аппак кагаз бетинде,
Түз жол менен айдаймын.
(к... с...)

7. Жаңылмач жазып көрчү. Мында да мааниси байланышкан, бат айтып жатканда кокусунан адашып кете турган сөздөрдөн пайдалан, каалаган темада жаз.

М и с а л ы:  Китепти аччы,
Ал кандай жакшы.
Жаппастан оку.
Жатпастан оку.
Шашпастан оку.

8. Төл жана бөтөн сөздөрдү катыштырып, «Ушундай да болот экен» деген темада күлкүлүү аңгеме жазып көргүн. Сүрөтүн тартып көрсөт.

www.bizdin.kg

# III. СӨЗ, ТЫБЫШ ЖАНА ТАМГА

**Тыбыш, тамга** жана **сөз** жөнүндө мурда окугандарыңды кайра эсиңе түшүрүп көр.

**85.** Ырдын мазмунун айтып бер.

Бака көлмөдө «бак-бак» дейт,
Уста узанса, «так-так» дейт.
Көл толкуну акырын,
Жээкке урунуп, «шарп-шарп» дейт.

*(Ш. С.)*

Дагы эмнелердин үндөрүн билесиң? Музоонун жана мышыктын үндөрү кандай? Айтып көр. Үндөрдү эмне дечү элек?

Жогорку ырдын сөздөрү эмнелерден түзүлгөн? Ошол сөздөр эмнелердин жардамы менен жазылган?

*Ооба, сөз тыбыштардан түзүлөт. Сөздөрдөгү айрым үндөр* **тыбыш** *деп аталат. Тыбышты угабыз жана сүйлөйбүз. Тыбыштарды жазуу үчүн алынган шарттуу белгилер* **тамга** *деп аталат. Сөздөр тамгалар аркылуу жазылат. Тамганы жазабыз жана көрөбүз.*

**86.** Төмөнкү сөздөрдү оку, жаз.

Жүрөк, от, балык, алтын, шумкар, талаа, уя, лагерь.

Ушул сөздөрдөгү тыбыштарды ата.
Сөздөрдү үлгүдөгүдөй тыбыш жана тамгага ажыратып көрсөт.

Ү л г ү: *Жүрөк* — 5 тыбыш, 5 тамга.



**87.** Төмөнкү сөздөрдү салыштырып оку.

1. Каман — саман — таман — жаман.
2. Күн — ...үн —...үн — үн.
3. Мал — ...ал — ...ал — ...ал — ...ал.
4. Күрөк — ...үрөк — ...үрөк — ...үрөк.

Биринчи саптагыдай **күн, мал, күрөк** деген сөздөрдүн башкы тыбыштарын өзгөртүп жаз. Чекиттердин ордуна коюлуп жазылган тамгалар сөздөрдүн маанилерин өзгөрттүбү? Жыйынтык чыгар.

**87ᵃ.** Табышмакты окуп, жандырмагын тап. Татаал сөз барбы?

Күндүр – түндүр тынбаган,
Жара чапса сынбаган эмне? (С...)

Табышмакка жана жандырмагына тыбыштык талдоо жүргүз.

**88.** Төмөнкү макалдардын маанисин айтып бер. Көчүрүп жаз.

1. Ырыс алды — ынтымак.
2. Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат.
3. Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң.

**Уядан** деген сөздө **канча тыбыш** жана **канча тамга** бар? Эмне үчүн тыбыштар тамгалардан көп болуп калды деп ойлойсуң?

● **89.** Оку. Көчүрүп жаз. Билген макалың болсо, дагы 5ти кошуп жаз.

1. Алтын алба, алкыш ал.
2. Кеңешип кескен бармак оорубайт.

Макалдардагы сөздөрдүн ар бириндe канчадан тыбыш, тамга бар экенин айтып бер.

## 1. ҮНДҮҮ ЖАНА ҮНСҮЗ ТЫБЫШТАР

Ар бир тыбыштын өзүнө тиешелүү тамгалары бар эмеспи. Ошондой эле ар бир тыбыш өзүнүн айтылышы менен өзгөчөлөнөт.

www.bizdin.kg

**98.** Сүрөттү кара.



Сүрөттөн жөргөмүштү көрүп турабыз. Жөргөмүш деген сөздүн ар бир тыбышын атап көр.

**«ж»** — бир аз үн жана шыбыштын жардамы менен айтылды, байкадыңбы?

**«ө»** — эркин чыккан үн менен айтылды.

**«р»** — тилдин учу дирилдеп, бир аз үн жана шыбыш менен айтылып жатат. Калган тыбыштарды ушу сыяктуу текшер. Ошондо үндүн жардамы менен айтылган тыбыштар кайсылар болот? Бир аз үн жана шыбыштын жардамы менен айтылган тыбыштар кайсылар болду?

Ооба, кыргыз тилинде 39 тыбыш бар.
*Тыбыштар үндүү жана үнсүз болуп экиге бөлүнөт.*
*Үндүү тыбыштарды айтканда ооз көңдөйүнөн чыгып келе жаткан аба тоскоолдукка учурабай, үндүн жардамы менен эркин айтылат.*

*Үндүү тыбыштар:* ***а, э, о, ө, у, ү, ы, и*** *— 8*
*жана* ***аа, ээ, оо, өө, уу, үү*** *— 6.*

*Ал эми үнсүз тыбыштарды айтканда ооз көңдөйүнөн чыгып келе жаткан аба тоскоолдукка учурап, бир аз үн жана шыбыштын жардамы менен айтылат.*
*Үнсүз тыбыштар:* **б, в, гы, ги, д, ж, жы, з, й, кы, ки, л, м, н, ң, п, р, с, т, ф, х, ц, ч, ш, щ - 25**



а) Айткандарыңды таблицадан кара:

**Тыбыштар — 39**

| Үндүү тыбыштар — 14 | Үнсүз тыбыштар — 25 |
| --- | --- |
| **а, э, о, ө, у, ү, ы, и,** — 8 жана **аа, ээ, оо, өө, уу, үү** — 6 | **б, в, гы, ги, д, ж, жы, з, й, кы, ки, л, м, н, ң, п, р, с, т, ф, х, ц, ч, ш, щ - 25** |

б) Сөздөргө тыбыштык талдоо жүргүз:

Камыш, тепкич, сөөлжан, суур, жылан.

**91.** Макалдарды оку. Мазмунун айтып бер.

1. Коркконго кош көрүнөт,
Кошогу менен беш көрүнөт.
2. Өйдө карап түкүрбө,
Кайтып түшөт көзүңө.
3. Коркок түштөн чочуйт,
Жалкоо иштен чочуйт.
4. Эл сыйлаган эшикке жатпайт,
Ат сыйлаган жөө баспайт.

Үндүү тыбыштарды атап чык.
Макалдарды жазып ал. Биринчи макалды чечмелеп, текст түзүп көр. Же ошол макалга ылайык башыңан өткөн окуяны баянда.

**92.** Төмөнкү сөздөргө тыбыштык талдоо жүргүзүп, үлгүдөгүдөй жаз.

Каркыра, суур, акылман, туура, кыял, жээкте, балмуздак.

Ү л г ү: *Каркыра* — 7 тыбыш, 7 тамга, 3 үндүү тыбыш, 4 үнсүз тыбыш.

● **93.** Газета-журналдардан текст таап жаз. Акыркы сүйлөмүнө тыбыштык талдоо жүргүз.

## ҮНДҮҮ ТЫБЫШТАР

**94.** Чекиттердин ордуна үндүү тыбыштарды коюп жаз.

Ком...з, жалб...рак, мугал...м, жом...к, мерг...нчи, к...күк, ж...лкы, к...мшекер, өчүрг...ч, ...лек.

Жазган тыбыштардын угулушун, айтылышын байка жана ошол тыбыштар катышкан сөздөрдүн муундарын окуп көр. Эмнени байкадың? Үндүүлөрдүн айтылы-

www.bizdin.kg

шында айырма бар бекен? Кандайча? Айтып көр. Ооба, **комуз** дегендеги **о, у** тыбыштарын айтканда тил артка тартылып, анын түп жагы таңдайды көздөй көтөрүлдү. **Күкүк** дегендеги **ү** тыбышын айтканда тилдин учу алга жүткүнүп, ортосу таңдайды карай бир аз көтөрүлдү.

*Демек, үндүү тыбыштар тилдин кыймылына карай жоон жана ичке үндүүлөр болуп бөлүнөт. Жоон үндүүлөрдү айтканда тил артка тартылып, анын түп жагы жумшак таңдайды көздөй көтөрүлөт.*
*Жоон үндүүлөр: **а, о, у, ы, аа, оо, уу.***
*Ичке үндүүлөрдү айтканда тилдин учу алга карай жүткүнүп, ортосу таңдайды карай бир аз көтөрүлөт.*
*Ичке үндүүлөр: **э, ө, ү, и, үү, өө, ээ.***

Айткандарды схемадан байка.




**95.** Төмөнкү макалдарды оку. Мазмунун айтып бер.

1. Эл ичи — өнөр кенчи.
2. Аз сүйлөп, көп тыңша.

Көчүрүп жаз. Жоон үндүүлөр катышкан сөздөр кайсылар? Ичке үндүүлөр катышкан сөздөр кайсылар? Ал сөздөрдүн угулушун салыштыр.

**96.** Сөздөрдү окуп чык.

1. Тар — төр, тор, тер, тур, түр.
2. Кар — кор, кур, көр, кыр, кер, кир.
3. Кол — көл, кел, кул, кал, күл.
4. Канат — конот, көнөт.

Сөздөрдөгү үндүү тыбыштардын ордуна башка үндүү тыбыштарды алмаштырып коюудан сөздөрдүн мааниси эмне болду? Салыштырып айтып бер.



Бир сапка жоон үндүүлөр катышкан сөздөрдү, экинчи сапка ичке үндүүлөр катышкан сөздөрдү жазып ал.

**97.** Төмөнкү сөздөрдү 2-3 жолу окуп, жатта. Эсиңде калганын китепти карабай жаз.

Музыка, космос, космонавт, аппарат, техника, туяк, каухар, бизнес, цех, спортсмен.

● **97ª.** Жоон үндүүлөр катышкан 5 сөз, ичке үндүүлөр катышкан 5 сөз жазып, тыбыштык талдоо жүргүз.

## КЫСКА ЖАНА СОЗУЛМА ҮНДҮҮЛӨР

**98.** Чекиттердин ордуна биринчи турган сөздөрдүн кыска үндүүлөрүнө карап, созулма үндүү тыбыштарын коюп жаз.

Эк — ээк, өн — ...н, жүн — ж...н, тан — т...н, куш — к...ш, кон — к...н.

Кыска үндүүлөр менен созулма үндүү тыбыштарынын айтылышы менен жазылышында кандай айырманы байкадың? Кыска, созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдү салыштырганда маанилери өзгөрдүбү? Айтып бер.

*Кыргыз тилинде үндүү тыбыштар созулуп айтылышына карай кыска жана созулма үндүүлөр болуп бөлүнөт.*
*Кыска үндүүлөр бирден тамга менен белгиленип, кыска айтылат.*
М и с а л ы: ***а, э, о, ө, у, ү, ы, и** — 8*
*Созулма үндүүлөр бир тамганын кайталанып жазылуусу менен созулуп айтылат.*
М и с а л ы: ***аа, ээ, оо, өө, уу, үү** — 6*

**99.** Чекиттердин ордуна коюла турган сөздөргө кыска, созулма үндүүлөрдү пайдалан. Жаз.

| **а — аа** | **э — ээ** | **о — оо** |
|---|---|---|
| ары — ... | эн —... | ... — төок |
| ... — жаан | ... — ээр | ор — ... |
| сат — ... | жек — ... | ... — боор |
| ... — таар | ... — чээн | жон — ... |

| у — уу | ө — өө | ү — үү |
|---|---|---|
| сук — ... | ... — сөөк | жүн — ... |
| ... — кууш | өн — ... | ... — гүлдүү |
| сур — ... | ... — өгөө | үнду — ... |

Сөздөрдүн маанилерин салыштыр. Айырмасын айтып бер.

*Кыска үндүүлөрдү созулма үндүүлөр менен алмаштырып коюудан сөздүн мааниси өзгөрөт.*

**100.** Текстти окугун. Мазмунун айтып бер. Мында төл жана бөтөн сөз катышкан сүйлөм барбы?

Кээде аларды угуп отуруп, уктап да калат. Бирок мээримдүү апасы урбай-сокпой акырын гана көтөрүп кетет. Ошентип жүрүп, кыска убакыттын ичинде сегиз-тогуздагы Аалы эпостордун баарын жатка билип алды. Куду Урак бакшыга окшоп, мукамына келтирип айта баштагандыктан, кийинчерээк тууган-туушкандары: «Уракты туурап койчу?» — дешип, Аалыдан өтүнүп сурай турган да болуп калышты...

(М. А.)

Созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдү терип жаз. Созулма үндүүлөрдүн айтылышы менен жазылышын айтып бер.

**101.** Төмөнкү сөздөрдүн ичинен катасыз жазылган сөздөрдү терип жаз.

Жуун, жун, коро, короо, самоор, самор, дам, даам, буудай, будай, сусун, суусун, жууркан, журкан, манилүү, маанилүү, марады, маарады.

Кайсы сөздөрдү жазган жоксуң? Эмне үчүн?

● **101ᵃ.** Созулма үндүүлөрдүн ар бирине бештен сөз жаз. Аларды катыштырып, 6 сүйлөм түзүп жаз.



www.bizdin.kg

## ЖУМШАК ЖАНА КАТКАЛАҢ ҮНСҮЗДӨР

**102.** Ырды оку. Түшүнүгүңдү айтып бер.

Жаман адам белгиси —
Өз камы үчүн жүгүрөт.
Жакшы адамдын белгиси —
Эл камы үчүн күйүнөт.

*Токтогул*

Ырдын акыркы сабындагы сөздөрдөн үнсүздөрдү таап, айтып көр. Алар бирдей айтылат бекен? Жумшак үнсүздөр кайсылар? Каткалаң үнсүздөр кайсылар? Алардын айтылышын байка.

*Ооба, ооз көңдөйүнөн чыгып келе жаткан аба тоскоолдукка жумшак учурап, бир аз үн жана шыбыш менен айтылган тыбыштар **жумшак үнсүздөр** деп аталат.*
*Алар:* **б, в, гы, ги, д, ж, жы, з, й, л, м, н, ң, р** — 14.
*Ооз көңдөйүнөн чыгып келе жаткан аба тоскоолдукка учурап, шыбыштын жардамы менен айтылган тыбыштар **каткалаң үнсүздөр** деп аталат:*
*Алар:* **кы, ки, п, с, т, ф, х, ц, ч, ш, щ** — 11.

Айткандарды төмөнкү схемадан байка.

**Үнсүз тыбыштар — 25**

Жумшак үнсүздөр:
**б, в, гы, ги, д, ж, жы, з, й, л, м, н, ң, р** — 14.

Каткалаң үнсүздөр:
**кы, ки, п, с, т, ф, х, ц, ч, ш, щ** — 11.

www.bizdin.kg

**103.** Сөздөрдү окуп, адегенде жалаң жумшак үнсүздөр катышкан сөздөрдү, андан кийин жалаң каткалаң үнсүздөр катышкан сөздөрдү терип жаз.

Кат, кирпи, базар, дүкөн, гүл, сүр, жеңил, аска, китеп, дептер, төшөк, жайлоо, буудай, конок, тегирмен, арка, шумкар, бешик.

Кайсы сөздөр жазылбай калды? Эмне үчүн?

**104.** Жумшак үнсүздөр катышкан беш сөз, каткалаң үнсүздөр катышкан беш сөз жаз. Алардын айтылыштарын салыштыр. Алардагы жоон жана ичке үндүүлөрдү белгилеп, айтып бер.

**105.** Сөздөрдөгү чекиттердин ордуна тиешелүү үнсүз тыбыштарды коюп оку. Көчүрүп жаз.


Да..ак, кө..өкө, маши..а, тө..өк, жар..анат, куру.., ..айнек, база.., ка..емпир, те..кич, ар..а, көп..рө, мо..чок, тобур..ак, ..андык.

Чекиттердин ордуна кандай үнсүздөрдү коюп жаздың?

● **106.** Жумшак үнсүздөр менен башталган 3 сөз, каткалаң үнсүздөр менен башталган 3 сөз таап жазгын. Жумшак үнсүз менен каткалаң үнсүздөрдүн айырмасын билип ал. Жазган сөздөргө тыбыштык талдоо жүргүз.

## ТҮГӨЙЛӨШ ҮНСҮЗДӨР

**107.** Чийме аркылуу берилген сөздөрдү окуп көр. Алардын маанилерин айт. Эмнени байкадың? **т** жана **д** тыбыштарын түгөйлөш десе болобу? Эмне үчүн?




Дагы кандай түгөйлөш үнсүздөр бар?

*Ооба, үнсүз тыбыштардын ичинде жумшак жана каткалаң үнсүздөрдөн турган 6 түгөйлөш үнсүз бар.*
*Алар: б — п, в — ф, г — к, д — т, ж — ш, з — с.*



**108.** Төмөнкү түгөйлөш үнсүздөр катышкан сөздөрдү салыштырып оку.

| | | | |
|---|---|---|---|
| **б:** | бил, аба, бул, бут | **в:** | Валя, Вова. |
| **п:** | пил, апа, пул, пуд | **ф:** | Фая, Флора. |
| **г:** | газ, гүл, жагын | **д:** | дарак, адыр, дат. |
| **к:** | каз, күл, жакын | **т:** | тарак, атыр, тат. |
| **ж:** | Жамал, Ажар, жык | **з:** | зор, зал, азан, каз. |
| **ш:** | шамал, ашар, шык | **с:** | сор, сал, Асан, кас. |

Жазуу иштеринде түгөйлөш үнсүздөрдүн ордун алмаштырып жазып коюудан сөздүн мааниси эмне болорун түшүндүр.

**109.** Схемадан тыбыштардын бөлүнүшүн байка. Андагы тик бурчтуктардын ар бириндеги тыбыштарды толуктап жаз.

Үлгү: Үндүүлөр: *а, о, ...*
Жоон үндүүлөр: *а, о, у, ... ж.у.с.*




Схеманын чийилишине карай тыбыштардын бөлүнүштөрүн айтып бер.

**110.** Ырды оку. Эмнени байкадың? Түгөйлөш үнсүздөрдөн ката кетирилген сөздөрдү тап.

Саргайды талаа береке төккөн,
Жыйналып эгин кампага баары.
Таракты карайм эшикте бир түп,
Шамалга бийлеп шуулдады,
Эжекем күзгү алдында туруп,
Даракты алып ыр ырдады...

*(Ш. С.)*

Ката кетирилген сөздөр аркылуу ырдын мазмуну кандай болуп калды? Оңдоп оку. Жыйынтык чыгар.

**110[а].** Эсиңе түшүр. Окуп, сөздөрдөн кандай үнсүздөрдү байкадың? Түшүндүрүп бер.

Аллея, шоссе, скамейка, группа, доо – тоо, касса, глобус, кант.

● **111.** Төмөнкү түгөйлөш үнсүздөр катышкан сөздөрдү пайдаланып, сүйлөмдөрдү түзүп жаз.

Шок, жок, шаш, жаш, төө, дөө, атат, адат.

Сүйлөмдөгү түгөйлөш үнсүзү бар сөздөрдүн ордун алмаштырып окуп көр. Сүйлөмдөрдүн маанилери эмне болгонун айтып бер.

## 2. АЛФАВИТ

**112.** Оку.

«Азамат, англис тил сабагына катышкандардын аттарын алфавит тартибинде жаз», — деди мугалим.

Азамат тизмени төмөнкүчө жазды:

Бакыт, Айнура, Айша, Каниет, Касиет, Венера, Гүльшан, Дамир.

Азамат тизмени туура жаздыбы? Туура болбосо, эмнеге таянып тууралайсың? Ооба, алфавитке. Анда алфавит деген эмне?

*Белгилүү тартип боюнча жайгаштырылган тамгалардын жыйындысы* ***алфавит*** *деп аталат. Кыргыз алфавитинде 36 тамга бар. Тамгалар жазма, басма жана баш тамга, кичине тамга болуп, өз-өзүнчө белгиленет. Тамгалардын ичинде* **ң** *тамгасынын, ичкертүү* **(ь)** *белгисинин жана ажыратуу белгисинин* **(ъ)** *баш тамгасы жок.*



www.bizdin.kg

**113.** Алфавиттеги тамгаларды аталышы менен катар тартипте жатка айтып бер.

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Аа | Бб | Вв | Гг | Дд | Ее | Ёё | Жж | Зз |
| *а* | *бэ* | *вэ* | *гэ* | *дэ* | *йе* | *йо* | *жэ* | *зэ* |
| Ии | Йй | Кк | Лл | Мм | Нн | ң | Оо | Өө |
| *и* | *ий* | *ка* | *эл* | *эм* | *эн* | *ың* | *о* | *ө* |
| Пп | Рр | Сс | Тт | Уу | Үү | Фф | Хх | Цц |
| *пэ* | *эр* | *эс* | *т э* | *у* | *ү* | *эф* | *ха* | *цэ* |
| Чч | Шш | Щщ | ь | Ыы | ъ | Ээ | Юю | Яя |
| *чэ* | *ша* | *ща* | *ажыратуу белгиси* | *ы* | *ичкертүү белгиси* | *э* | *йу* | *йа* |

**114.** Текстти оку. Эмнелер алфавит тартибинде берилген? Аларды көчүрүп жаз.

Чоң ата 4-класста окуган небересин издеп мектепке келди. Бир класстын эшигинин сыртында $4^{а}$, биринде $4^{б}$, дагы $4^{в}$, дагы $4^{г}$, кийинкисинде $4^{д}$ деген жазуулары бар класстарды карап чыкты.

— О-уу! 4-класс дегени көп турбайбы! — деди ичинен.

— Уулум, Аскаров Адыл деген бала барбы? Мен чоң атасы элем, таппай жатам.

— 4-класстын кайсынысында эле?

— Ошону билбей жатпаймынбы?

— Азыр, жүрүңүз, издеп көрөлү.

Бала бардык 4-класстарды кыдырып сураштырып жатып, Адылды тапты. Көрсө Адыл $4^{г}$-классында экен.

— Өмүрлүү бол, балам. Тамгалар менен белгилеп койбосо, адашкыдай экен, — деди чоң ата.

*(С. Ш.)*

Бул тексттин кайсы түрүнө кирет?

Төл жана бөтөн сөз менен берилген сүйлөмдөрдү байка. Алардын жазылышынын өзгөчөлүгүн түшүндүрүп көр.

**115.** Адамдардын аттарын окуп чыгып, алфавит тартибинде дептерине жаз.

Айпери, Зулайка, Нуржамал, Ширин, Марат, Болот, Кадырбек, Токтогул, Сайкал, Ишенбай, Жоомарт, Ырыс, Урмат, Эрмек, Үлпөт,

www.bizdin.kg

Чынаркүл, Омор, Юнус, Лайли, Фая, Максат, Дилзат, Рахман, Өмүркул, Дүйшөн, Хаким.

Адамдардын аттарын, фамилияларын алфавит тартибинде жазуунун кереги барбы же жокпу? Болсо эмне үчүн керек деп ойлойсуң?

**115**[a]. Алфавитти пайдаланып, тамгалардын катар тартибине башкы тыбыштары туура келген сөздөрдөн таап, жазып чык.

● **116.** Өзүңдүн классташтарыңдын аттарын алфавит тартибинде жазгын.

## БАШ ТАМГА

**117.** Тексттеги баш тамгалардан кетирилген каталарды оңдоп, көчүрүп жаз.

Мен бишкек шаарында жашаймын. Айгерим ош областынын кара-суу районунда турат. Биз бири-бирибизге кат жазышып турабыз. Ал жакында бишкекке келет.

Кайсы сөздөр баш тамга менен жазылды? Эмне үчүн?

*1. Сүйлөм дайыма баш тамга менен башталып жазылат.*
М и с а л ы: ***Кузүндө канаттуулар жылуу жактарга учуп кетишет.***
*2. Энчилүү зат атооч сөздөр баш тамгалар менен жазылат.*
М и с а л ы: ***Нарын дарыясына Он-Арча, Ат-Башы, Көкөмерен, Чычкандын суулары куят ж.б.***

**118.** Текстти окуп, түшүнүгүңдү айтып бер.

Жоомарт бүткүл өмүрүн, талантын, эл-жерине чыгармачылыкка арнаган патриот акын эле. Ал Токтогул, Эшмамбет, Коргоол төкмөлөр чыккан азыркы Токтогул районундагы Мазар-Сай айылында кедейдин үй-бүлөсүндө төрөлгөн.

Баш тамга менен жазылган сөздөр кайсылар? Текстке тема коюп, көчүрүп жаз.



**119.** Чекиттердин ордуна тиешелүү сөздөрдү коюп көчүрүп жаз.

Кыргызстандын түштүгүндө атагы алыска тараган ... токою бар. Ал жакка ... жолу аркылуу барууга болот. Жакында атам экөөбүз ... токоюна бардык. Бара жатканда кубаты күчтүү электр энергиясын берип жаткан ... дарыясын көрдүм.

Ал сөздөрдү кандай тамгалар менен жаздың? Эмне үчүн?

● **120.** «Менин досторум» же «Биздин айыл» деген темада аңгеме жаз. Анда кайсы сөздөр баш тамгалар менен жазылды? Жазганың тексттин кайсы түрүнө кирди деп ойлойсуң?

## ЙОТТОШКОН ТАМГАЛАР

**121.** Сөздөрдү оку. Алардагы **ю, ё, я, е** тамгаларын баса оку. Эмнени байкадың?

Тоют, коён, мыя, чие.

*Ооба, **ю, ё, я, е** тамгаларынын ар бири эки тыбыш менен окулат. Карап көр.*
***ю — йу, ё — йо, я — йа, е — йе***
*ю, ё, я, е йоттошкон тамгалар деп аталат.*
***Й тыбышынан кийин созулма оо, уу келсе, ага созулма үндүүлөрдүн бири кошулуп, ё, ю тамгаларын түзөт да, экинчиси ошол ё, ю тамгаларына уланып жазылат, созулуп окулат.***
*М: кый + уу → кыюу.*

**122.** Сөздөрдү дептерине тууралап көчүрүп, арасынан 4 сөздү катыштырып, 4 сүйлөм түзүп жаз.

койуу, тайоо, байуу, жыйуу, байоо, тойуу, айоо, айуу, буюм.

**123.** Текстти оку. Тема кой.

Фабрикада сайма саюу, жүндү боёп, чийге ороо жана кооз оюмдары көз жоосун алган шырдактар жасоо цехтери ишке киргизилген. Ал жерде жумуштан кечигүү такыр жок. Жумушчулар айдын аягында пландарын ашыгы менен аткарып коюшат.

Көчүрүп жаз. Кайсы сөздөрдө йоттошкон тамгалар бар? Алар кандай тыбыштардан түзүлгөнүн айтып бер. Бул тексттин кайсы түрүнө кирет?

www.bizdin.kg

**124.** Макалдарды оку. Мазмунун айтып бер.

1. Уялбагандан өзүң уял.
2. Уят — өлүмдөн катуу.
3. Боёйт десе, сакалын кошо боёйт.

Көчүрүп жаз, йоттошкон тамгалар кайсы тыбыштарды белгилээрин айтып бер.

**125.** Төмөнкү сөздөрдө канча тыбыш жана тамга бар? Аларды катыштырып, сүйлөмдөр түзүп жаз.

Таёо, суюк, чаян, киет, буюм, уюк, кыяк, тиет.

Түзгөн сүйлөмдөргө сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүз.

● **125[а].** Йоттошкон тамгалардын ар бирине 5тен сөз таап жаз.

## АЙРЫМ ҮНСҮЗДӨРДҮН АЙТЫЛЫШЫ ЖАНА ЖАЗЫЛЫШЫ

**126.** Берилген сөздөрдү бир нече кайталап окуп көр. Алардын жазылышы туурабы?

Окува, увада, сүйлөвө, савак, тавыш, довуш, тавак.

Сөздөрдүн каталарын оңдоп көчүрүп жаз. Ал сөздөрдөн эмне үчүн ката кетти деп ойлойсуң?

***Б** тыбышы үндүү тыбыштардын ортосунда жана **й**, **р** тыбыштарынан кийин **в** болуп айтылат, бирок жазууда **б** жазылат.*

**127.** Текстти оку. Эмнени байкадың? Ооба, кээ бир сөздөр туура эмес жазылган. Тууралап көчүрүп жаз.

— Савакка кеттим, апа, — деди Савира.
— Живек көйнөгүңдү кий! — деп апасы кызын токтотту.
— Жок, Савыр күтүп калат. Кечикпеймин деп увада бердим эле, — деди кызы. Ал табактан алма алып, чуркап кетти.

Сүйлөмдөрдөгү тыныш белгилеринин коюлушун байка. Айтылышы боюнча кандай сүйлөмдөр экендигин айтып бер.



**128.** Сөздөрдү жазып жатып, оку. Кайсы тамгалардын жазылышы менен айтылышы дал келбейт?

Клуб, митинг, завод, багаж, геолог, биолог, куб, экипаж, гараж.

*Ооба, орус тили аркылуу келген аягы **б, г, д, ж** тыбыштары менен бүткөн сөздөрдө бул тыбыштар **п, к, т, ш** болуп угулат, бирок жазылышында **б, г, д, ж** тамгалары сакталат.*

**129.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып 3 сүйлөм түз.

Отряд, багаж, герб.

Кайсы тыбыштардын айтылышы жазылышынан айырмаланып турат?

**130.** Текстти оку.

Апамдын эшиги жабык экен. Көпкө күтүп турбай, көчөгө чыктым. Сагынычым тарабай, эки жакты карадым. Кечки убакта кайда кетти?

Тексттин темасын коюп, көчүрүп жаз.
Окуганыңда кайсы сөздөрдөгү **б** тыбышы **в** болуп айтылды?

● **131. Юра, Мария** деген сөздөрдө канча тыбыш жана канча тамга бар? Бул сөздөрдү кошуп бөтөн жана төл сөздөр катышкан сүйлөм түз. Анын тыныш белгилерин туура кой.


**132.** Төмөнкү сөздөрдү окуп, жазылыштарын байкап, эстеп кал.
Булар — башка тилден келген сөздөр. Кайсы тыбыштардын айтылышы менен жазылышы бирдей эмес?

Авторучка, циркуль, щётка.

*Ооба, бул сөздөрдө **в** тыбышы **ф** болуп, **ц** тыбышы **с** болуп, **щ** тыбышы **ш** болуп айтылат. Башкача айтканда, сөздөрдү жазууда тыбыштардын **в—ф, ц—с, щ—ш** түгөйлөрүнө көңүл буруу керек.*

www.bizdin.kg

**133.** Сүрөттөгү буюмдарды атап жаз. Жазылыштарын байкап, аларды катыштырып, сүйлөмдөрдү түзүп жаз.



**134.** Сөздөрдүн жазылышын эсиңе түй. Көчүрүп жаз.

Автобус, цирк, плащ, шахмат, телефон, цемент, циркуль, конфет, туфли, паровоз, завод.

Кайсы тыбыштарды жазууда ката кетирилиши мүмкүн? Айтылышы менен жазылышы дал келбеген түгөйлөрдү жазып көр.

● **135.** Текстти көчүрүп жаз.

Биз автобус менен циркке бардык. Циркте ар түрдүү айбандардын оюндарын көрдүк. Келе жатканда дүкөндөн өзүмө циркуль, авторучка, альбом сатып алдым. Авторучканы эжеме беремин.

**в, ц** тамгалары катышкан сөздөрдү кайталап окуп көр. Алардын айтылышы менен жазылышын салыштырып айтып бер.

**135а.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып сүйлөмдөрдү түзүп жаз.

Цех, цемент, щетка, кофта,

**136.** Төмөнкү сөздөрдү оку.

Баллон, аппарат.

Сөздөрдөгү катар келген окшош үнсүздөр толук угулдубу? Байка.

*Орус тили аркылуу кирген сөздөрдү айтканда сөздөрдөгү катар келген окшош үнсүздөрдүн бирөөсү гана угулат, бирок жазууда окшош үнсүздөр толугу менен катар жазылат.*
Мисалы: ***коллектив.***



**137.** Сөздөрдөн окшош үнсүздөрдүн катар келген учурларын байкап кара. Орус тили аркылуу келген бул сөздөрдү 2-3 жолу окуп, жатта. Катар үнсүздөрдү дептериңе жазып, жаттап калган сөздөрдү жазып чык:

**лл:** металл, баллон, миллион, аллея.
**мм:** телеграмма, грамм, программа, сумма.
**нн:** тонна, ванна, колонна, Анна.
**кк:** аккардеон, хоккей, аккумулятор.
**пп:** грипп, группа, аппарат.
**рр:** перрон, корректор.
**сс:** касса, класс, шоссе, масса.
**тт:** аттестат, киловатт, аттестация.

Үлгү: **лл:** ***металл, баллон*** ж.б.

Канча сөз жаздың? Китепке салыштыр.

**138.** Текстти оку. Көчүрүп жаз.

Чоң энем аллеяда эс алып жүрөт. Байкем бассейнге кеткен. Атам үйгө төрт тонна көмүр алып келди. Байкем келери менен көмүр ташыйбыз. Ал келгенче бөбөгүмдүн «Алиппе» китебин окутамын.

Катар келген окшош үнсүздөрү бар сөздөрдү кайталап окуп, окшош үнсүздөрдүн угулушун байкап жана алардын жазылыштарын эсиңе сактап кал.

**139.** Катар келген үнсүздөрү бар сөздөрдү бир нече жолу кайталап жатта. Китепти жаап, эсиңде калган сөздөрдү жаз.

Станок, глобус, спорт, арстан, стол, комбайн, студент, Омск, тундра, скрипка, центнер, стакан.

Катар келген үнсүз тамгалардын астын сыз. Алар сөздөрдүн кайсы жеринде жайгашкан? Сөздөрдү туура оку.

Мисалы: *станок* дегенди *ыстанок* десең туурабы?

**140.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү тамгаларды коюп, сөздөрдү көчүрүп жаз.

а...томобиль, кон...ет, паро...оз, а..томат, бор..., ...ирк, митин..., ты...ыш, та...ак, бал...он, кол...ектив, хок...ей, то...на.

www.bizdin.kg

**141.** Туура эмес жазылган сөздөрдү тууралап, алфавит тартибинде көчүрүп жаз.

Сабак, довуш, грип, перрон, клас, акордеон, вана, телеграмма, милион, аккумлятор, атестат, аттестация, балон.

Канча сөздө ката кетирилиптир?

## ИЧКЕРТҮҮ ЖАНА АЖЫРАТУУ БЕЛГИСИ

**142.** Сөздөрдү оку. Эмнени байкадың? Ичкертүү (ь) белгисинин аткарган кызматын түшүндүр.

Медаль, коньки, лагерь, асфальт.

*Ооба, ичкертүү (**ь**) белгиси өзүнөн мурда турган үнсүздү жумшартат, бирок өзү тыбыш болбойт.*

**143.** Ичкертүү (**ь**) белгиси катышкан сөздөргө бир нече мисал келтирип жаз.

Фильм, ...

Канча сөз жаздың?

**144.** Сөздөрдү оку. Маанилери түшүнүктүү болдубу? Эмне жетишпейт деп ойлойсуң?

Подезд, сезд, адютант.

*Ооба, бул сөздөрдүн жазылышы боюнча окуса, айтылыштары туура эмес болуп калат. Ал туура болуш үчүн **е, ё, я, ю** тамгаларын алардан мурда келген үнсүздөрдөн ажыратып айтып окуш керек.*
*Жазууда ал ажыратуу (**ъ**) белгиси аркылуу жүргүзүлөт.*
*Жогорку сөздөрдүн жазылышын байкап, туура айтып, көчүрүп жаз:*
***подъезд, съезд, адъютант.***
*Көңүл бур: ичкертүү (**ь**) белгиси жана ажыратуу (**ъ**) белгиси орус тили аркылуу келген сөздөрдө кездешет. Бул белгилер тыбыш болбойт.*



**145.** Текстти окуп, түшүнгөнүңдү айтып бер. Ичкертүү (**ь**) жана ажыратуу (**ъ**) белгиси катышкан сөздөрдүн айтылышын байка. Ошол сөздөрдү көчүрүп жаз. Жазылышын эстеп кал.

Июнь айы эле. Мен үйүбүздүн биринчи подъезинде турган элем. Аңгыча чоң атам машинадан түшүп калды. Жүгүрүп барып кучактадым. Көзүмө анын көкүрөгүндөгү медаль түштү. Ал медалды күжүрмөн эмгеги үчүн алган. Чоң атам үйгө кирди. Чепкенин чечти.

— Чоң ата, шаарга келгенден кийин пальто эле кийип алсаңыз болмок, — дедим.

— Жок балам! Карыган чакта айылда ичик, чепкен кийген баскан-турганга ыңгайлуу болот, — деди.

Апам да келип калды. Кийин апам экөөбүз чоң атам айылга кеткенче жаңы чепкен тиктирип берели деп сүйлөштүк.

Төл жана бөтөн сөз катышкан сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, тыныш белгилеринин коюлушун байкап, түшүндүрүп бер.

*Көңүл бур: Адатта эки адамдын сүйлөшүүлөрүндөгү бөтөн сөздөр тырмакчага алынбай, алдына сызыкча коюлуп жазылат.*

**146. Съезд** деген сөздү пайдаланып, 3 сүйлөм түз. Анын бирөө суроолуу сүйлөм, экинчиси буйрук сүйлөм болсун. Үчүнчүсү кандай сүйлөм болду? Ар бир сүйлөмдүн мүчөлөрүнүн астын сыз. Аларды айтып бер.

**147.** Сөздөргө мүчө улангандагы түзүлүштүн салыштырып байка. Алардын жазылышынын эрежесин чыгарып көр:

декабр**ь** + да → декабрда
кон**ь**ки + ны → кон**ь**кини

(**ь**) белгиси эмне болду?

*Аягы ичкертүү (**ь**) белгиси менен бүткөн сөздөргө мүчө улангында, ичкертүү белгиси түшүп калат.*
М и с а л ы : ***июнь + да → июнда.***

www.bizdin.kg

*Ичкертүү (ь) белгиси сөздүн ортосуна келген учурда мүчө уланса, ичкертүү (ь) белгиси сакталат.*

Мисалы: *коньки + га →конькиге.*

**148.** Төмөнкү сөздөргө мүчөлөрдү улап, көчүрүп жаз.

Корабль, фильм, фонарь, альбом, календарь, физкультура, Тянь-Шань.

Сөздөргө мүчөлөрдү улагандан кийин кайсы сөздөрдө ичкертүү белгиси сакталды, кайсы сөздөрдө сакталган жок? Эмне үчүн?

**149.** Сүрөт боюнча план түзүп, текст жаз.

ЛАГЕРЬ



Сүйлөмдөгү лагерь деген сөзгө мүчөлөр уланганда эмне болду? Айтып бер.

**150.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, бир нече сүйлөм түз.

Пальто, январь, почтальон, июнь, коньки, съезд.

**150ᵃ. Январь** деген сөздү катыштырып илептүү сүйлөм түз.

● **151. Календарь** деген сөздү катыштырып, жалаң жана жайылма сүйлөмдөрдөн турган текст түзүп жаз. Сүйлөм мүчөлөрүнө ажыратып, талдоо жүргүз.



## МУУН ЖАНА ТАШЫМАЛ

**152.** Сүйлөмдөгү сөздөрдүн муундарга бөлүнүшүн кара.

Эр-мек ча-ка-да-гы су-у-ну а-лып кел-ди.

Кайсы сөздөр муундарга туура бөлүндү?
Муундарга туура эмес бөлүнгөн сөз кайсы? Эмне үчүн туура эмес деп ойлойсуң?

*Ооба, сөздө канча үндүү болсо, ошончо муун болот. Муунда үнсүз тыбыштан кийин үндүү тыбыш келсе* ***ачык муун****, үндүү тыбыш эки үнсүз тыбыштын ортосуна келсе* ***туюк муун****, үндүү тыбыштан кийин үнсүз тыбыш келсе* ***жабык муун*** *дейбиз. Созулма үндүүлөр бир муунду гана түзөт.* ***Су-у-ну*** *эмес,* ***суу-ну*** *болуп муунга ажырайт, ушундайча ташымалданат.* ***Суу*** *- ачык муун < ну - ачык муун<.*

*А-лып ден сөз муунда туура ажырап турганы менен жалгыз а тамгасы саптын аягына калтырылбайт.*

Ташымалдоо бир тамганы саптын аягына же кийинки сапка ташымалдоого болбойт. А-лып дегенде а — ачык муун <, -лып — туюк муун ∨.

**153.** Макалдардын мазмунун айтып бер. Аларды муундарга ажыратып жаз.

1. Акыл айга жеткирет,
Өнөр көккө жеткирет.

2. Өнөрүң болсо, өргө чап.

Муундарга кантип ажыратасың? Кайсы сөздөр ташымалданбайт? Эмне үчүн? Биринчи макалга сүйлөм мүчөлөрүнө карата талдоо жүргүз.

**154.** Сөздөрдү оку. Ташымалданбай турган сөздөрдү көчүрүп жаз.

Шамал, уя, от, өгүз, суу, мугалим, сан, мурас, кол, ээр, жайлоо, үй, өзөн, тоо, темир, бал, базар, куш, кулпу, май, казан.

Аларды муундардын түрлөрүнө оозеки ажырат.

**155.** Ташымалданбай турган сөздөрдүн бир нечесин жаз. Муундарга талдоо жүргүз.

Мисалы: кы-я —< - <,  от — >,  а-нар — < — ∨, ж. б.

**156.** Ырды оку. Мазмунун айтып бер. Тексттин кайсы түрүнө кирет?

Согуш — кайгы, тынчтык эли жек көрөт,
Согуш — тажаал, адамдардан кан төгөт.
Көңүл толгон көрктүү шаар, заводду
Күлгө айлантат, кастык менен бүлдүрөт.

*(А. У.)*

Тынчтык дегенге кандай түшүнөсүң? Ырдагы бир муундуу сөздөр кайсылар? Алар ташымалданабы? Эмне үчүн?

**157.** Оку. Түшүнгөнүңдү айтып бер. Төл жана бөтөн сөзү бар сүйлөмдөр кайсылар? Алардын жазылышын байкап, түшүндүрүп көр.

Айгеримдин бул мектепке келип окуганына аз эле күн болгон. Ал мектепке келе жаткан эле. Кичинекей кыз анын жанынан өтүп бара жатып:

— Саламатсызбы? — деди ага карап.

— Саламатчылык, — деди Айгерим тааныпбаса да. Анын саламдашканы кулагына жагымдуу угулду. Ал дагы алдыда бара жаткан мугалим эжеге жете келип, шашкалактап:

— Саламатсызбы? — деп жиберди.

Текстке тема коюп көрчү? Эмне үчүн ушул теманы тандадың? Тексттин башынан эки сүйлөмдү ташымалдап көчүргүн.

**158.** Сөздөрдү окуп, аларды ташымалдап, көрсөтүп жаз.

Жумушчулар, керемет, окуя, отургуч, аскалуу, коон, аюу.

● **159.** а) Сүйлөмдөрдү оку. Каталары болсо, оңдоп, көчүрүп жаз. Жазгандарың айтылышы боюнча сүйлөмдөрдүн кайсы түрүнө кирет? Түшүндүр.

1. Анара сиркуль менен айлана сызды.
2. Караңгыда окува!
3. Ноябрьдын аягында суук түшүп калабы?
4. «Оор көтөрбө» — деди агам.
5. Шахтерлор көп көмүр казышты.
6. Митинк көпкө созулду.
7. Бар бол, элим!



www.bizdin.kg

б. Сүйлөмдөрдөгү сөздөрдү муундардын түрлөрү боюнча үлгүдөгүдөй талда.

Рахат, Гүлмира, Элвира, Дарьялар альбомдоруна сүрөт тартышты. Аларды абдан кызыгып карап турдум.

Балдар чогулуп, скамейкага, төшөккө отурушту.

М: китеп → < - ∨, албетте → > - ∨ - <. ж. б.

### ▲ Өзүмдү текшеремин

1. Кайсы сөздө беш тыбыш бар?
   а) тоого б) коён в) жээни
2. Кайсы сөз туура жазылган?
   а) афторучка б) авторучка в) апторучка
3. Кайсы сөздө ката бар?
   а) келбе б) бербе в) сурава
4. Кайсы сөз сүйлөмдүн ортосунда келсе, баш тамга менен жазылбайт?
   а) Бишкек б) Бешик в) Бейшенбек
5. Ичкертүү (**ь**) белгиси катышкан сөздүн кайсынысы ката жазылган?
   а) конькини б) медальды в) лагерде
6. Кайсы сөз ташымалданбайт?
   а) жаан б) така в) айры
7. Туура эмес ташымалданган сөз кайсы?
   а) бе-кер б) та-кыр в) ак-ыр
8. Жалаң үндүү тыбыштан турган сөздү көрсөт.
   а) уя б) ая в) ээ

### ❢ Суроолор жана тапшырмалар

1. Сөз эмнелерден турат?
2. Тыбыш менен тамганын айырмасын айтып бер.
3. Алфавит деген ... (*сүйлөмдү улант*)
4. Алфавиттин **к** дан **с** ке чейинки бөлүгүн ирети менен атап, жазып чык.
5. Алфавиттин акыркы 5 тамгасын ирети менен жаз.

www.bizdin.kg

6. Йоттошкон тамгалардын түзүлүшүн түшүндүр. Аларды жаз.
7. Ичкертүү (ь) жана ажыратуу (ъ) белгилери тыбыш боло алабы? Анда аларды эмне үчүн кээ бир сөздөрдө пайдаланып жазабыз?
8. Ичкертүү (ь), ажыратуу (ъ) белгилери катышкан сөздөр кыргыз тилиндеги сөздөрдө кездешеби? Тексттеги ал сөздөр кайсы тил аркылуу келген?
9. Орус тили аркылуу келген сөздөрдөгү айрым үнсүздөрдүн айтылышын жана жазылышын мисалдар менен түшүндүр.
10. Түгөйлөш үнсүздөрдү жазып чык.
11. Баш тамга менен кандай сөздөр жазылат?
12. Муун менен ташымалдын кандай айырмасы бар?
13. Кайсы учурда ташымалдоо муунга карата жүргүзүлбөйт?
14. Таяныч таблицаны пайдаланып, жооп бер.




**Түшүндүрмө:** Кыргыз тилинде 39 тыбыш бар. Алар үндүү тыбыштар жана үнсүз тыбыштар болуп экиге бөлүнөт деп, үндүү тыбыштардын санын, эрежесин айтып, тыбыштарды атайсың. Калганы да ушундайча улантылат.



# 3. СӨЗДҮН ТҮЗҮЛҮШҮ

## УҢГУ ЖАНА МҮЧӨ

**160.** Оку. Сол жактан эмнелерди окудуң? Алар сүйлөм боло алабы?

| | |
|---|---|
| Туптунук тоо... аба..., | **-нун, -сы** |
| Башка... барк..., даба... . | **-ча, -ы, -сы** |
| Таң... жел айма... өт... , | **-кы, -п, -көндө** |
| Таза... адам бала... . | **-рат, -сы.** |

*(А. Ж.)*

Чекиттердин ордуна оң жактагы тиешелүү жазууларды коюп жаз. Эмне түзүлдү?
**М:** Туптунук тоонун абасы.

*Ошол уланган бөлүк сөздүн* ***мүчөсү*** *деп, негизги маани берген бөлүгү* ***уңгу*** *деп аталат.*
Мисалы: ***тоо + -нун → тоонун***
*Мында* ***тоо*** *— уңгу,* ***-нун*** *— мүчөсү болот.*

Ушул сыяктуу кылып жогорудагы тексттеги сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыратып айтып бер.

**161.** Окуп, түшүнгөнүңдү айтып бер. Көчүрүп жаз. Андагы сөздөрдү уңгу, мүчөгө тик сызык аркылуу ажыратып көрсөт.

Ү л г ү: ***бала | нын***

Адам — курсактын кулу.

*М. Кашкари*

Билим — адамзаттын орток казынасы.

*Ж. Баласагын*

Андагы мүчөлөрдү атагын. Кайсы сөздөргө мүчө уланган жок?

**162**[a]. Схемадагы сөздүн мүчөлөр менен кандай өзгөргөнүн кара.

китеп — **-лар** — китептер
китеп — **-кана** — китепкана
китеп — **-ны** — китепти
китеп — **-га** — китепке

**Китепкана** деген сөздүн маанисин түшүндүр. Ал **китеп** деген сөздүн мааниси менен дал келеби?

**Китеп** деген сөздүн мааниси кайсы мүчө уланганда таптакыр өзгөрүп кетти? Кайсы мүчөлөр сөздөрдүн мааниси өзгөрбөстөн формасы өзгөрдү?

*Демек, кээ бир мүчөлөр сөздүн маанисин өзгөртүп жаңы сөздү пайда кылат. (Мисалы,* ***-кана****), кээ бирөөлөрү сөздүн формасын гана өзгөртөт (Мисалы,* ***-лар, -ны, -га****).*
*Мүчөлөр маанисине, аткарган кызматына карай экиге бөлүнөт.*
*1. Сөз жасоочу мүчөлөр.*
*2. Сөз өзгөртүүчү мүчөлөр.*

**Мүчөлөр**

| Сөз жасоочу мүчөлөр | Сөз өзгөртүүчү мүчөлөр |
|---|---|
| **-кана, -чы, -стан, -кеч, -мер, -ма, -ым, -гак, -ыш, -гач** | **-лар, -ны, -га, -да, -дан, -нын, -ым, -ың, -ыбыз, -ыңар** |

б. Сөз жасоочу мүчөлөр катышкан 10 сөз, сөз өзгөртүүчү мүчөлөр катышкан 10 сөз жаз.

● **163.** Төмөнкү макалдарды окуп, жаз.

1. Жалкоонун эртеңи түгөнбөйт.
2. Калптын казаны кайнабайт.
3. Ынтымактуу үйгө ырыс түнөйт.

Сөздөрдү уңгу, мүчөлөргө ажыратып айтып бер.
Мүчөлөр уланган сөздөрдүн маанилери өзгөрдүбү, жокпу, байка.



www.bizdin.kg

## СӨЗ ЖАСООЧУ МҮЧӨЛӨР

**164.** Сөздөрдү оку.
Алардын түзүлүшүн төмөнкү чиймеден байка.

Мал — **-чы** — малчы
Ыр — **-чы** — ырчы
Баш — **-чы** — башчы

Ар бир сөз өзүнчө эмне жөнүндө түшүнүк берди? Аларга мүчө улаганда алардын мааниси эмне болду? Кимдер жөнүндө түшүнүк берди?

*Ооба, сөз жасоочу мүчөлөр уңгуга уланганда сөздүн мааниси да, формасы да өзгөрөт.*
Мисалы: ***аш + кана → ашкана. Аш** — бул тамак, ал эми **ашкана** — тамактануучу жай.*
*Жаңы маанидеги сөздөрдү төмөнкүдөй сөз жасоочу мүчөлөр пайда кылат:* **-чы, -мер, -кеч, -поз, -стан, -кана, -ма, -ым, -гыч, -гак, -ыш, -ынды** *ж. б.*

**165.** Сөздөрдү оку. Аларга суроо коюп, кайсы сөз түркүмүндөгү сөздөр экендигин эсиңе түшүр. Аларга **-поз, -чы, -кана, -мер, -стан, -кеч** деген мүчөлөрдү улап жаз.

Илим, китеп, үй, иш, кыргыз, кыял.

Жазганыңды оку. Суроо кой. Кандай маанидеги сөздөр пайда болду?

*Ооба, сөз жасоочу мүчөлөр аркылуу зат атоочтон жаңы маанидеги зат атооч сөздөр жасалды.*
*Демек,* **-поз, -кана, -чы, -стан, -кеч, -мер** *зат атоочтон зат атоочту жасоочу мүчөлөр болуп саналат.*

**166.** Сүрөттөргө карап, тиешелүү сөздөрдү жаз. Кайсы сөздөргө сөз жасоочу мүчөлөр уланды? Айтып бер.



www.bizdin.kg

**167.** Бир нече зат атооч сөздөрдү таап, алардан жаңы зат атооч сөздөрдү түзүп жаз.

Саан — саанчы, иш —..., ..., ... .

**168.** Окуп, эсте. Булар кайсы сөз түркүмүндөгү сөздөр? Аларга ылайык келген **-ма, -ым, -гак, -ыш, -гыч, -ынды** сөз жасоочу мүчөлөрдү улап көчүрүп жаз.

Кес, бас, таң, күрө, ил, шыпыр.

Жазганыңды оку. Китептеги сөздөрдөн кандай айырма бар? Кайсы сөз түркүмүндөгү сөздөрдү түздүң?

*Туура, сөз жасоочу* ***-ма, -ым, -гак, -ыш, -гыч, -ынды*** *мүчөлөрү аркылуу этиш сөздөрдөн зат атооч сөздөрдү жасадың. Аталган мүчөлөр этиштен зат атоочту жасоочу мүчөлөр болуп эсептелет.*

**169.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жаз. Кара тамга менен басылган сөздөрдү салыштырып, сөз жасоочу мүчөлөрдүн астын сыз.

1. Мен **китепканадан китеп** алдым.
2. Эжем **кесме кести.**

**-кана, -ме** деген мүчөлөр кайсы сөз түркүмүндөгү сөздөрдү жасады?

**170.** Чекиттердин ордуна тиешелүү зат атооч, этиш сөздөрдү таап жаз. Алардын маанилеринин өзгөргөн себебин түшүндүр.

...поз, ...чы, ...кана, ...кеч, ...ма, ...ым, ...гыч, ...ыш.

**170[а].** Сөз жасоочу мүчөлөр катышкан 8 сөз таап жаз.

## СӨЗ ӨЗГӨРТҮҮЧҮ МҮЧӨЛӨР

**171.** Төмөнкү сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыратып жаз.

Мектептен, окууга, окуучу, гүлдү.

Кайсы мүчө сөздүн маанисин өзгөрттү? Кайсы мүчөлөр сөздүн маанисин өзгөрткөн жок? Карап көр.

*Ооба, сөз өзгөртүүчү мүчөлөр уңгуга уланганда сөздүн маанисин өзгөртпөстөн формасын гана өзгөртөт.*
М и с а л ы : **үй + -да = үйдө** *ж.б.*
*Мында* **үй** *деген сөзгө* **-да** *мүчөсү уланып, анын маанисин бөлөк мааниге өткөрө алган жок.*



**172.** Текстти окуп жаз. Кара тамга менен басылган сөздөрдү уңгу мүчөлөргө ажырат.



Ысык-Көл өзүнүн катылып жаткан сырлары менен илим үчүн азыркы **күнгө** чейин кызыгууну туудурат.

**Ысык-Көлгө** баруучулар кууш жана тик келген Боом капчыгайын басып өтөт. Боом **капчыгайынын** капталдарындагы бурчук-бурчук чыгып турган **аскалар** улам артта кала берет. Алыста чыгып турган зоокалар кулап кетчүдөй болуп **адамды** таңдандырат. **Капчыгайдан** чыгып, улам көлгө жакындаган сайын Чүй суусунан алыстай бересиң. Көл **жээги** өзгөчө жай мезгилинде өтө жандуу жана көрктүү болот.

Мүчөлөр сөздүн маанисин өзгөрттүбү? Алар кандай мүчөлөр деп аталат? Бул тексттин кайсы түрүнө кирет?

**173.** Сөздөрдү оку. Аларды катыштырып жай, суроолуу жана буйрук сүйлөм түзүп жаз.

Кыргызстан, таңгак, балдар, гүлгө.

Сүйлөмдөрдү кандай мүчөлөр уланган сөздөрдөн түздүң?

**173а.** Сөз өзгөртүүчү мүчөлөр катышкан 15 сөз жаз.

● **174.** Сүрөт боюнча текст түз. Ээ жана баяндоочторунун астын сыз.



Сүйлөмдөрдөн сөз өзгөртүүчү мүчөлөр уланган сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыратып көрсөт.

www.bizdin.kg

## УҢГУ СӨЗДҮН АЯККЫ ТЫБЫШЫНА КАРАТА МҮЧӨНҮН БАШКЫ ТЫБЫШЫНЫН ӨЗГӨРҮШҮ

**175.** Схемада берилген уңгу сөздөргө **-лар, -ны** мүчөлөрүнүн уланышын карап оку.

алма, калпак, кийиз → **-лар** → алмалар, калпактар, кийиздер

тоо, гүл, сабак → **-ны** → тоону, гүлдү, сабакты

Мүчөлөрдүн башкы тыбышынын өзгөрүшүн байка, кайсы учурда мүчөнүн башкы тыбышы каткалаң болуп калды?

*Эгерде уңгунун аягындагы тыбыш үндүү же жумшак үнсүз болсо, мүчөнүн башкы тыбышы жумшак үнсүз болот.*
Мисалы: ***ата + -га → атага, шаар + -га → шаарга.***
*Уңгунун аягындагы тыбыш каткалаң болсо, мүчөнүн башкы тыбышы да каткалаң үнсүз болот.*
Мисалы: ***булак + -лар → булактар, топ + -лар → топтор.***

**176.** Ырды оку. Түшүнгөнүңдү айтып бер. Кара тамга менен басылган сөздөрдөгү мүчөлөрдүн башкы тыбыштарынын жумшак, каткалаң үнсүз болуп калышынын себептерин түшүндүр. Кайталап оку. Эске тутканын боюнча китепти жаап, бир куплетин жаз, салыштыр.



**Күндөн** алып **кубатты,**
Күндөн алып азыгын.
Мөмө-жемиш, жашылча,
Боёнушат жашырын.

Ошон үчүн алма-өрүк,
**Күндөй** кызыл, сары да.
Ошон үчүн **жемиштер,**
**Ден соолукка** дары да.

*(К. Ж.)*





**177.** Текстти окуп чык. Чекиттердин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү коюп, көчүрүп жаз.

Эртең менен эрте жол... чыктык. Суусамыр... барууну көптөн бери самап жүргөнбүз. Жол алыс. Машинадан эки жак... карап баратабыз. Төө-Ашуу... жолу менен бирде өйдө, бирде ылдый түшүп жүрүп отуруп, Суусамыр жайлоосуна да келип калдык.

Чекиттердин ордуна коюп жазган мүчөлөрдүн башкы тыбышы менен уңгу сөздөрдүн аякы тыбыштарын салыштырып оку. Эмнени байкадың? Айтылышы боюнча кандай сүйлөмдөр?

**178.** Чекиттердин ордуна берилген мүчөлөргө туура келе тургандай уңгу сөздөрдү таап жаз.

...дой, ...ка, ...ну, ...лор, ...те, ...лөр, ...тан, ...гө, ...ны, ...да.

Эмне үчүн каалагандай эле уңгу сөздөрдү коюп жазган жоксуң?

● **179.** 3 сүйлөм жаз. Сүйлөмдөрдөгү сөздөрдү уңгу, мүчөлөргө ажыратып, айтып бер.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Сөздүн уңгусу деген эмне? Мүчөсү деген эмне?
2. Сөздүн кандай мүчөлөрү бар?
3. Сөз жасоочу мүчөлөр деген эмне?
4. Сөз өзгөртүүчү мүчөлөр кандай болот?
5. Уңгунун аякы тыбышына карай мүчөнүн башкы тыбышы кандайча өзгөрөт?

### ▲ Өзүмдү текшеремин

1. Уңгу түрүндөгү сөз кайсы?
а) кой б) койчу в) койлор
2. Сөз жасоочу мүчө уланган сөздү тап.
а) китепке б) китептер в) китепкана

www.bizdin.kg

3. Сөз өзгөртүүчү мүчө уланган сөз кайсы?
а) өнөрпоз б) өнөргө в) өнөрлүү

4. **-лар** мүчөсү кайсы сөзгө уланганда анын башкы тыбышы катталан болот?
а) козу б) тоо в) улак

5. **-да** мүчөсү кайсы сөзгө уланганда анын башкы тыбышы өзгөрбөйт?
а) шаар б) баш в) бак

6. Сөз өзгөртүүчү мүчө кайсы?
а) **-гак** б) **-лар** в) **-стан**

7. Сөз жасоочу мүчөнү тап.
а) **-кеч** б) **-ны** в) **-ке**

## 4. СӨЗДҮН ТҮРЛӨРҮ

### УҢГУЛАШ СӨЗДӨР

**180.** Берилген уңгу сөздөргө мүчөлөрдү жалгап, чекиттердин ордуна жаз.

Комуз — ...чу, ...дай, ...суз, ...га.
Мал — ...чы, ...га, ...да, ...дан.

Биринчи саптагы сөздөрдүн уңгулары кайсы? Экинчи саптагы сөздөрдүн уңгуларычы? Ар бир саптагы сөздөрдүн уңгулары кандай болду? Уңгулары окшош сөздөрдү кандай сөздөр десек болот? Эсиңе түшүр.

*Демек, уңгулары бирдей маанидеги сөздөр* **уңгулаш сөздөр** *деп аталат.* Мисалы: ***иш — ишкер, ишсиз, иштүү, ишке.*** *Бул сөздөрдүн уңгулары —* ***иш.*** *Ошондуктан булар* **уңгулаш сөздөр** *болот.*

**181.** Табышмактын жандырмагын тап. Көчүрүп жазып, уңгулаш сөздөрдүн астын сыз.

Ичи ичинде,
Ичегиси сыртында.
(...з)



**182.** Текстти окуп, айтып бер. Тема коюп, көчүрүп жаз. Уңгулаш сөздөрдү таап, астын сыз. Эмне үчүн алар уңгулаш сөздөр болот?

Биздин айыл тоого жакын жайгашкан. Айылдын четинде дөңсөө да бар. Кышында айылдагы балдар бош убактыларында дөңсөөгө барып, лыжа, чана тебишет. Жайкысын айылыбыздын аксакалдары дөңсөөдө отуруп алышып, өткөн-кеткендерден кеп салып, эс алышат.

**183.** Уңгулаш сөздөрдү терип, өзүнчө сапка жаз. Канча сап жаздың?

Окуу, жумушчу, фермер, окуга, оюнчук, окуучу, жумуштун, дүкөн, көнүгүү, окууну, эсеп, жумушка, отун, жумуш.

Эмне үчүн калганы уңгулаш сөздөр эмес? Алар кайсы сөздөр?

**184.** Оку. Канча муундан турган сөздөр экен? Уңгулаш сөздөрдү катыштырып төрт сүйлөм түз.

Төрт, төртгү, төртүнчү, төрттөй. Бар, баруучу, барат, барган.
Мектеп, мектепке, мектепте, мектептердин.

Уңгулаш сөздөргө кандай мүчөлөр жалганыптыр? Алар кайсы сөз түркүмүндөгү уңгулаш сөздөр?

**185. Китеп** деген сөзгө сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдөн жалгап, бир нече уңгулаш сөздөрдү түзүп жаз. Алардын мүчөлөрүнүн башкы тыбыштарын аныктап айтып бер.

● **186. Алма** деген сөздү катыштырып 3 сүйлөм түз. Уңгулаш сөздөрдүн мүчөлөрүн белгиле. Мүчөлөр кандай тыбыштардан башталды?

### ЖӨНӨКӨЙ ЖАНА ТАТААЛ СӨЗДӨР

**187.** Сөздөрдү оку. Алардын маанилерин жана түзүлүштөрүн салыштыр.

1. Тебетей. 2. Ысык-Көл.

Бир сөздөн турган сөз кайсы? Эки сөздөн түзүлгөн сөз кайсы?

*Демек, сөздөр түзүлүшүнө карай экиге бөлүнөт.*
*1. Жөнөкөй сөздөр.*
*2. Татаал сөздөр.*

www.bizdin.kg

*Жөнөкөй сөздөр бир гана сөздөн туруп, бир маанини түшүндүрөт.* Мисалы: ***басмакана, үйлар, саат.***
*Татаал сөздөр эки же андан ашык сөздөрдөн туруп, бир маанини түшүндүрөт.* Мисалы: ***таш бака, Ысык-Көл.***
*Татаал сөздөр түзүлүшүнө карай дагы төмөндөгүдөй болуп бөлүнөт.*
*1. Кош сөздөр.*
*2. Кошмок сөздөр*
*3. Кыскартылган сөздөр.*

**188.** Сүрөт боюнча аңгеме түз.



Андагы жөнөкөй сөздөргө суроо коюп айтып бер.

**189.** Текстти оку. Кара тамгалар менен басылган сөздөрдү дептерине көчүрүп жаз.

Дарыянын көпчүлүгү булактан башталат. Тоонун дарыялары таштан-ташка урунуп, тез агат. Кыргызстанда тоо дарыялары жана өзөндөрү көп. Тоо өзөндөрүнүн ирилери **Нарын, Чүй, Сары-Жаз, Талас, Кызыл-Суу** жана башкалар.

Эмнелердин аттарын жаздың? Эмне үчүн баш тамгалар менен жазылды? Жөнөкөй жана татаал сөздөрдү айырмалап айтып бер.

**190.** Табышмактардын жандырмагын тап. Көчүрүп жазып, татаал сөздөрдүн астын сыз.

1. Күнү-түнү жүрсө да, бир кыр ашпайт.
(...н)



2. Коруй-коруй ийре тептим,
Короосуна кийре тептим.
(ф... т...)

3. Жайы-кышы жашыл,
Бул кандай асыл?
(...ч...)

4. Денеси темир, куйругу узун,
Жылт-жылт этет,
Жүгүрүп өтөт.
(...й...)

Табышмактагы татаал сөздөр кайсылар?
Табышмактардын жандырмактары кандай сөздөр болот?
Кайсынысы суроолуу сүйлөм? Калгандарычы?

**191.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, үч сүйлөм түз.

Токой, бака жалбырак, мончок.

Жөнөкөй сөздөр кайсылар? Алар канча муундан турат?
Сөздөрдү муундардын түрлөрү боюнча талда.

● **192.** Татаал сөз катышкан 4 сүйлөм түз. Алардын бирөө төл жана бөтөн сөздөн турган сүйлөм болсун. Жазганың текст болдубу, же сүйлөмдөр болдубу?

## КОШ СӨЗДӨР

**193.** Төмөнкү сөздөрдү оку.

Төшөк-мөшөк, кайта-кайта, ага-ини, тамак-аш, бат-бат, күрүч-мүрүч.

Ар бири өзүнчө мааниге ээ болгон сөздөрдү атап бер. Эки кайталанып жазылган сөздөр кайсылар? Биринчиси маани берип, экинчиси маани бербеген сөздөрдү айтып бер. Алардын жазылыштары кандай экен? Эки сөздөн турганы менен алардын берген маанилери кандай болуп жатат? Байкап көр.

www.bizdin.kg

*Ооба, эки сөздөн түзүлүп, бир маанини түшүндүргөн, жуп-жубу менен айтылган сөздөрдү* ***кош сөздөр*** *дейбиз.*
*1. Кош сөздөрдүн бирөө маани берсе, экинчиси маани бербеген учуру болот.*
М и с а л ы: ***бала-чака, чай-пай, ун-пун.*** *Мында* ***бала, чай, ун*** *жөнүндө гана түшүнүк алабыз ж.б.*
*2. Кээ бир сөздөрдүн эки кайталанышы менен кош сөздөр түзүлөт.*
М и с а л ы: ***уга-уга, тез-тез, бат-бат.***
*3. Кээ бир сөздөрдүн биринчи сөзү жана экинчиси да мааниге ээ болушу мүмкүн.*
М и с а л ы: ***ата-эне, эже-сиңди.***
*Кош сөздөрдүн ортосуна (-) дефис коюлат.*

**194.** Макалдарды оку. Түшүнүгүңдү айтып бер. Көчүрүп жаз.
Кош сөздөрдүн астын сыз. Биринчи сөзү жана экинчиси да мааниге ээ болгон кош сөз кайсы? Калган кош сөздөр кандайча түзүлгөн?

1. Жакшы болмок аста-аста,
Жаман болмок бир паста.
2. Көрө-көрө көсөм болот,
Сүйлөй-сүйлөй чечен болот.
3. Тил албасты жумшаганча,
Тына-тына өзүң бар.
4. Ийгиликтин эрте-кечи жок.

**195.** Берилген биринчи сөздөргө карата экинчи сөзүн таап, кош сөздөрдү түзүп жаз.

Ызы- кайта- бала- нан- идиш-
жон- эже- мал-

Кош сөздөрдүн кандайча болуп түзүлгөндүгүн түшүндүрүп бер.

**196.** Табышмактардын жообун тап. Китепти жаап, жатка жаз, салыштыр.

1. Ай талаада ак сандык,
Оозу-мурду жок сандык. (ж...)



2. Былк-былк, былк семиз,
Кабыргасы жок семиз. (... ыр)

Табышмактагы кош сөздөрдүн биринчи жана экинчи сөздөрүнүн маанилерин салыштырып айтып бер. Алардын жазылышын байка.

**197.** Төмөнкү кош сөздөрдүн жазылышын байка. Аларды катыштырып, 3 сүйлөм түзүп жаз. Жазгандарыңдын бирөө илептүү сүйлөм болсун.

Чай-пай, кыт-кыт, жем-чөп, тез-тез, ата-эне, улуу-кичүү.

● **197ᵃ.** Кош сөздөрдөн 10ду жаз.

## КОШМОК СӨЗДӨР

**198.** Сүйлөмдү оку.

а. Апам **боз үйдүн** жасалгаларын бүтөрү менен **Ысык-Көлгө** барат.

Кара тамга менен басылган сөздөр кайсы сөздөрдөн түзүлгөн? Алардын тутумундагы сөздөр өз-өзүнчө маани бере алабы, окуп көрчү?

б. Эки-үч сөздөн т у р г а н , өз-өзүнчө маани берген бир нече сөздөрдү таап жаз.
Мисалы: Соң-Көл, сары ала, ак бата, ... ... ...

*Өз-өзүнчө турганда мааниге ээ болгон эки же андан артык сөздөрдүн айкалышынан түзүлүп, бир маани берген сөздөрдү* ***кошмок сөздөр*** *дейбиз.*
М и с а л ы: ***алп кара куш, Соң-Көл, кол кап.***
1. Географиялык аталыштарды билдирген кошмок сөздөрдүн ар бири баш тамга менен башталып жазылып, ортосуна (-) дефис коюлат.
М и с а л ы : **Ак-Буура, Жалал-Абад.**
2. Жалпы айтылган кошмок сөздөр, кичине тамга менен айрым жазылат.
М и с а л ы : **темир жол, көз айнек, жел боо, таш бака.**

www.bizdin.kg

**199.** Сүйлөмдөрдөн кошмок сөздөрдү тап. Аларды дептериңе көчүрүп жаз.

Кыргызстанда Арпа, Ак-Сай, Чон-Алай, Суусамыр, Соң-Көл, Кара-Кужур, Каркыра, Чаткал, Көк-Ойрок, Көкарт деген атактуу жайлоолор бар. Ысык-Көл, Чатыр-Көл, Сары-Челек сыяктуу көлдөрүбүз менен сыймыктанабыз.

Кошмок сөздөрдүн жазылышын түшүндүр.

**200.** Төмөнкү кошмок сөздөрдү катыштырып, бир нече сүйлөм түз.

Кол чатыр, калем сап, бака жалбырак, Кум-Төр.

Кайсы кошмок сөздөр кичине тамгалар менен жазылды? Кум-Төр деген сөз кандайча жазылды?

**201.** «Чебер кыздар» деген темада аңгеме түз.



**Туш кийиз, аяк кап** деген кошмок сөздөрдүн тутумундагы сөздөрдүн маанилерин, алардын жазылыштарын түшүндүрүп айтып бер.

**202.** Сөздөрдүн жазылыштарын байка. Каталарын оңдоп, көчүрүп жаз.

Сары жаз, ташбака, көз-айнек, талдысуу, күн түнү, кызгылт, жылт жылт.



**203.** **Тез-тез** деген сөздү пайдаланып, суроолуу сүйлөм түз. Анын ээсин, баяндоочун белгиле. Айкындоочу сөздөрү барбы?

● **204.** Текстти оку. Көчүрүп жаз.

Кыргыздар арчаны илгертеден бери эле турмуш-тиричиликке кеңири пайдаланып келишкен. Ал аба тазартуу жана дары-дармек жасоо үчүн өстүрүлөт. Жапалак арчалар жергебиздин бардык тоолорунда кездешет. Ноокаттагы Кыргыз-Ата арча токою дүйнөгө белгилүү.

*(Балдар энциклопедиясынан)*

Татаал сөздөрдүн астын сыз. Кош сөздөр кайсылар? Кошмок сөз кайсы? Жазылыштарында окшоштуктар барбы? Айырмачылыктарчы? Айтып бер.

## КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨР

**205.** Төмөнкү сөздөр кандайча кыскартылды? Окуп көр, салыштыр.

1. Электрондук эсептөөчү машина — ЭЭМ.
2. Педагогикалык институт — désinstitut.

Биринчи сөздөрдүн эмнелери калтырылып кыскартылган? Экинчи сөздөр кандайча кыскартылып жазылыптыр?Кыскартып жазуунун айырмалары бар бекен?

*Ооба, бир нече толук маанилүү сөздөрдүн кыскартылган түрү* ***кыскартылган сөздөр*** *деп аталат.*

*Сөздөр төмөндөгүдөй кыскартылат.*

*1. Сөздөрдүн башкы тамгалары калып, калганы кыскартылат: КМУУ — Кыргыз мамлекеттик улуттук университети.*
*2. Сөздөрдүн башкы бөлүктөрү калып, калгандары кыскартылат: райатком — райондук аткаруу комитети.*
*3. Башкы сөздүн бир нече тамгасы кыскартылып, кийинки сөз толук берилет: мединститут — медициналык институт.*
*4. Башкы сөз толук берилип, кийинки сөздөр кыскартылат: Кыргызмамбас — кыргыз мамлекеттик басмасы.*

www.bizdin.kg

**206.** Төмөнкү сөздөрдү салыштырып оку, жазып ал.

БАЖТ — Бишкек автожол техникуму.
БКТ — Бишкек курулуш техникуму.
КЖК — Кыргызстан жаштар кошуну.
Профсоюз — профессионалдык союз.
БГУ — Бишкек гуманитардык университети.

Кандай кыскартылыптыр? Алардын жазылыштарын салыштырып айтып бер.

1. *Башкы тамгалары калтырылып, калгандары бүт кыскартылган сөздөр баш тамга менен жана бирге жазылат:* ***КЖК, БПУ, КММА*** *ж.б. мүчөлөрү уланса, КЖКга, КТРдин болуп жазылат.*
2. *Башкы муундары же бир нече башкы тамгалары калтырылып кыскартылган сөздөр энчилүү ат катары колдонулса, баш тамга менен башталып жазылат: Кыргызмамбас.*
   *Эгерде жалпы ат катары колдонулса, кичине тамга менен жазылат: облсовет, пединститут.*
3. *Адамдардын аты-жөнү кыскартылганда баш тамгалары гана калтырылып, арасына чекит коюлат.*
   Мисалы: ***Ч. А. — Чыңгыз Айтматов, Т. С. — Түгөлбай Сыдыкбеков.***
   *Адамдардын аттары кыскартылып, фамилиясы толук жазылышы мүмкүн:* ***А.Токомбаев — Аалы Токомбаев.***

**207.** Текстти окуп, көчүрүп жаз.

Улуу агам АКШда окуп жатат. Айнура эжем Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинде окуйт. Мен А. Осмонов атындагы орто мектебинин 4-классындамын.

Кыскартыла турган сөздөрдү таап, кыскартып айтып бер. Кыскартылган сөздөрдүн толук берилишин түшүндүр. Бул тексттин кайсы түрүнө кирет?



**208.** Төмөнкү сөздөр кандайча түзүлгөн? Аларды кыскартылган сөздөр десе болобу?

Кайнене, кайната, таене, Жумакан.

Сөздөрдү үлгүдөгүдөй кылып жаз,

Үлгү: **таята — тай + ата**.

**209.** Сөздөрдү кыскартып жаз.

Кыргыз билим берүү академиясы, Кыргыз мамлекеттик улуттук университети, Ош педагогикалык университети, педагогикалык колледж.

**210.** Орус тилинде кыскартылган сөздөрдү чечмелеп жазып көр.

ООН, КГНУ, БГУ, ОшГУ, ЖАГУ, КНР, педсовет.

**211.** Татаал аттарды улап жаз. Алар кандай аттардан түзүлөрүн түшүндүр.

Керимбүбү, Турдалы...

**212.** Сөздөрдү көчүрүп жаз.

Бүгүн, таяке, таята, таеже, быйыл, кайни, байке.

Сөздөрдүн түзүлүшүн түшүндүр. Маанилерин чечмелеп бер.

**213.** Төмөнкү сөздөрдү кыскартып жаз.

Райондук совет. Областтык сот. Чыңгыз Айтматов. Жогорку Кеңеш. Райондук аким. Ички иштер министрлиги.

● **214.** Кыскартылган сөздөрдөн пайдаланып, 3 сүйлөм түзүп жаз. Ал кыскартылган сөздөрдүн жазылышын айтып бер.

6—БК–5/1

www.bizdin.kg

## СИНОНИМДЕР ЖАНА АНТОНИМДЕР

**215.** Түгөй сөздөрдү окуп, маанилерин салыштыр. Жазылыштары кандай экен?

Адам — киши. Узун — кыска.

Эмнени байкадың?

*Ооба, сол жактагы сөздөр айтылышы башка болгону менен маанилери окшош. Булар синоним сөздөр. Оң жактагы сөз - дөрдүн маанилери карама- каршы. Мындай түгөйлөр* ***антонимдер*** *деп аталат.*

Аларга өзүң эреже чыгарып көр.

**216.** Төмөнкү сөздөрдү эки мамычага бөлүп жаз. Аны эмненин негизинде аткарасың?

Айыл — кыштак, жоон — ичке, чогулуш — жыйналыш, акылдуу — эстүү, алыс — ыраак, күлкү — ый, жакшы — жаман, таза — кир.

**217.** Макалдарды оку. Синоним сөздөрдү алмаштырып жаз. Кайсы номерлерди бириктирдиң? Макалдардын мааниси өзгөрдүбү?

1. Адам – адам менен адам.
2. Эсиң барда этегиңди жый.
3. Эмгектенсең нандын баркын билесиң.
4. Кишиге кылган жакшылыгыңды сатпа.
5. Акыл айга жеткирет.
6. Иштесең ийгилигин көрөсүң.

**218.** Төмөнкү зат атооч сөздөрдүн синонимдерин таап жаз.

Киши — ... , карышкыр — ..., аңчы — ..., айыл—..., тукум — ..., асман —..., добуш — ..., азык — ..., маңдай — ... .

Маанилеринде айырма бар бекен? Айтылыштарындачы?

**219.** Сын атооч сөздөрдүн синонимдерин таап, чекиттердин ордуна коюп жаз.

Акылдуу —..., байкуш—..., толук —..., катуу —..., татынакай —..., булганыч —... .

Ү л г ү: ***акылдуу — эстүү*** ж.б.



**220.** Этиш сөздөрдүн синонимдерин чекиттердин ордуна коюп жаз.

Күлкү — ..., иштеди—..., узатты — ..., жолукту — ..., кайтарды — ..., аткарды — ..., байла — ..., чене — ... .

Этиштин синонимдеринин айтылышы менен маанилерин айтып бер.

● **221.** Сөздөрдүн синонимдерин жаз. Ал синоним сөздөрдү катыштырып сүйлөм түз.

Жогору — ..., мурда — ..., алыс — ..., эми — ... .

**222.** Антоним сөздөрдү таап, толуктап жаз.

Көл — ..., тынчтык — ..., күлкү — ..., күн — ..., өмүр — ... .

Кайсы сөз түркүмүнө кирет?

**223.** Төмөнкү сөздөрдүн антонимдери кайсылар? Булар кайсы сөз түркүмүнөн түзүлгөн антоним сөздөр? Көчүрүп жаз.

Узун — ..., улуу — ..., ачуу — ..., жыттуу — ..., катуу — ..., арык — ..., жакшы — ..., таза — ..., жарык — ..., ак — ... .

**224.** Макалдарды оку. Синоним жана антоним сөздөр катышкан бирден макалды көчүрүп жаз. Антоним сөздөрдүн астын сыз.

1. Эски дос эстен кетпейт,
   Жаңы дос баркка жетпейт.
2. Атак айтууга оңой, жетүүгө кыйын.
3. Эмгекчил таң атарын күтөт.
   Жалкоо күн батарын күтөт.
4. Адам эмгеги менен көгөрөт.
5. Кишинин көңүлү кирчил болот.



www.bizdin.kg

**225.** Төмөнкү сөздөрдүн антонимдерин тап.

Өйдө — ..., күндүз — ..., кечинде — ..., алга — ..., алыс — ..., көп — ... .

Антоним сөздөрдөн катыштырып, 2 сүйлөм түзүп, сүйлөмдөрдүн маанисин салыштырып көр.

**226.** Берилген сөздөрдүн антонимдерин таап жаз.

Күлдү — ..., айыкты — ..., турду — ..., берди — ..., кубанды — ..., алды — ..., келди — ..., уктады — ..., чачты — ..., жат — ... .

Антоним сөздөр кайсы сөз түркүмүнөн түзүлгөн? Алар бири-бирине кандай маанide айтылды?


● **227.** Текстти оку. Сүйлөмдөрдөн баяндооч сөздөрдү таап, алардын синонимдерин коюп, көчүрүп жаз.

Айдарбек жуунду. Апам үйдүн ичин заматта иреттеди. Тушоо тойду Асылдын атасы башкарды. Атам Аймончоктун тушоосу кесилгенден кийин там-туң басканына сүйүндү.

**228.** Табышмакты тап. Антоним сөздөрдү айтып бер.

Чычкан десем, канаты бар,
Түндө учмай адаты бар.
Кулагы бар, укпайт күндүз,
Ойлосоңор табасыңар. (ж...)

Кайсыл сөз түркүмүндөгү антоним сөздөр бар экен?



## ! Суроолор жана тапшырмалар

1. Синоним деген эмне?
2. Антоним деген эмне?
3. Зат атооч синонимдерден мисал келтир.
4. Зат атооч антонимдерден мисал келтир.



5. Этиш синонимдерден мисал келтир.
6. Уңгулаш сөздөр деген эмне?
7. Жөнөкөй сөздөр менен татаал сөздөрдүн айырмасы кандай?
8. Таяныч таблица боюнча айтып бер.

**Татаал сөздөр — ?**

| Кош сөз — ? | Кошмок сөз — ? | Кыскартылган сөз — ? |
|---|---|---|
| Мисалы: ..., ... | Мисалы: ..., ... | Мисалы: ..., ... |

## ▲ Өзүмдү текшеремин

1. Уңгулаш сөздөрдү көрсөт.
   а) балдар, кыздар, китептер
   б) балдар, балдарды, балдардан
   в) балдар, окуучу, окуя
2. Кош сөз кайсы?
   а) кыл кыяк б) темир жол в) чай-пай
3. Кошмок сөздү тап.
   а) ата-эне б) Ысык-Көл в) кол-сол
4. Кыскартылган сөздү көрсөт.
   а) пединститут б) Жалал-Абад в) кол чатыр
5. Жөнөкөй сөз кайсы?
   а) Ысык-Ата б) Ысык-Көл в) Ысык
6. Татаал сөздү көрсөт.
   а) чайнек б) чай в) чай-пай
7. Синоним сөздөр кайсы?
   а) өйдө — төмөн б) эс — акыл в) баатыр — коркок
8. Антоним сөздөрдү тап.
   а) иш — жумуш б) мыкты — жакшы в) жакшы — жаман

www.bizdin.kg

### Өз алдымча иштеймин

Төмөнкү бардык сөздөрдүн биринчи муундарынын аягына тиешелүү болуп турган кайсы тамга, кандай тамга? Андагы бир муундан, эки муундан, үч муундан турган сөздөрдү ирети менен атагын. Ал сөздөрдү катыштырып, бир нече сүйлөм түзүп жаз. Текст болдубу же болгон жокпу?

Ба — Л — та
ка — Л — пак
а — Л — ты
ба — Л — муздак
жа — Л — коо
жы — Л — кычы

**2.** Ырды окуп, тема кой. Мазмунун түшүнгөнүң боюнча жаз.

Кереметин үрөндөй өнүп чыгар,
Келген муунуң таңыркап болуп кумар, сапар улар...
Басарга жолум болгон,
Сунарга колум болгон элдик ырлар.
(А.Ө.)

**3.** Төмөнкү сөздөрдүн үндүүлөрүн созулма үндүү тамгалар менен алмаштырып жаз. Андагы ар бир сөздү катыштырып, сүйлөмдөрдү түз. Тамгалары алмаштырылган сөздөрдүн сүйлөмдөгү маанилерин салыштыр. Эмне болгонун байка.

сан —
тар —
шар —
сат —
бор —
тур —



**4.** Тамгаларды алфавит тартибинде жазып чык.
а, ж, б, д, и, з, г, л, н, м, к, о, й, ө, ң, с, ы, т, у, п, э, ү, ш, ч, я, р, в, щ, е, ц, ю, х, ъ, ф, ь, ё —36.
Алфавитте: а, ..............................................................................................
..............................................................................................................
а) үндүү тамгалар: а, ..........................................................................
Алардын жоон үндүүлөрүн тегеректеп көрсөт. Калганы кандай үндүүлөр?
б) үнсүз тамгалар: б, ..........................................................................
..............................................................................................................
Алардын жумшак үнсүздөрүн тегеректеп көрсөт. Калганы кандай үнсүздөр?
в) Кыска үндүүлөрдү созулма үндүү тамгаларга айландырып жаз.
а —..., о —..., у — ..., ү — ..., э — ..., ы — ..., и — ... .
Кайсы үндүүлөр созулбайт?

**5.** Төмөнкү сөздөрдөгү калтырылган тамгаларды таап жаз. Ал сөздөрдү солдон оңго, оңдон солго карай окуп көр. Эмне байкадың? Ошондой сөздөрдүн бир нечесин таап, аларды татаал сөздөргө айландырып жаз.

| | |
|---|---|
| н ... н | кү ... үк |
| ка ... ак | та ...ат |
| то ...от | ү ... ү |

Кайсы сөздөрдү татаал сөздөргө айландыра алган жоксуң? Эмне үчүн?

**6.** Асылбектин жомогун оку. Кетирген каталарын оңдоп, көчүр. Аны андан ары улант. Сенин жомогуң кандайча бүтөр экен.

## МЫШЫК

Мышыктын ээси ага ар түрдүү тамак берип, эркелетип бакчу. Бирок мышык чычкандын этин аябай сагынып, жегиси гелди. Бир гүнү ал чычкандын ийинин издеп жөнөдү. Акыры чычкандын ийинин да тапты. Ийиндин жанында чычкандарды аңдып отура берди. Чычкандар анын келгенин жытынан билип чыкпай гоюшту. Мышык күтө берип чарчады. Акыры: Чычкан баатыр, эшигинди ашчы, конок

www.bizdin.kg

болуп келдим, — деди акырын. — Келвей эле гой. Сен мышык турвайсыңбы? — деп шыкаалап турган чычкандардын бири ары кашты. Мышык эмне кыларын билбей, ойлоно баштады. ... .

**7.** Сөздөрдү оку. Чекиттердин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү коюп, сөздөрдү байланыштырып, текст түз.

Мен... туулган күн... бол... . Досум мен... куттук... үй... кел... . Ал ма... китеп, гүл бер... . Анын ал... кел... китеб... кызык экен. Аны мен эки күн... оку... кой... .

Мүчөлөр сүйлөмдө кандай кызмат аткарат экен? Эмне жөнүндөгү текст түзүлдү? Өзүңдүн туулган күнүңдү кантип өткөрдүң? Өтө элек болсо, кантип өткөрөсүң? «Туулган күнүмдө» деген тема коюп, текст жаз.


**8.** Синоним сөздөрдөн канчаны билесиң? Жаз.

Колкап — мээлей, ...

Антоним сөздөрдөн канчаны билесиң? Жаз.


Баатыр — коркок, ...

**9.** 5 оттун атын тап.



**10.** "Куйрук улаш" кроссворд

Улам алдыңкы сөздүн аркты тыбышына уланып, кийинки сөз табылат.



1. Шырдак тиккенде сөөмөйгө салынат. 2. Ээрди жырык, өзү күлүк жаныбар. 3. Күндө желүүчү азык. 4. Күн чыкканда чачырап тиет. 5. Гүлдүн аты. 6. Малды байлоочу буюм. 7. Майрамдын аты.



# IV. СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮ

**229.** Төмөнкү сөздөрдү оку. Алар маанилери боюнча эмнелерди билдирет? Ар бирине суроо кой.

Эне, түштү, силер, элүү, кызыл, былтыр, үй.

*Ооба, сөздөргө ар кандай суроолор коюлат — ким? эмне? кандай? эмне кылды? качан? канча? ж.у.с.*

*Сөздөрдүн маанилери да түрдүүчө. Бири заттын атын билдирсе, бири өңдү-түстү же санды, же кыймыл-аракетти билдирет. Сөздөр аталган маанилерине карай топторго бөлүнөт. Ошол топтор **сөз түркүмдөрү** деп аталат. Алардын аттарын эсиңе салчы.* М и с а л ы: *зат атооч, ..., ..., ...*

**230.** Төмөнкүнү оку. Ар бир топтогу сөздөргө тиешелүү сөз түркүмдөрүн туура келтирип оку. Сага белгисиз сөз түркүмдөрү барбы? Алар кайсылар?

1. Келди, оку, бара жатат, жылмайды — ат атооч
2. Ак, боз, кара, чаар, бийик, жакшы — сын атооч
3. Эне, боз үй, үй, тегирмен, мектеп — сан атооч
4. Биз, ал, силер, алар, сен — зат атооч
5. Он беш, элүү, төртүнчү, жүз — этиш
6. Бүгүн, былтыр, эртең менен, күзүндө — тактооч

**231.** Ар бир топтогу сөздөргө суроо коюп, эмнени билдирерин айтып, кайсы сөз түркүмүнө тиешелүү экенин такта.

1. Тоо, гүл, булак, бала, шаар.
2. Ал, сен, биз, силер.

3. Беш, төртүнчү, жетөө.
4. Жазды, окуп жатат, сүйлөдү.
5. Кызыл, семиз, ачуу, жарык, жумшак.

**232.** Таблицаны байка. Сөз түркүмдөрүнүн аттарын, суроолорун эсиңе сакта. Сага тааныш эмес сөз түркүмү кайсы?

**Сөз түркүмдөрү**

| Зат атооч | Этиш | Сын атооч | Сан атооч | Ат атооч | Тактооч |
|---|---|---|---|---|---|
| *Ким? Эмне? Кимиси? Эмнеси?* | *Эмне кылды? Эмне кылат? Эмне кылып жатат?* | *Кандай?* | *Канча? Нече? Канчанчы? Неченчи?* | *Ким? Эмне? Кимдер? Эмнелер?* | *Качан? Кайсы убакта? Кайда? Каерде?* |
| Асан, ат, окуучу, тоо, мектеп ж.б. | окуду, жазат, ойноп жатат ж.б. | Кызыл, ак, жакшы, даамдуу ж.б. | Он, беш, биринчи, жүз ж.б. | Мен, сен, ал, сиз, сиздер ж.б. | Эртең, быйыл, бүгүн, азыр ж.б. |

**233.** Окуп, ар бир сөздү сөз түркүмдөрүнө ажырат.

Жакшы, кетти, күз, ойлуу, бала, он эки, көл, каймак, уктады, салык, сандык, узун, кескелдирик, кырк, ак, саргайды, көп.

Көчүрүп, сөздөрдүн үстүнө кайсы сөз түркүмү экенин белгилеп, талдоо жүргүз.

Ү л г ү: жакшы (сын атооч), ...

**234.** Макалды оку. Андагы сөздөрдү сөз түркүмүнө ажыратып айтып берип, көчүрүп жаз.

Жакшы кыз — жакадагы кундуз,
Жакшы уул — асмандагы жылдыз.

Дагы бир макал таап жазып, аны да сөз түркүмдөрүнө ажырат.



www.bizdin.kg

● **235.** Төмөнкү сөздөрдүн синонимин же антонимин таап, үлгүгө карап жаз.

Ак, барды, бөрү, жүгүр, асман, тиктеди, жаан, таттуу.
Ү л г ү: *семиз — арык*

Булар кайсы сөз түркүмдөрүнө кирет?

**236.** Сүйлөмдөрдү тиешелүү сөздөр менен толуктап жаз.

1. Заттардын атын билдирген сөздөр — ...
2. Затты жалпылап көрсөтүүчү сөздөр — ...
3. Заттын өңү-түсүн, сынын, даамын, жытын, формасын билдирген сөздөр — ...
4. Заттын санын, иретин билдирген сөздөр — ...
5. Заттын кыймыл-аракетин көрсөткөн сөздөр — ...
6. Окуянын болгон ордун, мезгилин билдирген сөздөр — ...

Ар бир топ кайсы сөз түркүмүн билдирерин айтып бер.
Кайсы топтун атын атай алган жоксуң?

**237.** Макалды оку. Андагы сөздөрдү сөз түркүмүнө ажыратып айтып берип, көчүрүп жаз.

Жакшы ат камчы салдырбайт.

Макалда канча сөз айкашы бар экен? Мааниси боюнча айкашкан сөздөрдү атагын.

**238.** Текстти оку. Андагы сөздөрдү сөз түркүмүнө ажыратып, талдоо жүргүз.

Кычыраган кыш келди. Күндүн суугу бети-колду тызылдатат. Кар жамынган бак-дарактардын бутактары үшүгөндөй ылдый ийилет.

Текстте кош сөздөр барбы? Алардын кош сөздөр экенин кантип далилдей аласың?

● **239.** Ырды окуп, андагы сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө ажыратып айтып бер.

Ак падыша Оруска,
Каты кеткен даткайым.
Огандагы кыргыздар,
Сыйын билген даткайым.
Кытайдагы кыргыздар
Кыйын билген даткайым.

Кыз Курманжан бир киши,
Кызыгын сөздүн баштаса,
Кыңк этпей уккан миң киши.
Аялдан чыккан бир киши,
Акылын уккан миң киши.
(Эл оозунан)

Жандуу заттарды анан жансыз заттарды атап бер.

www.bizdin.kg

# 1. ЗАТ АТООЧ

Ар бир сөз түркүмүн айрым-айрым карап, үйрөнөбүз.

**240.** Төмөнкү сөздөрдөн жалаң ***ким? эмне?*** деген суроолорго жооп берген сөздөрдү терип оку.

Шайыр, кетмен, жаман, оку, сары, жүгүр, чан, тунук, жаңгак, сүрөтчү, жакшы, жыйырма, шамал, кенен, бас, учкуч, төрт, торпок, элүү, өйдө.

Булар кайсы сөз түркүмү болот? Анткени эмнелердин аттарын билдирип турат?

*Ооба, заттын, нерсенин атын билдирген сөздөр* ***зат атооч*** *деп аталат. Зат атооч* ***ким? эмне? кимдер? эмнелер?*** *деген суроолорго жооп берет.* ***Ким?*** *— Окуучу.* ***Эмне?*** *— Суу. Эмне? — Төө.* Ким? деген суроо адамдарга гана берилет.

**241.** Төмөнкү учкул сөздөрдү оку, мазмунун айтып бер. Көчүрүп жазып, зат атооч сөздөрдүн астын сызып көрсөт.

1. Тилек болсо, билек табылат.
2. Акылдуу ой издейт, акмак оюн издейт.
3. Билим — карыбас, өнөр — арыбас.
4. Эл амандыкты тилейт,
   Душман жамандыкты тилейт.
5. Күч менен акыл келишсе — ийгилик,
   Эмгек менен эрк жарашса — жеңиш.

Ким? деген суроого жооп берген зат атооч сөздөр кайсы макалдарда кездешти?

**242.** Текстти окуп, андан зат атооч сөздөрдү таап айтып бер.

ЖӨРГӨМҮШ

Чынында жөргөмүш соргок болот. Жөргөмүштөр токойлорду, жемиш бактарды, зыянкечтерден сактайт. Кадимки дөңгөлөк шекилдүү желе токуган жөргөмүштөрдү көп кезиктирүүгө болот. Мына, жаңгак дарагына ал желесин керди. Жаңгактын данына окшоп, ал желесинин так ортосунда асылып турат. Жибек жиби менен чон



чымынды ороп алды. Аны ийик ийригендей чырмап салды. Жөргөмүштөр катуу азыктарды жей алышпайт, олжосунун канын гана сорушат.

*(«Байчечекей» журналы)*

Эмне үчүн бул тексттин темасы «Жөргөмүш» деп коюлган? Тексттин мазмунун бир сүйлөм менен алмаштыр.

**243.** Көп чекиттердин ордуна өзүнөрдүн билгенинерче заттардын атын билдирген сөздөрдү таап жаз.

1. Адамдар: ..., ..., ..., ... .
2. Жаныбарлар: ..., ..., ... .
3. Идиш–аяктар: ..., ..., ..., ... .
4. Окуу куралдары: ..., ..., ... .

Кайсы сөздөр ким? деген суроого жооп берди? Калгандарычы? Эмне үчүн? Окуу куралдарынын сүрөтүн тарт.

**244.** Табышмактын жообун тап. Зат атооч сөздөргө суроо коюп, жазып ал.

От да ичине жагылат,
Суу да ичине куюлат.
Биринчи аны көргөндө,
Бир керемет туюлат.
Ал буюм кээ бир үйдө бар,
Ал эмне, таап ал.

(с...)

Зат атооч сөздөргө кайсы суроолор берилди?
Табышмактар текст болобу же болбойбу? Эмне үчүн?

**245.** Ырды окугун, андагы зат атооч сөздөрдү таап, кандай суроого жооп бергендигин түшүндүргүн.

Сары өрүк, алча, жүзүм, ширин белем,
Миң санап, күн шооласын күлүндөгөн,
Ах, чиркин! Таңдай жарып таттуу болгон
Бал даамы, алтын жердин, улуу сайдын,
Бар беле касиет, күчү билинбеген.

*(И. И.)*

www.bizdin.kg

**246. Азык** деген сөзгө синоним сөз тап. Аны катыштырып буйрук сүйлөм түзүп жаз.

● **247.** Текстти оку. Түшүнгүңдү айтып бер.

Адам баласы жумушсуз жашай албайт. Ар ишти жеңилдетиш үчүн адамдар айла, амалдарды издешет, табышат, жасап чыгышат. Ошентип, ар кандай курал-жарактарды, аспаптарды, машиналарды ойлоп чыгарышат. Буга чейин эле он сегизинчи кылымдын башында саат ондоочу француз Викансон деген уста механикалык куурчак жасаган. Куурчак кадимкидей чоор тартып, он эки түрдүү обонду так өзүндөй ойноп берген.

Кийин-кийин окумуштуулар адегенде алты буттуу «Шама» деген роботту ойлоп чыгышкан. Тбилиси шаарынан басуучу трактор, Ташкенттен пахта теруучү комбайн басып чыгат. Робот адам баласынын турмушунда кеңири колдонулууда. Электрондук эсептегич машиналар адам баласына кандай гана эсеп болбосун заматта иштеп берет.


*(«Дилгир» журналы)*

«Адамдар ойлоп табышат», «Механикалык куурчак», «Роботтун жардамы» деген темаларды тексттин кайсы бөлүктөрүнө коёр элең? Тексттин өзүнө кандай тема коёр элең?

«Роботтун жардамы» деген темага ылайык келген тексттин бөлүгүн көчүрүп жаз. Андан зат атооч сөздөрдү таап, астын сыз. Роботтун сүрөтүн тарт.

## ЗАТ АТООЧТУН КӨПТҮК САНДА ӨЗГӨРҮШҮ

**248.** Сүрөттөрдү байка. Аларды белгилеген зат атоочторду оку. Чекиттердин ордуна кандай мүчөлөр коюлат? Эмне үчүн?






*Ооба, чекиттердин ордуна **-лар** мүчөсүн улап жазабыз. Ошол сөздөр бир эмес бир нече заттын санын билдирип, көптүк маанидеги зат атооч болот.*

***Алча — алчалар, дептер — дептерлер.***

*Демек, зат атооч сөздөр жекелик жана көптүк мааниде айтылат. Жеке мааниде зат атооч сөздөр бир гана затты билдирет. Бирден ашык заттар көптүк маанидеги зат атоочтор болуп эсептелет. Алар жеке маанидеги сөздөргө **-лар** мүчөсү улануу аркылуу түзүлөт. **-лар** мүчөсү: **-лор, -лер, -лөр, -дар, -дер, -дор, -дөр, -тар, -тер, -төр, -тор** болуп өзгөрөт.*

**249.** Төмөнкү зат атоочторду оку. Алар кандай сандагы заттарды билдирет? Сөздөрдү көптүк маанидеги зат атоочторго айландырып жаз.

а. Кой, балык, көйнөк, китеп, алча, көпүрө, кыз, таш.

Көптүк маанидеги зат атоочко айландыруу үчүн кайсы мүчөнү пайдаландың?

б. Мүчөлөргө ылайык келген сөздөрдү коюп жаз: ...лар, ...тер, ...лөр, .......тар, ....дер, ...лор.

**250.** Ырды оку, **-лар** мүчөсү уланган сөздөрдү тап. Ал сөздөр кандай санда айтылып жатат?

КАРА БУЛУТ

Тоо башында булуттар
Түрмөктөлүп жөнөдү.
Капчыгайлар коюнун
Күңүрттүккө бөлөдү.

Кире качты жөжөлөр
Төө жалбырак астына.
Жашынбаска чара жок,
Жамгыр алса шаштыга.



*Нуратдин Юсупов*
*(Дагестан акыны)*

Бул тексттин кайсы түрүнө кирет? Эмне үчүн?
Жандуу заттарды көрсөткөн сөз кайсы?

www.bizdin.kg

**251.** Зат атоочтун антонимдеринен төрттү жаз. Алар кандай сандагы сөздөр болду?

**252.** Оку. Көптүк мааниде айтылган зат атооч сөздөрдү таап, айтып бер. Аларды көчүрүп жаз. Мүчөлөрүн сызып көрсөт.

Кыргызстан түрдүү өсүмдүктөр өсө турган жерлерге, тоолорго, агын сууларга өтө бай. Ысык-Көл, Чатыр-Көл, Сары-Челек сыяктуу көлдөрү бар. Кыргыз Ала-Тоосунда токойлор көп. Таш-Көмүр, Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Көк-Жаңгак сыяктуу ар кандай кендер чыгуучу шаарлары бар. Ысык-Ата, Жалал-Абат, Жети-Өгүз, Чолпон-Ата сыяктуу атактуу курорттору жана санаторийлери бар.

Бул тексттин кайсы түрү болот?

● **253.** Төмөнкү сөздөргө **-лар** мүчөсүн улап, ал сөздөрдү катыштырып сүйлөмдөрдү түзүп жаз.

Саат, сайма, кийиз, класс, сүйлөм, идиш-аяк, кофта, өгүз.

**-лар** мүчөсү кайсы сөздөргө уланганда анын башкы тыбышы өзгөрдү? Эмне үчүн? Кайсы сөздө **-лар** мүчөсүнүн башкы тыбышы өзгөрүлбөй жазылды? Эмне үчүн? Уңгунун аяккы тыбышына карата мүчөнүн башкы тыбышынын өзгөрүшүн эсине түшүрүп, айтып бер.

## ЗАТ АТООЧТУН ЖӨНДӨЛҮШҮ

**254.** Оку. Эмнелерди байкадың? Бул сүйлөм боло алабы?

Кары... сөз... кап... сал.

Сүйлөм болуш үчүн ар бир сөз маанисине ылайык бири-бири менен эмнелер аркылуу байланышат? Ар бир сөзгө үлгү боюнча суроо берип көрчү. Сүйлөм түз. Төмөнкү макалга салыштыр.

Ү л г ү: *Кимдин сөзүн? — Карынын.*

Карынын сөзүн капка сал.

Сенин сүйлөмүң да ушундай болдубу? Зат атооч сөздөргө кайсы мүчөлөрдү жалгап жаздың?



**255.** Сүйлөмдөрдөгү суроолорго карата көп чекиттердин ордуна **дарыя** деген сөзгө тиешелүү мүчөлөрдү улап, көчүрүп жазгын. Ал кайсы мүчөлөр?

Айылдын четинен чоң *(эмне?)* ... агып өтөт. *(Эмненин?)* ... суусу мол. Жакында *(эмнеге?)* ... көпүрө салынды. *(Эмнеден?)* ... аркы өйүзгө өткөнгө жакшы болду. Жайкысын *(эмнени)* ... тосушат.

Эмгекчилер *(эмнеден?)* ... сууну ченеми менен эгин талааларын сугарууга жумшашат.

*Ооба,* ***дарыя*** *деген зат атооч өзгөрүп, башка сөздөр менен* ***-нын, -га, -ны, -да, -дан*** *мүчөлөрү аркылуу өз ара байланышта болду. Зат атооч эмне? эмнени? эмнеге? эмненин? эмнеде? эмнеден? деген суроолорго жараша өзгөрдү. Зат атоочтун сүйлөмдө башка сөздөр менен ушул суроолорго жараша* ***-нын, -га, -ны, -да, -дан*** *мүчөлөрү аркылуу байланышып өзгөрүшү жөндөмө боюнча өзгөрүү, ал эми ошол өзгөрүүнү ишке ашырган жогорку мүчөлөр* ***жөндөмө мүчөлөрү*** *деп аталат. Кыргыз тилинде 6 жөндөмө бар:* ***атооч, илик, барыш, табыш, жатыш, чыгыш.***

*Алар төмөнкү таблицада берилген. Кашаанын ичинде жөндөмөлөрдүн кыскача жазылышы көрсөтүлгөн.* ***Ким? кимдин? кимге? кимди? кимде? кимден?*** *деген суроолор кайсы жөндөмөлөргө коюларын байка.*

| Жөндөмөлөр | Суроолор | Мүчөлөр |
|---|---|---|
| Атооч (А.) | Ким? эмне? | - |
| Илик (И.) | Кимдин? эмненин? | -нын |
| Барыш (Б.) | Кимге? эмнеге? | -га |
| Табыш (Т.) | Кимди? эмнени? | -ны |
| Жатыш (Ж.) | Кимде? эмнеде? | -да |
| Чыгыш (Ч.) | Кимден? эмнеден? | -дан |

**256. Ата, үй** деген сөздөрдү оозеки жөндөп бер. Таблицаны пайдалан. Кайсы мүчөлөр менен өзгөрдү? Булар сөз жасоочу мүчөлөрбү же сөз өзгөртүүчү мүчөлөрбү?

7—БК—5/1

www.bizdin.kg

**257. Эже** жана **акын** деген зат атоочтордун жөндөлүшүн байкап, мүчөлөрүн салыштыр.

| | | | |
|---|---|---|---|
| А. | *Ким?* | эже | акын |
| И. | *Кимдин?* | эженин | акындын |
| Б. | *Кимге?* | эжеге | акынга |
| Т. | *Кимди?* | эжени | акынды |
| Ж. | *Кимде?* | эжеде | акында |
| Ч. | *Кимден?* | эжеден | акындан |

Зат атоочтун аягы үндүүлөр жана жумшак үнсүздөр менен бүтсө, аларга уланган жөндөмө мүчөлөр кандай болот?

Эреже чыгарып көр.

**258. Суу** жана **бал** деген сөздөрдү жөндөп, жөндөмө мүчөлөрүнүн астын сызып, салыштырып айт.

**259. Төө** жана **кыз** деген сөздөрдү оозеки жөндө. Жөндөмө мүчөлөрү жөнүндө эмне айта аласың?

**260. Дос, мектеп, Ош** деген зат атоочтордун жөндөлүшүн айтып бер. Кандай өзгөчөлүктөрдү байкадың? Зат атоочтун аягы каткалаң үнсүздөр менен бүтсө, аларга уланган жөндөмө мүчөлөр кандай тыбыштан башталат?

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| А. | *Ким?* | *Эмне?* | дос | мектеп | Ош |
| И. | *Кимдин?* | *Эмненин?* | достун | ... | ... |
| Б. | *Кимге?* | *Эмнеге?* | доско | ... | ... |
| Т. | *Кимди?* | *Эмнени?* | досту | ... | ... |
| Ж. | *Кимде?* | *Эмнеде?* | досто | ... | ... |
| Ч. | *Кимден?* | *Эмнеден?* | достон | ... | ... |

**261. Эне, сүт, деңиз** деген сөздөрдү жазуу жүзүндө жөндө. Жөндөмө мүчөлөрүн салыштыр.

**262.** Текстти оку. Кара тамга менен басылган сөздөр кайсы жөндөмөдө тургагын жана жөндөмө мүчөлөрүнүн башкы тыбышынын өзгөрүш себептерин айтып бергин. Кыскартылган сөздөрдү чечмеле.

**Илимдин** өсүп-өнүгүшү менен эсептегич техника да өнүгүп, **электрондук эсептегич машиналар** (ЭЭМ), калькулятор, компьютерлер пайда болду. **Чоттун** же арифмометрдин жардамы менен жөнөкөй эле арифметикалык эсептөөлөр, илимий изилдөөлөр жана өндүрүштүк автоматташтыруу иштери жүргүзүлөт. Электрондук эсептегич **техниканын** дагы бир сонун касиети — эсепти өтө тез чыгарганында. Арифмометрдин жардамы менен бир күн кечке жүргүзүлгөн эсептөөлөрдү ЭЭМ менен бир нече **секундада** эле бүтүрүп салууга болот.

*(«Дилгир» журналы)*



**263.** Аягы үндүү, жумшак үнсүз, каткалаң үнсүз менен бүткөн сөздөрдөн таап, жазуу жүзүндө жөндө. Жөндөмө мүчөлөрүнүн астын сызып, алардын өзгөрүшүн түшүндүр.

**264. Китеп** деген сөздү пайдаланып текст түз. Бул сөз ар кандай жөндөмөдө болсун. Сөз жасоочу мүчөлөрдү да пайдалан.

**265.** Төмөнкү көптүк маанидеги зат атоочторду жөндөп көр. Мүчөлөрүн байка.

Үйлөр, майлар, таштар.

Алар кандайча жөндөлдү? Эреже чыгар.

**266.** Төмөнкү макалдарды оку. Түшүнгөнүңдү айтып бер. Жөндөмөдө турган зат атооч сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажырат. Алардын кайсы жөндөмөдө турганын айтып бер.

1. Ата-эненин акылы,
   Айныбаган жолго тең.
   Акылмандын акылы,
   Соолубаган көлгө тең.
2. Эмнени эксең, ошону оросуң.
3. Эненин көөнү балада, баланын көөнү талаада.
4. Асыл таштан, акыл баштан чыгат.

Кайсы макалдагы зат атооч сөздөрдүн мүчөлөрү каткалаң үнсүздөр менен башталган? Эмне үчүн?

**267.** Төмөнкү берилген сөздөрдү жөндөгүн. Жекелик жана көптүк маанидеги зат атоочтордун жөндөлүштөрүн салыштырып байка.

Төө, too, иштер, килемдер.

Уңгунун аяккы тыбышына карай мүчөлөрдүн башкы тыбыштары кандай өзгөрдү?

7*

www.bizdin.kg

**268. Бала, акыл** деген сөздөрдүн илик жөндөмөсүндөгү мүчөлөрүн төмөнкү мүчөлөрдөн таап, улап жаз:

**-дун, -дын, -дан, -нын, -нан, -дүн, -нин, -да, -дө, -ду, -ну, -дөн.**

Эмне үчүн ушул мүчөлөр туура келди?

● **269.** Аягы үндүү менен бүткөн сөздү ойлоп таап, анын жекелик жана көптүк маанидегисин жөндө.

## АЯГЫ б, в, г, д ТЫБЫШТАРЫ МЕНЕН БҮТКӨН ЗАТ АТООЧ СӨЗДӨРДҮН ЖӨНДӨЛҮШҮ

**270.** Сөздөрдү бир нече жолу кайталап оку. Акыркы тыбышы кандай угулду?

Айдаров, доклад, педагог, клуб.

*Ооба, сөздөрдүн акыркы тыбышы жазылгандай эмес,* ***в*** *тыбышы* ***ф*** *болуп,* ***д*** *тыбышы* ***т*** *болуп,* ***б*** *тыбышы* ***п*** *болуп,* ***г*** *тыбышы* ***к*** *болуп угулду.*

**271. Сабиров, герб, фонд, психолог** деген сөздөрдү жөндөп көр. Эмнени байкадың?

*Ооба, бул сөздөр оозеки жөндөлгөндө* ***б, в, г, д*** *тыбыштары* ***п, ф, к, т*** *болуп угулат.*

*Эстеп кал: угулушуна карабай сөздөр жөндөлгөндө* ***б, в, г, д*** *тамгалары сакталып, аларга уланган мүчөлөр жумшак үнсүздөрдөн башталат.*



**272. Геолог** жана **Осмонов** деген зат атоочторду мурда оозеки, анан жазуу жүзүндө жөндө. Аларды салыштырып, айтып бер.

**273.** Сүрөт боюнча доклад деген сөздү катыштырып текст түз. Тексттеги зат атооч сөздөр кайсы жөндөмөдө экенин айтып бер.



**274.** Сүйлөмдөрдү оку. Кара тамга менен басылган сөздөрдү көчүрүп, айтылышы менен жазылышын салыштыр.

1. Окуучулар **коллективдүү** түрдө мектептин айланасын тазалашты.
2. Арстанбап токою **Жалал – Абадга** жакын жерде жайгашкан.
3. Ата-энелер комитетинин башчысы **докладды** окуп бүткөндөн кийин окуучулардын концерти болду.
4. Кыргызстандын **гербин** көргөндө жүрөгүм толкуду.
5. Ю. А. Гагарин **аэроклубга** барып, парашют менен секирип жүргөн.

Жазган сөздөрдүн кайсы тыбыштары каткалаң болуп угулду?

Атагын. Кандай жазылды? Бул текстпи же текст эмеспи? Эмне үчүн? Татаал сүйлөм барбы?

**275.** Оку. Айрым сөздөрдөгү кетирилген катаны таап, ондоп көчүрүп жаз.

Менин атам завотто иштейт. Ал чогулушта жумушчуларга доклат окуду. Доклатты баары көңүл коюп угушту. Осмоноф агай ордунан туруп, атама ырахмат айтты.

Текстке тема кой. Маанисин бир сүйлөм менен алмаштыр.

**276.** Төмөнкү сөздөрдү жекелик жана көптүк мааниде жөндөп жаз:

Кыдыров, клуб, дарыя, улут.

Биринчи сөздүн айтылышы менен жөндөлүп жазылышындагы айырмасын айтып бер. Бул канча муундан турган сөз? Булар кандай муундар?

**277. Салима** деген сөздүн жатыш жөндөмөсүндө турушун төмөнкүлөрдөн тап. Аны катыштырып сүйлөм түзүп жаз.

а) Салиманын в) Салимада с) Салимадан

● **278. Тор, ай, Караев, топ** деген зат атоочторду жөндөп жазып, мүчөлөрүнүн астын сыз. Алардын мүчөлөрүнүн башкы тыбыштарынын өзгөрүштөрүн айтып бер.

www.bizdin.kg

## ОРУС ТИЛИ АРКЫЛУУ КИРГЕН КЭЭ БИР СӨЗДӨРДҮН ЖӨНДӨЛҮШҮ

**279. Минск, акт, доклад, митинг** деген сөздөрдү оозеки жөндөп көр. Эмнени байкадың?

**280.** Төмөнкү сөздөрдүн жөндөлүшүн кара. Улантып жөндө.

| | | | |
|---|---|---|---|
| **А.** | Томск | факт | митинг |
| **И.** | Томск-и-нин | факт-ы-нын | митинг-и-нин |
| **Б.** | Томск-и-ге | ... | ... |
| **Т.** | Томск-и-ни | ... | ... |
| **Ж.** | Томск-и-де | ... | ... |
| **Ч.** | Томск-и-ден | ... | ... |

Кайсы үндүүлөр уңгу менен мүчөнүн ортосунда кошулуп калганын айтып бер. Булар кайсы тил аркылуу келген сөздөр?

**281.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп, жаз. Кара тамга менен басылган сөздөр кайсы жөндөмөдө турарын жана ал сөздөрдөгү уңгу менен мүчөлөрүнүн ортосуна кайсы үндүү кошулуп жазылганын айтып бергин.

1. **Минскиде** ири завод-фабрикалар, кино-театр, окуу-жайлары жана музейлер бар. 2. Улуу Ата Мекендик согуштун учурунда **Новотроицкиде,** Токмокто, **Беловодскиде** кант заводдору курулган. 3. Нефтиден күйүүчү майлардын түрлөрү алынат. 4. **Митингиде** менин агам чыгып сүйлөдү. 5. Марат **танканын** сүрөтүн аябай жакшы тартат.

Орус тили аркылуу кирген айрым сөздөр кандайча жөндөлөт?

**282.** Төмөнкү сөздөрдү дептериңе жөндөп жаз.

Нефть, Омск, танк.

Уңгу менен мүчөнүн ортосуна кайсы үндүүлөр кошулуп жөндөлдү? Бул сөздөрдүн уңгу түрүндө берилишин ташымалдоого болобу?

***Эстеп кал:*** *орус тили аркылуу кирген жана аягы **-ск, -кт, -фть, -нг, -нд, -нк** менен бүткөн сөздөр жөндөлгөндө уңгу менен мүчөнүн ортосуна бир үндүү кошулуп жөндөлөт.*



**283.** Бул эреже боюнча жөндөлгөн сөздөрдүн тизмесин улантып көр.

Беловодск, Новосибирск, Орск, лифт ...

Лифт деген зат атоочтун жөндөлүшүн жаз.

● **284.** Төмөнкү сөздөрдү барыш жөндөмөсүндө жазып чык. Ар бир сөздүн жөндөлүшүндө жөндөмө мүчөлөрүнүн кандай өзгөргөнүн аныктап айтып бер:

Апа, топ, көз, Курск, Апасов.

**285.** Сөздөрдүн жөндөлүшүн оку. Жөндөлө элек сөздөрдү жөндөмө мүчөлөрү менен өзгөрт.

| | | | |
|---|---|---|---|
| **А.** | медаль | лагерь | альбом |
| **И.** | медалдын | ... | ... |
| **Б.** | медалга | ... | ... |
| **Т.** | медалды | ... | ... |
| **Ж.** | медалда | ... | ... |
| **Ч.** | медалдан | ... | ... |

Ичкертүү (**ь**) белгиси менен бүткөн сөздөрдүн жөндөлүшүнөн эмнени байкадың? Жөндөлгөндө эмне үчүн мүчөлөрдүн башкы тамгалары жумшак үнсүздөрдөн башталып жазылды?

**286. Пальто** жана **фонарь** деген сөздөрдү жөндө. Эмнени байкадың? Ичкертүү (**ь**) белгиси эки учурда тең түшүп калдыбы?

**287. Коньки, декабрь** деген зат атооч сөздөрдү жөндөп, өзгөчөлүктөрүн айтып бер.

***Эстеп кал:*** *аягы ичкертүү (**ь**) белгиси менен бүткөн сөздөр жөндөлгөндө ичкертүү (**ь**) белгиси түшүп калат. Ичкертүү (**ь**) белгиси сөздүн ортосуна келген учурда ал белги сакталып, жөндөлө берет.*

Мисалы: ***лагерьде — лагерде***
***конькини — конькини***

**288.** Сөздөрдү оозеки жөндөп бер. **Жайнаков** деген сөздүн жөндөлүшүн жаз.

Октябрь, Орск, Жайнаков, Лира.

www.bizdin.kg

**289. Факт** жана **завод** деген сөздөрдүн чыгыш жөндөмөсүндөгү мүчөсүн төмөнкүлөрдөн таап жаз.

**-дан, -ден, -дүн, -тан, -дон, -дун, -га, -го, -нын, -тен**

**290.** Төмөнкү сөздөрдү жөндөп бер.

Асфальт, фильм, февраль.

Бул сөздөргө жөндөмө мүчөлөрдү улаганда ичкертүү белгилери өзгөрдүбү же өзгөргөн жокпу? Сөздөрдү тыбыш жана тамгага ажыратып талда.

**291.** Сөздөрдү оку. Аларды катыштырып, сүйлөмдөрдү түзүп жаз. Тыбыш жана тамгаларга ажыратып айтып бер.

Декабрь, скульптура, почтальон.

**292.** а) **Лифт** деген сөздүн жатыш жөндөмөдөгү жөндөлүшүн төмөнкүлөрдөн тап:

Лифтиге, лифтиден, лифтинин, лифтиде.

Бул сөздүн жөндөлүшүнүн өзгөчөлүгүн айтып бер.
б) **Бакаев** деген зат атоочтун илик жөндөмөсүндөгү айтылышын жана жазылышын салыштырып айтып бер.

● **293.** Аңгемени окуп, **лагерь** деген сөздүн сүйлөмдөрдө жөндөмө мүчөлөрү менен кандайча өзгөргөндүгүн байкап, айтып бергин.

### ЧОЛПОН-АТА ЛАГЕРИНДЕ

Жайында мен «Чолпон-Ата» лагеринде болгом. Ага менин жолдошторум да келген болчу. Лагерде биз көп нерселерди билдик. Ысык-Көлгө түштүк. Мен жолдошторум менен экскурсияга да бардым. Лагердин ичинде китепкана бар эле. Менин жолдошум Бермет андан китептерди алып окуду. Ал жакшы ырдай да, бийлей да билет экен. Биз лагерден абдан көңүлдүү эс алып кайткан элек.

Ичкертүү белгиси менен бүткөн сөздөргө мүчөлөр уланганда ичкертүү белгиси эмне болот экен? Бул тексттин кайсы түрүнө кирет? Эмне үчүн? Текстте татаал сөздөр барбы?



## ЖӨНӨКӨЙ ЖАНА ТАТААЛ ЗАТ АТООЧТОР ЖАНА АЛАРДЫН ЖАЗЫЛЫШЫ, ЖӨНДӨЛҮШҮ

**294.** а. Сөздөрдү оку. Алардын түзүлүштөрүн салыштыр.

**эмне?**

кагаз ← → кирпи чечен

Канча сөздөн түзүлүптүр? Аларга суроо коюп көргөндө эмне болду?
б. Ар бирине 6дан сөз жаз.
1. Бир сөздөн турган сөздөр: балык, ......
2. Эки-үч сөздөн турган сөздөр: козу карын, ......

*Демек, зат атоочтор түзүлүшүнө карай жөнөкөй жана татаал зат атооч болуп экиге бөлүнөт.*
*Жөнөкөй зат атоочтор бир гана сөздөн турса, татаал зат атоочтор эки же андан ашык сөздөрдөн түзүлөт.*
*Жөнөкөй зат атоочтор:* ***алма, желек, дөңгөлөк*** *ж.б.*
*Татаал зат атоочтор:* ***ата-эне, Ала-Тоо, Сары-Ала- Саз*** *ж.б.*

**295.** Табышмакты окуп, жандырмагын тап. Андан жөнөкөй жана татаал зат атооч сөздөрдү тап.

Таап алсаң бир түстү
Таш көмүргө жарактуу.
Улап койсоң бел боону
Топ сымал канаттуу. (к... к...)

*(Ы. К.)*

Жөнөкөй зат атооч сөздөр менен татаал зат атооч сөздөрдүн жазылышын салыштыр. Ал үчүн кошмок сөздөрдү эсте.

www.bizdin.kg

**296.** Ырды оку. Кара тамга менен басылган жөнөкөй сөздөрдү, андан кийин татаал сөздөрдү айтып, дептериңе жаз.



Ордолуу **Оштун** башында,
Атактуу жайлоо **Алай** бар.
**Аяк-башы** көз жеткис
Кеңдигин айтса далай бар.
Төмөн жагы **Кичи-Алай**
**Төр-төрүнүн** баары мал.
Бир чети бийик **Памир** тоо,
Башында аппак кары бар.
**Алтын-Бешик**, **Төө-Жайлоо**
Ал жерлер **элге** таанымал.

*(А. Ү.)*

Жөнөкөй сөздөр менен татаал сөздөрдүн кандай айырмасын байкадың? Алардын кайсынысы атооч жөндөмөдө жана илик жөндөмөдө турат?

**297.** Текстти оку. Дептериңе көчүрүп жаз. Зат атооч сөздөрдүн астын сыз. Кандай сөздөр экенин айтып бер. Алардын кайсы жөндөмөдө турганын үлгүдөгүдөй көрсөт.

Асылбек үйгө берилген тапшырмасын өз убагында аткарат. Ал сабактан келери менен кийимин алмаштырат. Курсагын тойгузгандан кийин апасына жардамдашат. Уйларды сугарат. Карындашы Гүлжамал идиш-аяктарды жууйт.

А.ж. Б.ж. Т.ж.

Ү л г ү: *Асылбек үйгө берилген тапшырмасын өз убагында аткарат.*

Текстке кандай тема коёр элең? Текстти мазмунуна жараша бир сүйлөм менен алмаштыр. Ошол сүйлөм тема менен байланыштыбы?

**298.** Жөнөкөй жана татаал зат атооч сөздөрдү катыштырып, 3 сүйлөм түзүп жаз. Алардын окшоштук жагын, айырмачылыктарын айтып бер.

**299.** Төмөнкү жөнөкөй жана татаал зат атооч сөздөрдүн жазылышын карап көргүн.



Ат-Башы, кыл кыяк, жаздык, аяк кап, сандык, бала-чака, чай-пай, оймок, Нарын.

Өтүлгөн кош сөз жана кошмок сөздөрдү эсиңе түшүр. Эмне үчүн айрым сөздөр баш тамга жана дефис менен жазылса, айрымдары кичине тамга менен дефис коюлбай жазылды? Жөнөкөй сөздөрчү?

*1. Ооба, жөнөкөй сөздөр сүйлөмдөрдүн башында жана энчилүү аттарда баш тамга менен, башка учурларда кичине тамгалар менен эле жазылат.*
*2. Энчиленип коюлган татаал зат атооч сөздөр баш тамгалар менен башталып жазылып, ортосуна дефис коюлат:*
***Жети-Өгүз, Көк-Жаңгак, Сары-Челек.***
*3. Өз-өзүнчө турганда түшүнүккө ээ болгон эки сөздөн түзүлүп, бир маани берген татаал зат атооч сөздөр кичине тамгалар менен башталып, дефис коюлбай бөлөк жазылат:* ***таш бака, бака жалбырак, темир жол.***
*4. Эки сөзү тең өзүнчө маани берген же биринчи сөзү маани берсе, экинчиси маани бербеген татаал сөздөрдүн ортосуна (-) коюлуп, кичине тамгалар менен жазылат:*
***бала-чака, кыз-кыркын, эже-сиңди, ата-эне.***

**300.** Сүрөткө карап текст түз. Татаал зат атооч сөздөрдүн жазылышына көңүл бур. Алар кайсы жөндөмөдө берилгенин айт.
Текстке тема кой.

**301.** Сүйлөмдөрдү көчүр. Татаал зат атоочтордун жазылышында кандай айырмалар бар экенин аныктап айтып бер.



1. Жерге төшөлгөн килемге көңүлүң бөлүнүп, килем токуучунун өз оймо-чиймелерине чөгөрүлгөн кыял-чабыттарына куштарланасың.

2. Тоодон агып түшкөн суулар оргуштап, таштан-ташка урунуп, тез агат.

3. Сары-Челекке жыл сайын жалаң эле биздин республикадан эмес, чет мамлекеттен туристтер жана саякатчылар келип-кетип турушат.

4. Жамгыр жаары менен Бермет кол чатырын башына тосту.

**302.** Төмөнкү жөнөкөй жана татаал зат атооч сөздөрдү жөндөгүн. Алардын жөндөлүштөрүн салыштырып көр.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **А.** | Максат | Кара-Көл | бутак | кол кап |
| **И.** | ... | ... | ... | ... |
| **Б.** | ... | ... | ... | ... |
| **Т.** | ... | ... | ... | ... |
| **Ж.** | ... | ... | ... | ... |
| **Ч.** | ... | ... | ... | ... |

Жөндөмө мүчөлөр татаал зат атооч сөздөрдүн канчанчы сөзүнө уланып жөндөлдү?

*Татаал зат атоочтор жөндөлгөндө баш жагына келген сөздөр өзгөрүүсүз калып, жөндөмө мүчөлөр аяккы сөзгө жалганат.*

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **А.** | *Ким?* | *Эмне?* | Ата-эне | Чолпон-Ата |
| **И.** | *Кимдин?* | *Эмненин?* | Ата-эненин | ... |
| **Б.** | *Кимге?* | *Эмнеге?* | Ата-энеге | ... |
| **Т.** | *Кимди?* | *Эмнени?* | Ата-энени | ... |
| **Ж.** | *Кимде?* | *Эмнеде?* | Ата-энеде | ... |
| **Ч.** | *Кимден?* | *Эмнеден?* | Ата-энеден | ... |

**303.** Сүйлөмдөрдү окуп, кашаанын ичиндеги сөздөргө жөндөмө мүчөлөрүн улап, кашаасыз көчүрүп жаз.

Бүгүн күн суук болду. Балдар дөңсөөдө (бети-колдору) үшүгөнүнө карабай чана тээп жүрүшөт. Алар бош убактыларында бир-эки (саат)



www.bizdin.kg

гана ушинтип чогулушат. Башка (убак) ата-энелерине жардам беришет. (Үй) берилген тапшырмаларын аткарышат.

Кашаанын ичиндеги сөздөрдү кайсы жөндөмөлөргө коюп жаздың? Алар түзүлүшү боюнча кандай сөздөр?

**304.** Төмөнкү сөздөрдү жөндө.

Ала-Бел, Чоң-Сары-Ой, калем сап, бала-чака, кийим-кече.

Аларды кандайча жөндөгөнүңдү түшүндүр. Булар кош сөздөрбү же кошмок сөздөрбү? Эмне үчүн?

## Суроолор жана тапшырмалар




Чийме-таблицага карап жооп бер.

**Түшүндүрмө:** Адегенде зат атооч деген эмне экенин, анын суроолорун айтып, суроо белгилерге карап жооп берсин. Андан ары ал жекелик жана көптүк санда айтыларын ж.б. улантасын.

www.bizdin.kg

### ▲ Өзүмдү текшеремин

1. Зат атооч сөздү көрсөт:
а) кызыл  б) кыргыз  в) кырк
2. Барыш жөндөмөсүндөгү зат атоочту тап:
а) шаарды  б) шаарга  в) шаардан
3. Көптүк маанидеги зат атооч сөз кайсы?
а) суруга  б) суудай  в) суулар
4. Татаал зат атооч сөздү тап:
а) кол  б) кол кап  в) колго
5. Кайсы сөз чыгыш жөндөмөсүндө туура жөндөлгөн?
а) танктан  б) танкадан  в) танкыдан
6. Кайсы сөздүн жөндөлүшүндө ката бар?
а) клупка  б) клубга  в) жоолукка
7. Көптүк санды көрсөтүүчү **-лар** мүчөсү кайсы сөзгө уланганда өзгөрдү?
а) шаарлар  б) апалар  в) балдар

## 2. ЭТИШ

**305.** Оку. Булар кандай сөздөр? Чекиттердин ордуна алардын кыймыл-аракетин көрсөткөн сөздөрдү коюп жаз.

Үй ... .  Кар ... .  Бала ... .
Дүкөнчү ... .  Муз ... .  Машина ... .

Ал сөздөргө суроо кой. Кандай суроолорду бердиң? Алар сүйлөмдүн кайсы мүчөсүнүн милдетин аткарды? Ал сөздөрдү атагын. Түзүлгөн сүйлөмдөргө сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүз.

*Заттын кыймыл-аракетин, ал-абалын билдирип,* ***эмне кылды? эмне кылат? эмне кылып жатат?*** *деген суроолорго жооп берген сөздөрдү* ***этиш*** *дейбиз. Этиш сөздөр сүйлөмдө баяндоочтун милдетин аткарат.*
М и с а л ы: ***Кар калың жаады. Эмне болду? — Жаады.*** *Бул сөз кардын жааганын билдирди, баяндооч.*



**306.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөрдү түзүп жаз.

Самолёт, мал, от, суу, кетмен, токой, чалгы, сатуучу, калпак.

Сүйлөмдө булар эмненин милдетин аткарат?

**307.** Ырды оку.

### ААРЫ МЕНЕН ИШЕНБАЙ

Эч капарсыз аарылар,
Эмгектенип жүрүштү.
А Ишенбай буларга,
Өзүнчө эле тийишти.

Эргулду эми көрүп ал,
Кире качып жан калды.
Бети-башы дулдуюп,
Кулактары далдайды.

*(А. Мис.)*



Этиш сөздөргө суроо коюп айтып бер.

**308.** **Күлкү** деген сөздүн антонимин жазып, ал эки сөздү катыштырып текст жазып көр.

**309.** Макалдарды окуп, түшүнгөнүңдү айтып бер.

1. Дос табышат, душман чабышат.
2. Ач кадырын ток билбейт,
Оору кадырын соо билбейт.
3. Иштүүгө убакыт жетпейт,
Ишсизге убакыт өтпөйт.
4. Өсүмдүк жарыкка умтулат,
Эл тынчтыкка кол сунат.

Дептериңе көчүрүп жаз. Этиш сөздөрдүн астын сызып көрсөт. Алар кайсы сөздөр менен байланышып турат?

**310.** Чекиттердин ордуна баяндооч аркылуу ээнин милдетин аткарган зат атооч сөздөрдү таап жазгын.

1. ... ыйлады, эмгектенди, сооронду, күлдү.
2. ... айтты, көрсөтүп берди.
3. ... конот, учат.
4. ... ченейт, бычат, тигет.
5. ... окуду, сүрөт тартты.

Баяндооч сөздөр сүйлөмдүн кайсы мүчөсү менен байланышып турат экен? Сүйлөмдөрдүн кайсы мүчөсү бир өнчөй?

**311.** Табышмакты тап.

1. Үйдү айлана жүгүргөн ала күчүк. (сыз...)
2. Күнү-түнү жүрсө да, бир кыр ашпайт. (...н)

Суроо коюп, этиш сөздөрдү айтып бер.

**312.** Ырды оку.



АРАЛАШ

**Төөлөр** аймап сабизди,
**Коёндор** жеп жантакты.
**Үйлар** сөөк кемирип,
**Иттер** чөп жеп чарчашты.

Кара тамга менен басылган зат атооч сөздөрдү ордуна коюп оку. Ал сөздөрдүн ордун кайсы сөздөрдүн маанилерине байланыштырып таптың? Текстти ТҮЗӨЛАП жаз.

● **313.** Текстти окуп, көчүрүп жаз.

Кар калың жаады. Муздак шамалга дарактар үшүгөндөй термелет. Жылуу кийинишкен балдар дөңсөөдө жылгаяк тээп жүрүшөт. Аларга күндүн суугу таасир бербегенсийт. Тоолордун чокулары жөө тумандан көрүнбөйт.

Андагы баяндооч сөздөрдүн астын сыз. Тексттеги негизги маанини берип турган сүйлөмдү атагын.



www.bizdin.kg

## ЭТИШТИН ЧАКТАРЫ

**314.** Төмөнкү берилген суроолорго карата этиш сөздөрдү таап, сүрөттөргө карата сүйлөмдөрдү түзүп жаз.



*Эмне кылат?* *Эмне кылып жатат?* *Эмне кылды?*

Сүйлөмдөгү этиш сөздөр кыймыл-аракеттин кайсы учурларын көрсөтүп турат? Сүрөттөрдү салыштыр.

*Этиштин чактары кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурдан кийин болорун (**жазамын**), же ошол учурда болуп жаткандыгын (**жазып жатамын**), же мурда болуп өткөндүгүн билдирет (**жазым**).*

*Ошого байланыштуу этиш үч чакка бөлүнөт:*

*1. Келер чак.* ***Айгүл ырдайт.***
*2. Учур чак.* ***Айгүл ырдап жатат.***
*3. Өткөн чак.* ***Айгүл ырдады.***

**Этиштин чакка бөлүнүшү**

| Келер чак | Учур чак | Өткөн чак |
|---|---|---|
| Эмне кылат?<br>Окуйт.<br>Иштейт. | Эмне кылып жатат?<br>Окуп жатат.<br>Иштеп жатат. | Эмне кылды?<br>Окуду.<br>Иштеди. |

**315.** Текстти оку. Көчүрүп жаз.

Суусуз адам, жан-жаныбарлар, өсүмдүктөр жашай албайт. Суусу жок жерде тиричилик да болбойт. Суу тынымсыз агып жатат. Илгертеден ата-бабаларыбыз суусу бар жерлерге отурукташкан. Жерибизде негизинен суу кенири колдонулат. Ошондой болсо да, агын сууларды булгабай, сарамжалдуу пайдалангыла.

Этиш сөздөргө суроо коюп, кайсы чактарды көрсөтүп жатканын айтып бер. Үч сүйлөмгө сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүз.




**316.** Ырды оку. Китепти жаап, жатка жаз, салыштыр.

Апам да сүйлөйт тынчтык деп,
Атам да сүйлөйт тынчтык деп.
Терең синген каныма,
Кандай бир сонун тынчтык кеп.

*(Р. Р.)*

Андагы этиш сөздөр кайсы чакты көрсөтүп турат?

**317.** Сүйлөмдөрдү окуп, суроолордун ордуна жообун таап, көчүрүп жаз.

1. Бурул эжесине *(эмне кылды?)*. 2. Машиналар жаңы салынган жол менен зуулдап *(эмне боло баштады?)*. 3. Нурболот үйларды короого (эмне кылат?). 4. Балдар мектептен *(эмне болушту?)*. 5. Апам дандырга нан *(эмне кылып жатат?)*. 6. Врач оорулууну *(эмне кылат?)*.

Суроолордун ордуна кайсы чактагы этиш сөздөрдү жаздың?

**318.** Төмөнкү этиш сөздөрдүн антонимдерин жаз.

Качты, катты, турду, уктатат, келет, үшүп жатат.

Бул сөздөр кайсы чактарды көрсөтөт?



www.bizdin.kg

## КЕЛЕР ЧАК

**319.** Текстти оку. Суроо коюп, этиш сөздөрдү таап, жаз.

Мен эртең менен эрте турамын. Жөжөлөргө жем чачамын. Гүлдөргө суу куямын. Апам үй саайт. Анан ал бөбөгүмдү бакчага жеткирет. Апам келери менен чогуу тамактанабыз. Апам кызматына кетет. Мен мектепке барамын. Сабактан кечикпеймин.

Ал сөздөр кыймыл-аракеттин кайсы учурун көрсөтүп турат? Байка.

*Ооба, келер чак кыймыл-аракеттин алдыда боло тургандыгын билгизип,* ***эмне кылат? эмне кылышат?*** *деген суроолорго жооп берет.*

Мисалы: ***Атам Бишкекке барат.***
***Эмне кылат? — Барат.***

**320.** Макалдарды окуп, мазмунун айтып бер, жаз.

1. Окуган — озот, окубаган — тозот.
2. Арзандын тузу татыбайт.
3. Көп түкүрсө, көл болот.
4. Иштүүнүн иши бүтөт, ишсиздин күнү өтөт.
5. Эр эмгегин жер жебейт.

Этиш сөздөр кайсы суроого жооп берип, кайсы чакты көрсөтүп турат? Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүз.

**321.** Төмөнкү сөздөрдү келер чак этишке айландырып жаз.

Иште, бар, жыйна, ук, ойно, оку, кел, бийле, күл, жаз, тос.

Алар кандай суроолорго жооп берди? Кайсы сүйлөм мүчөсүнүн кызматын аткарат? Оозеки сүйлөм түзүп, аныкта.

**322.** Келер чак этиш сөздөрдү катыштырып текст түзүп жаз. Сүйлөмдө булар эмненин милдетин аткарат?

Барат, билет, тосуп алышат, окуйт, окуймун.

www.bizdin.kg

**323.** Сүрөт боюнча келер чак этиш сөздөрдү катыштырып, аңгеме түзүп жаз.



## УЧУР ЧАК

**324.** Сүрөттөрдү кара. Төмөнкү суроолорго жооп берген бир нече сүйлөмдөрдү түзгүн.



*Эмне кылып жатат?*



*Эмне кылып жатышат?*

Сүйлөмдөрдү жазып, баяндоочтордун астын сыз. Баяндооч сөздөр канча сөздөн түзүлдү? Баяндооч кыймыл-аракеттин кайсы учурун көрсөттү?



*Демек, учур чак кыймыл-аракеттин азыр болуп жатканын билдирип, **эмне кылып жатат?** деген суроого жооп берет.*

*1. Этишке **-ууда** мүчөсү жалганып, жөнөкөй учур чак этиш түзүлөт.*

М и с а л ы: ***Ал азыр жакшы окууда.***

*2. Негизги этишке **-ып, -а** мүчөлөрү уланып, аларга **отур, тур, жүр, жат** деген жардамчы этиштер айкашып, татаал учур чак этиш түзүлөт.*

М и с а л ы: ***Ал фермага бара жатат.***

**325.** Сүйлөмдөрдөгү көп чекиттердин ордуна учур чактагы этиш сөздөрдү коюп жаз.

1. Элдин турмушу күндөн-күнгө жакшы ... ...
2. Сахнада менин классташым ... ...
3. Эртеден бери апамды ... ...
4. Койлор кырдан ары ... ...
5. Кишилер автобуска ... ...

**326.** Төмөнкү учур чак этиш сөздөрдү катыштырып, төрт сүйлөм түзүп жаз.

Бара жатат, чыгып келе жатат, ойноп жатат, сүйлөшүүдө.

**327.** Төмөнкү этиш сөздөр кайсы чакты билдирет? Кайсы сөздөрдүн чагын атай алган жоксуң? Аларды учур чак этишке айландырып жаз.

Келет, күлөт, сүйлөйт, ойнойт, бийледи, окуду, агат, укту.

Сөздөрдү муундардын түрлөрү боюнча талда.

**328.** Текстти оку. Тема коюп, көчүрүп жаз.

Атам газета окуп отурат. Апам мага көйнөк тигип жатат. Айгерим оюнчуктары менен ойноп отурат. Мен үйгө берилген тапшырманы аткарып жатамын.

Учур чак этиштерди таап, алдын сыз, суроо кой. Алар түзүлүшүнө карай кандай этиштер?

**328ᵃ.** Учур чак этишке 10 сөз таап жаз.

www.bizdin.kg

## ӨТКӨН ЧАК

**329.** Сөздөрдү оку. ***Эмне кылды?*** деген суроого жооп берген сөздөрдү терип жаз.

Ойноп жатат, сүйлөдү, окуйт, укту, учат, жазып жатат, эстеди, күлдү.

*Эмне кылды?* — сүйлөдү, ... ...

Калган сөздөргө суроо коюп оку. Алар кайсы чакты көрсөтөт? ***Эмне кылды?*** деген суроого жооп берген сөздөр кыймыл-аракеттин кайсы чагын билдирип турат?

*Өткөн чак этиш кыймыл-аракеттин мурда болуп өткөнүн билдирип,* **эмне болду? эмне кылды?** *деген суроолорго жооп берет.*
Мисалы: ***Кар эриди. Айдарбек жазды.***
*Кар эмне болду? —* ***Эриди.***
*Айдарбек эмне кылды? —* ***Жазды.***

**330.** Текстти оку. Аны мазмунуна карата бир сүйлөм менен алмаштыр.

Чолпонбай кемер жарака менен өйдө чуркап жөнөдү. Берки жолдоштору душманды алагды кылып, ок атып турушту. Чолпонбайдын жакындап келип калганын көрүшкөндө, жүрөктөрү оздоруна тыгылды. Душмандар кутурган иттей жинденип, окту жамгырдай жаадырышты. Бул учурда жолдоштору дагы артынан жакындап келип калган эле. Чолпонбай болжогон жерине жетти. Дзотко карата биринин артынан бирин зыркыратып, гранаталарды ыргытты.

*(К.Ж.)*

Этиштин өткөн чагын көрсөткөн сөздөрдү таап жаз. Чолпонбай жөнүндө эмне билесиң? Айтып бер.

**331.** Төмөнкү этиш сөздөрдү өткөн чак этишке айландырып жаз.

Сурашат, бийлешет, өрүп жатат, барды, туурап жатат, келет.

Эмне аркылуу өткөн чакка айландырып алдың?



**332.** Көп чекиттердин ордуна тиешелүү этиш сөздөрдү жаз жана салыштырып, чактарга ажыратып айтып бер.

| *Эмне кылат?* | *Эмне кылып жатат?* | *Эмне кылды?* |
|---|---|---|
| 1. Уктайт. | Уктап жатат. | Уктады. |
| 2. Барышат. | ... | ... |
| 3. ... | Чогулуп жатат. | ... |
| 4. ... | ... | Жайды. |
| 5. Дарылайт. | ... | ... |
| 6. ... | Келе жатат. | ... |
| 7. ... | ... | Жалындады. |

Мында татаал этиштер кайсы чакта турат? Жөнөкөй этиштерчи?

**333.** Окуп, тема коюп, көчүрүп жаз. Этиш сөздөргө суроо коюп, кайсы чакты көрсөтүп турганын айырмалап айтып бер.

Алтынай апасына дайыма жардам берет. Бош убагында бөбөгүн ойнотот. Азыр ал сабактан келери менен идиштерди жууду. Бөбөгүнүн оюнчуктарын жыйнап жатат. Ал бүгүн беш саат окуду. Күндөлүк режимди так аткарат. Ал аны жазып илип койгон. 4-классты «беш» деген бааларга окуп жатат.

**334. Тынчa** деген сөздүн синонимин, **алды** деген сөздүн антонимин жаз. Буларды пайдаланып, эки сүйлөм түз.

Андагы зат атоочтордун кайсы жөндөмөдө турганын аныкта.

**335.** Текстти оку. **Эмне болду?** деген суроого жооп берген этиш сөздөрдү таап, ал сөздөрдү айтып бер.

Күн ылдыйлап, көлдүн төр жагына батканы калды. Табы кайтты. Бел-белестердин чыгыш капталдарына көлөкө түштү. Эми күн ылдыйлагандан ылдыйлай берет. Күүгүм. Көлөкө шыбыртсыз жылып, муздак каптай берет. Ушул маалда Ак кеме көлдүн тиги кызгылт сары нур эриген төрүнөн каалгып сүзүп чыкчу эле. Бала дүрбүсүн көлдүн төрүнө жиберди да, дем албай кадала тиктеди. Тигине! Бала баарын унутту, кайгысын да, коопсунганын да ошол замат унутту!

*(Ч. А.)*

Текст кайсы чыгармадан алынган? Ага карата сүрөт тарт.

www.bizdin.kg

**336.** Сөздөрдү оку. Аларды пайдаланып, үч сүйлөм түзүп жаз.

Жардамдашты, алып жатат, сурайт.

Бул этиш сөздөр кайсы чактарды көрсөтөт? Алар сүйлөмдүн кайсы мүчөсүнүн милдетин аткарды? Кайсы сөздөр менен байланышты?

## ❢ Суроолор жана тапшырмалар

Таяныч таблица боюнча жооп бер.

**Этиш — ?**
*Эмне кылды? ...? ...? ...?*
3 чагы бар

| **Келер чак — ?** | **Учур чак — ?** | **Өткөн чак — ?** |
|---|---|---|
| Суроосу: ...? | Суроосу: ...? | Суроосу: ...? |
| Мисалы: ... | Мисалы: ... | Мисалы: ... |

## ▲ Өзүмдү текшеремин

1. Этиш сөздүн астын сыз.
   а) кулун б) жаман в) табам
2. Өткөн чак этиш кайсы?
   а) жазды б) жазып жатат в) жазат
3. Учур чак этиш сөздөрдү тапкын.
   а) келдим б) келе жатат в) келдиң
4. Келер чак этиштин суроосу кайсы?
   а) эмне болду? б) эмне болот? в) эмне болуп жатат?
5. Этиш сөздөр сүйлөмдүн кайсы мүчөсүнүн милдетин аткарат?
   а) айкындоочтун б) баяндоочтун в) ээнин
6. Этиш сөздөр көбүнчө сүйлөмдүн каеринде болот?
   а) башында б) аягында в) ортосунда



## ■ Өз алдымча иштеймин

**1.** Байкагандарыңды пайдалан. Сенин апаң үйдө эмне кылат? Анын кандай жакшы жактарын билесиң? Кайсы жерде иштейт? Ошол тууралуу айтып, «Менин апам» деген темада текст жаз.

**2.** Адегенде төмөнкү ырдагы чекиттерге туура келгендей сөздөрдү коюп, ырды толуктап көр.

М и с а л ы:

АТАМ

Менин атам — жөнөкөй адам,
Сыйлашат бирок ... баары.
... ... .... дейт,
Жанымдай ... ... ... аны.

Зат атооч сөздөрдүн астын сызып көрсөт. Алар кайсы жөндөмөдө турат?

Апаңа же атаңа арнап ыр жазып көр. Ата-энеңдин боорукерлигин, ак пейилдүүлүгүн, эмгекчилдигин, башкаларга барктуулугун ж.б. жактарын көрсөт.

**3.** Төмөнкү сөздөрдүн өз орундарын таап, жаз.

Ала-Тоо, калпагың, ак, кезде, кийген,
Аскасы, асманга, кезде, көк, тийген.
Мен, чыгам, дагы, жолго, тосо, таңды,
Кучактайм, нурга, ой-кырларын, кошо.
Улуусуң — бүткөн, жери, ырдан, кыргыз,
Сулуусуң — нурдан, жери, кыргыз, бүткөн.

Кайсы ыр экен? Ырдын сөзүн ким жазган? Обону кимдики? Ырдагы зат атооч сөздөрдүн астын сызып көрсөт. Алар кайсы жөндөмөлөрдү көрсөтүп турат?

**4.** Сүйлөмдөрдөгү көп чекиттердин ордун толуктап жаз.

а) Күмүшай ... ... ... турду. ... суу куйду. ... шыпырды. ... ... ... апасы келди. Ал ... ... ... сүйүндү. ... апасы ... сылады.

Сүйлөмдүн ээлерине суроо коюп, астын сыз. Алардын милдетин кайсы сөз түркүмү аткарды? Баяндоочторун белгиле. Алардын милдетин кайсы сөз түркүмү аткарды? Алар кайсы чакты көрсөтүп турат?

**5.** Чекиттердин ордуна тиешелүү сөздөрдү коюп жаз. Алар кайсы сөз түркүмдөрүндөгү сөздөр? Биринчи, экинчи сүйлөмдөгү берилген сөздөр кайсы сөз түркүмүндөгү сөздөр? Алар кандай сөздөр деп ойлойсуң? Дагы ушундай эки сүйлөм жаз.

... сүйлөдү, түшүндүрдү, окутту, жаздырды. Китеп, дептер, калемсап, өчүргүч, сызгыч ... ... .

**6.** Жаңылмачты оку. Тез айтып үйрөн. Зат атооч, этиш сөздөрдү көрсөт. Зат атооч, этиш деп үстүнө жаз.

Ат басты,
Бат басты.
Ат качты.
Адамдар абайлап,
Акырын кармашты.

Зат атооч, этиш болбой калган сөздөр кайсылар?

**7.** Үй жаныбарлары жөнүндө жаңылмач жазып көр.

## 3. СЫН АТООЧ

**337.** Табышмактарды оку. Жандырмагын тап.

1. Саксайган түрү бар.
Адам коркор үнү бар.
(...у)

2. Өзүн жесең ачуу,
Тамакка кошсоң даамдуу.
(т...)

Табышмактардын жандырмактарын кантип таптың? ***Кандай?*** деген суроолорго жооп берген сөздөр кайсылар? Ооба, ***кандай?*** деген суроо аркылуу аюунун түрүн, үнүн жана туздун даамын билдирген сөздөрдү таап, башка заттардын белгилерине салыштырып, жандырмагын таптың. Анткени саксайган түр, коркунучтуу үн аюуга, ал эми ачуу, бирок тамакты таттуу кылган даам тузга тиешелүү белгилер.

**338.** Сүйлөмдөрдү оку. Зат атоочтун белгилерин мүнөздөгөн сөздөрдү көчүрүп жаз.

1. Анара колуна кызыл гүл кармап келе жатат.
2. Короодо жумуру дөңгөч жатат.
3. Алыстан бийик тоолор көрүндү.



www.bizdin.kg

Зат атоочтордун белгилерин мүнөздөөчү сөздөр кайсы суроого жооп берди?

*Демек, заттын өңү-түсүн, сапатын, даамын, формасын, көлөмүн көрсөтүп,* ***кандай?*** *деген суроого жооп берип турган сөздөрдү* ***сын атооч*** *дейбиз.*

*М и с а л ы:* ***кызыл алма, толуу өлкө*** *ж.б. Мында* ***кызыл, толуу*** *деген сөздөр* ***кандай?*** *деген суроолорго жооп берет. Булар сын атооч сөздөр.*

*Сын атооч сапаттык сын жана катыштык сын болуп экиге бөлүнөт.*

**Сапаттык сын атооч сөздөр**

| Заттын өңү-түсүн билдирет | Заттын сапатын билдирет | Заттын даамын билдирет | Заттын формасын билдирет | Заттын көлөмүн билдирет |
|---|---|---|---|---|
| Кызыл (гүл), сары (көйнөк), ак (жоолук), жашыл (диван), көк (калем) | Жакшы (бала), салкын (аба), элпек (кыз), эстүү (киши), кызык (китеп) | Ачуу (туз), таттуу (бал), кычкыл (жарма), супсак (шорпо), ширин (алма) | Түз (сызык), тоголок (топ), жумуру (дөңгөч), сүйрү (коон), ийри (жол) | Ичке (жип), бийик (үй), кичине (топ), узун (аркан), семиз (кой) |

**339.** Төмөнкү сөздөрдү окугун. Чекиттердин ордуна ылайык келген сапаттык сын атооч сөздөрдү коюп, көчүрүп жаз.

... кыз, ... кулак, ... шамал, ... китеп, ... сүт, ... тон, ... көйнөк, ... калемпир, ... балта.

Сын атоочтор заттын кандай белгилерин көрсөттү? Айтып бер.

www.bizdin.kg

**340.** Оку. Көчүрүп сын атооч сөздөрдү сызып көрсөт.

Адыр-адыр бел менен,
Аркар баскан жол менен.
Кызыл ала кан болуп,
Келдим деди канына.
Тилке-тилке коо экен,
Аягы калың чер экен.

Ач кайкалаң бел экен,
Ат жүргүс жаман жер экен.
Бөтөн-бөтөн коо менен,
Жолго баатыр салыптыр.
Уудуң-шуудуң жан болсо,
Ушундайда жолукса... .

*(«Манас», II т.)*

**Коо, чер** деген сөздөрдү кандай түшүнөсүң? Манасчылардын «Манасты» айтуу ыкмаларын туурап, айтып үйрөн.

**341. Кызыл гүл, таза суу** деген сөздөрдү жөндөп көр. Эмнени байкадың?

● **342.** Текстти окуп, түшүнгөнүңдү айтып бер. Андан сапаттык сын атооч сөздөрдү көчүрүп жаз.

Тропикалык ысык өлкөлөрдө бир кызык жырткыч өсүмдүк өсөт. Ал «непентес» деп аталат. Анын жалбырагынын учунда алыстан эле көзгө урунган чымкый сары же кызыл кичинекей «кумуралары» бар. Алардын жытынын аңкыганын айтпа! Өтө таттуу шире издеген чымын-чиркей кумурага келип конот. Кумуранын капталы өтө жылмакай болгондуктан анын четине конгон кичинекей коңуз ошол замат, жылмышып кумуранын түбүнө түшөт. Андагы суюктукта курт-кумурска эрип, сиңирилет. Жер шарында ушул күнгө чейин белгилүү болгон беш жүзгө жакын ар түрдүү жырткыч өсүмдүк бар. Аларды окумуштуулар курт-кумурска жегич өсүмдүктөр деп аташат.

*(Балдар энциклопедиясынан)*

Текстке тема кой жана маанисин бир сүйлөм менен түшүндүр.



**343.** Берилген сын атооч сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөрдү түзүп жаз.

Жалтырак, ачуу, бийик, жашыл, түз, эстүү, жыттуу.

Сын атооч сөздөр заттын кандай белгилерин көрсөткөнүн айтып бер.

**344.** Оку. **Кандай?** деген суроого карата заттын белгилерин жаз.

1. Заттын өңү-түсүн билдирген сөздөр —— ..............
2. Заттын сапатын билдирген сөздөр ——...............
3. Заттын даамын билдирген сөздөр —— .................
4. Заттын формасын билдирген сөздөр —— ............
5. Заттын көлөмүн билдирген сөздөр ——.................

Ар бир заттын кандай сапаттарын көрсөтүп жаздың?

**345.** Көп чекиттердин ордуна сын атооч сөздөрдү коюп, толуктап жаз. Алар заттын кандай белгисин көрсөткөндүгүн аныкта.

1. Китепканага ... китептер алынып келинди. 2. Тоонун этегинен агып чыккан ... булактар ... дарыяларга барып куюлат. 3. Тоонун ... суусу таштан-ташка урунуп оргуштайт. 4. Чоң эне ... пейили менен батасын берди. 5. Жайлоодо жүргөндө кээде ... кийим кийүүгө туура келет.

Колдонулуучу сөздөр: **жаңы, чоң, тунук, жылуу, жакшы, кичинекей.**
Колдонулуучу сын атооч сөздөр заттын кандай белгилерин көрсөтүп турат?

**346.** Табышмактын жандырмагын тап. Сын атооч сөз кайсы сөз менен айкашып турат? Анын эмнесин билдирди?

Кичинекей медерим,
Жер түбүнө жетерим. (...з)

● **347.** Текстти оку. Көчүрүп жаз. Сын атооч сөздөрдүн астын сыз. Текстти андан ары улантып жаз.

Кар калың жаады. Үйлөрдүн морунан чыккан боз түтүн асманга көтөрүлөт. Көчөдө эл аз. Анда-санда өткөн машиналар араң кыбырагансыйт.

www.bizdin.kg

**348.** Сүрөттөрдү карап, зат атоочторду жазып, алардын бир нече белгилерин ата.







**349.** Сол жактагы сөздөрдү оку. Кандай сөздөрдү окудуң?

жакшы — жакшыраак
бекем — бекемирээк
жашыл — **-ыраак** — жашылыраак
жылуу — жылууraak

Сөздөргө **-ыраак** мүчөсүн жалгап окуп көр. Кандай сөздөр пайда болду? Бул сөздөр заттардын белгисин эмне кылып көрсөтөт?

*Ооба, салыштырып көрсөттү. Демек, салыштырма сын атооч сөздөр* ***-ыраак*** *мүчөсүнүн жардамы менен түзүлөт.*

**350.** Текстти көчүр. Салыштырма сын атооч сөздөрдүн астын сыз. Алардын жазылышын байка.

Аксакалдар кененирээк үйгө кирешти. Отургандардын ичинде улуураагы менин атам экен. Кумгандагы жылуураак суудан отургандардын колдоруна суу куйдум. Алардын ар бири өз каалоолорун айтып, алкап жатышты.

**351.** Төмөнкү берилген **-ыраак** мүчөсүнүн өзгөрүштөрүнө ылайык сапаттык сын атооч сөздөрдү таап, көп чекиттердин ордуна коюп оку, жаз.

...ыраак, ...үрөөк, ...ирээк, ...ураак.



**352.** Сөздөрдү оку. Ал кандай сын атооч сөздөр? Аларды катыштырып, сүйлөмдөрдү түзүп жаз.

Тазараак, тагыраак, ачыгыраак, узунураак, кычкылыраак.

**353.** Сүйлөмдү оку. Андан сын атооч сөздү тап.

1. Бишкек шаарына <u>сонун</u> (Кандай?) үйлөр курулду.

**Сонун** деген сын атооч сөзгө төмөнкү бөлүкчөлөрдү айкалыштырып окуп көр.

2. Бишкек шаарына өтө / эң / абдан / аябай — сонун үйлөр курулду.

Азыр ал кандайча айтылды? Ооба, **өтө сонун, эң сонун, абдан сонун, аябай сонун** болуп күчөтүлүп айтылды.

*1. Эң, өтө, абдан, аябай деген күчөтмө сөздөр сын атооч сөздөргө айкалышып,* ***күчөтмө сын атооч*** *жасалат.*
М и с а л ы: ***өтө коркунучтуу, абдан кооз, аябай тырышчаак.***
*2. Толук маанидеги сын атоочко анын биринчи муунунан алынган* ***кып-, кип-, ып-, уп-*** *бирге жазылып, күчөтмө сын атооч түзүлөт.*
М и с а л ы: ***капкара, упузун, кыпкызыл*** ж.б.

**354.** Сөздөрдү оку. Күчөтмө сын атооч сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөрдү түзүп жаз.

Бипбийик, өтө чоң, эң терең, көпкөк, таптаза, абдан жумшак.

Күчөтмө сын атооч сөздөр зат атооч сөздөрдүн кандай деңгээлин көрсөттү?

**355.** Төмөнкү сын атооч сөздөрдү күчөтмө сын атоочко айландырып жаз. Андан кийин салыштырма сын атоочко айландырып жаз.

Суук, кенен, жашыл, кыска, таза, ичке, жоон, кызыл.

www.bizdin.kg

**356.** Берилген күчөткүч муундарды пайдаланып, күчөтмө сын атооч сөздөрдү түзүп жаз.

Ип..., уп..., кип..., ап..., топ..., жып..., кып..., теп... .

● **356ᵃ.** Салыштырма сын атоочко 5 сөз, күчөтмө сын атоочко 5 сөз жаз.

## КАТЫШТЫК СЫН АТООЧ

**357.** Сөздөрдү оку. Суроо коюп, кандай сөздөр экенин түшүндүр. Оң жактагы сөздөрдүн түзүлүшүн айтып бер.

| | |
|---|---|
| Таалай (эмне?). | Таалай**луу** (кандай?). |
| Унут (эмне кыл?). | Унут**чаак** (кандай?). |

*Ооба, зат атооч жана этиш сөздөр **-луу, -чаак** мүчөлөрүнүн жардамы менен сын атооч сөздөргө айланды. **-луу, -чаак** мүчөлөрү сын атооч жасоочу мүчөлөр турбайбы.*
*Демек, сын атоочту жасоочу мүчөлөр аркылуу башка сөз түркүмдөрүнөн түзүлгөн сын атооч сөздөр **катыштык сын** деп аталат.*

Зат атоочтон сын атооч жасоочу мүчөлөр:

**-луу** — баалуу, эстүү, билимдүү, тартиптүү, ... , ...
**-дай** — тоодой, көлдөй, сүттөй, ..., ... , ...
**-сыз** — акылсыз, адепсиз, тартипсиз, ... , ... , ...
**-лык** — балалык, шаардык, класстык, ... , ... , ...
**-чыл** — эмгекчил, ойчул, суучул, ... , ... , ...
**-мер** — ишкер, айлакер, талапкер, ... , ... , ...

Мүчөлөрдүн башкы тыбышынын өзгөрүшүнө көңүл бур. Көнүгүүдөгү сөздөрдү бдан сөзгө жеткирип жаз.

**358.** Табышмакты окуп, жандырмагын тап. **Кандай?** деген суроого жооп берген сын атооч сөздөрдү айтып бер. Андагы катыштык сындын кайсы сөз түркүмүнөн түзүлгөнүн аныкта.

Билимдин кайнар булагы,
Өмүрдүн жарык чырагы.
Канаттары кабаттуу,
Тапкыла жообун уталы.

(...п)



**359.** Текстти оку. Баатырдын баатыр жубайы ким экенин айтып бер. Кара тамга менен басылган сөздөрдү дептериңе көчүрүп жаз. Андагы катыштык сын атооч сөздөрдү айтып бер.

### БААТЫРДЫН БААТЫР ЖУБАЙЫ.

Мен ушул **орто бойлуу, өтө чымыр денелүү, кайраттуу** кишини бир топ жылдан бери билем. **Аппак** кар, **көк** муз кетип, жер бети бир жеңилдене, **көк** көрпөсүн жайып калган.

— Керимбүбү эженин үйү кайсы? — деп сурадым.

— Тээтиги **жаңы салынган чатырлуу** үй, — дешип көрсөтүп беришти.

Биз ушул **укмуштуу, эрки күчтүү** эже — **легендарлуу** 28 панфиловчу баатырлардын бири Дүйшөнкул Шопоковдун жубайы Керимбүбү Шопокова менен таанышып, көрүшкөнү келе жатабыз. Кандайдыр бир **алп** адамга жолукчудай сүрдөп, жүрөгүбүз дүкүлдөйт. **Өтө жөнөкөй** кийинген, **карапайым** эки аял короодо кийиз күбүп жатыптыр. Биз делдейип токтоп калдык да:

— Бизге Керимбүбү эже керек эле, — дедик. Алиги эки аялдын бири:

— Ии, керек болсо келгиле, үйгө киргиле. Биз ишибизди бүтүрө коёлу, аз калды, — деди. Көрсө, ошол бизге жооп берген аялдын өзү баатырдын жубайы, Социалисттик Эмгектин Баатыры Керимбүбү Шопокова экен.

*(ЛЖ).*

**360.** Макалды оку. Көчүрүп, катыштык сын атооч сөздөрдүн астын сыз. Түшүнгөнүңдү айтып бер. Аларга тыбыштык талдоо жүргүз.

| | |
|---|---|
| Акылдуу балага айтсаң билет, | Кирсиз жүрсөң, |
| Акылсыз балага айтсаң күлөт. | Оорусуз болосуң. |

● **361.** Төмөнкү сөздөрдү оку. Уңгу, мүчөгө ажыратып, сын атооч сөздөрдүн жасалышын түшүндүр. Ал сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөрдү түзүп жаз.

Шаардык, эмгекчил, сөзмөр, өнөрпоз.

www.bizdin.kg

**362.** а) Төмөнкү мүчөлөрдү оку. Чекиттердин ордуна тиешелүү зат атооч сөз–дөрдү коюп жаз. Кайсы сөз түркүмүндөгү сөздөр жасалды?

...луу, ...сиз, ...дай, ...чыл, ...кер, ...лык.

б) Төмөнкү этиштен сын атооч сөздөрдү жасоочу мүчөлөрдү карап көр. Анын ар бирин сабындагы сөздөргө билгенинче кошумчалап көчүр.

Этиштен сын атооч жасоочу мүчөлөр:

- **гыр** — алгыр, өткүр,....
- **чаак** — уялчаак, тартынчаак, урушчаак,....
- **гыч** — сезгич, билгич, соргуч,....
- **ма** — чийме, жайма, өрмө,....
- **анаак** — сүзөнөөк, кабанаак, тебенээк.

**362ᵃ.** Жаңылмачты бат айтып үйрөн жана **кандай?** деген суроо коюп, андагы сын атоочторду тапкын.

1. Ак мончок, көк мончок,
Аябай көп мончок.
Көп мончок ичинде,
Көгүлтүр көз мончок.

2. Токол музоо сүзөнөөк,
Моюнчасын үзөнөөк,
Сүзөнөөк, үзөнөөк,
Байлап салдык үчөөлөп.

*(Б. Т.)*

Каалаган жаңылмачты жатка жаз.

Сапаттык сын атооч сөздөр кайсылар? Катыштык сын атооч сөздөр кайсылар? Алар кайсы сөз түркүмүнөн түзүлүптүр?

**363.** Текстти оку. Ага тема кой. Сын атооч сөздөрдү таап, заттын кандай белгилерин көрсөткөнүн айтып бер.

Негедир карт кочкор менен жаш кочкорчо бөлүнүшө албай тут-какташа түшүштү. Шиштигий жаш мүйүз ийрилген куу мүйүзгө илинип калыптыр. Карт кочкордун ачуусу анык келген экен. Балдар чырылдап жеткенче, кочкор сүзөнөөк Дөндөштү мүйүзүнөн илген боюнча бутун жерге тийгизбей бултактата түпкүчтөй башын тыяк-быякка булкуп, нарылай арыштай чуркады. Мына, бир маалда боз козу күп эле алда кайда ыргып түштү. Азиз чымылдап жетсе, сүзөнөөк Дөндөштүн башы кызыл жаян кан, эки мүйүзү тең түбүнөн омкорулуп түшүптүр.

*(Ш. Б.)*

Андагы сапаттык сын менен катыштык сын атооч сөздөрдү айырмалап айтып, эки мамычага бөлүп жаз.

**364.** Текстти оку, мазмунун айтып бер. Көчүрүп жаз.

Кызыл чырай, нур жүздүү, кырдач мурун, кара каш, кара көз, кичинекей жаш Каныбек таягына сүйөнүп, бийик асканын башында турат. Аба ысык, күн ачык. Асканын алдындагы кичинекей булактан суу ичишип, койлор булактын эки жагында жайбаракат оттоп жүрүшөт.

*(К. Ж.)*

Андан сын атооч сөздөрдү таап, сапаттык жана катыштык сынга ажыратып түшүндүр. Текстке карата сүрөт тарт. Жылдын кайсы мезгили сүрөттөлгөн? Бул тексттин кайсы түрү? Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөм барбы?

**365.** Төмөнкү сөздөрдү окуп, уңгу жана мүчөгө ажырат.

Өткүр, илгич, тизме, өрмө, уялчаак, алмашуу, суудай.

Уңгулар кайсы сөз түркүмүнө тиешелүү экен? Андан кайсы мүчөлөр аркылуу сын атооч сөздөр жасалды? Бул сын атооч сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөрдү түзүп жаз.

## ЖӨНӨКӨЙ ЖАНА ТАТААЛ СЫН АТООЧТОР

**366.** Текстти оку. Кара тамга менен басылган сөздөрдү көчүрүп жаз.

**Ак мөңгүлүү** тоолорго күндүн нуру **тегиз** чачырады. **Кирсиз** асман көңүлүбүздү ого бетер көтөрдү. **Калың арчалуу** бетте жайылган койлор алыстан көрүндү. **Жалгыз аяк** жол менен малчыларга келдик.

Алардын түзүлүштөрүн салыштыр. Бир сөздөн, эки сөздөн турган сын атооч сөздөрдү айырмалап айтып бер.

www.bizdin.kg

Ооба, сын атоочтор түзүлүшүнө карай жөнөкөй жана татаал болуп экиге бөлүнөт.

| Жөнөкөй сын атоочтор бир сөздөн турат | Татаал сын атоочтор эки же андан ашык сөздөн турат |
|---|---|
| Мисалы: *жашыл, жаш, бийик, таза, семиз, жыттуу, элпек, кенен, ийри, томолок* ж.б. | Мисалы: *көпкөк, боз ала, кара тору, кичи пейил, ак көңүл, чымкый кызыл, эң сонун, бала кыял, улуукичүү* ж.б. |

**367.** Төмөнкү жөнөкөй сын атоочторду татаал сын атоочторго айландырып жазып көргүн.

Кара, узун, кызыл, терең, кымбат, сонун, таттуу, начар, терең.

Үлгү: *кара ниет, ...*

Жөнөкөй сын менен татаал сын атоочтун кандай айырмасын байкадың?

**368.** Табышмакты тап, андагы сын атоочтордун түзүлүштөрүн салыштыр.

Бурамалуу тулпар ат,
Бардык жүктү көтөрөт.
Абдан ылдам чуркаган,
Үйлөрү бар эң таза,
Муну ойлоп ким табат?

(п...)

Жөнөкөй сын атоочту, андан кийин татаал сын атооч сөздөрдү көчүрүп жаз. Күчөтмө сын атооч сөздөр барбы? Атап бер.

**369.** Текстти окуп, кара тамга менен жазылган сөздөрдү көчүрүп жаз. Аларды түзүлүшү боюнча кандай сын атооч сөздөр экенин айтып бергин.

Башын сылаган **туурук** колду сезип туруп, баланын каңырыгы түтөп кетти. Таятасынан **жаңы** оргон чөптүн, күн ысыгына **ачыган** тердин жыты келип, ушул **жыртайган** арык чал дүйнөдөгү **эң жакшы** көргөн, **жан ачыр** кишиси экени, анан ушу киши канатына калкалап, бооруна кысып, бирөөдөн кагуу жеп келгенде **туурук** алаканы менен жашын аарчыганы, көзүнөн өөп, уйкусурап жатканда акырын келип, төбөсүнөн шоркурата жыттап жүргөнү, эми минтип дүкөнчүдөн жеме укса да, китеп кап сатып берип турганы баланы эркетип жиберди. **Ысык** жаш каңылжаарын ачыштырып, кысып келип, араң карманды. Тиги дүкөнчүгө окшогон шылуундар мазактап, Момун **элпек** деп ат коюп алышканы ушу арка туткан **чүкөдөй** таятасы... Мейли айта беришсин! Кандай болсо да өзүнүн таятасы! Таята бар экени жакшы тура!

*(Ч. А.)*

Ушул текстти кайсы китептен окудуң эле? Текстке карата тема коюп көрчү. Мазмунун бир сүйлөм менен алмаштыр.

**370.** Макалдарды оку. Аларды чечмелеп айтып бер. Көчүрүп жаз.

1. Сырты — жалтырак, ичи — калтырак.
2. Кыңыр иш кырк жылдан кийин да билинет.
3. Эмгегиң катуу болсо, тatканың таттуу болот.
4. Жакшы окуучу — баарына үлгү,
   Жаман окуучу — баарына күлкү.
5. Ак көңүлдүн аты арыбайт.

**Кандай?** деген суроо коюп, сын атооч сөздөрдүн астын сыз. Жөнөкөй сын атоочтор кайсылар? Татаал сын атооч кайсы?

● **371.** Төмөнкү татаал сын атоочтор кайсы сөз түркүмдөрүнөн турарын аныкта.

Ак көңүл, кең пейил, кара чаар, таш боор, тоң моюн, чоң-чоң.

Үлгү: *ак көңүл = сын атооч + зат атооч.*

www.bizdin.kg

## СЫН АТООЧТУН ЖАЗЫЛЫШЫ

**372.** Текстти оку. Андан сын атооч сөздөрдү тап.

Айдайдын кыпкызыл көйнөгү өзүнө абдан жакшы жарашат. Таза жүрөт. Адамдардын ар түрдүү кыял-жоруугу болот эмеспи. Аны бардыгы эле ак көңүл, ачык-айрым кыз деп макташат.

Сын атооч сөздөрдү көчүрүп жазып, алардын жазылыштарын байка. Ооба, **кыпкызыл, абдан жакшы, таза, ар түрдүү, ак көңүл, ачык-айрым** деген сөздөрдү жаздың. Алардын жазылыштарын байкаганда кээ бири бирге, кээси айрым-айрым жазылып ортосуна дефис коюлган. Эмне үчүн ушундай түрдүүчө жазылды деп ойлойсуң?

*1. Ооба, кош сөз түрүндөгү сын атоочтордун арасына дефис коюлуп жазылат:* ***сонун-сонун, чоң-чоң, бийик-бийик*** *ж.б.*
*2. Кошмок сөз түрүндөгү сын атоочтор айрым-айрым жазылат:* ***кара чаар , боз бала, кара күрөң*** *ж б.*
*3. Толук маанидеги сын атооч сөздөр менен анын башкы муунуна карай алынган күчөтмө формалар* ***кып-, кип-, тап-, ып-*** *бирге жазылат:* ***кыпкызыл, упузун, тептерең*** *ж.б.*
*4. Өтө, абдан, эң, аябай деген күчөтмө бөлүкчөлөр сын атооч менен айкашып, бөлөк жазылат:* ***өтө күчтүү, абдан бийик, эң кымбат*** *ж.б.*
*5. Салыштырма сын атоочтун* ***-ыраак*** *мүчөсү сын атооч сөздөргө уланганда созулуп, айтылышындай жазылат:* ***азыраак, тазараак, күчтүүрөөк, жакшыраак*** *ж.б.*

**373.** Жаңылмачты окуп, бат айтып үйрөн. Үйрөнгөнүң боюнча жатка жазып, китептегиге салыштыр.

Ай, ак тайлак, ак тайлак,
Оюнкараак тайраңдап,
Оюнкараак ак тайлак,
Абайлай көр, жол тайгак.

*(Б. Т.)*

Андагы сын атооч сөздөрдүн жазылыштарын айтып бер.



**374.** Кош сөз түрүндөгү беш сын атооч жана кошмок сөз түрүндөгү беш сын атооч сөз жаз. Жазылыштарын салыштыр.

**375.** Текстти оку. Суроо коюп, сын атооч сөздөрдү тап.

Сымбаттуу орто боюна кара бараң кеп куйгандай келише калды. Өзүнө маалым узун кырдын арсактарын аралап, корумдарын көмүрдөй тебелей баштады. Бирок текелер жолуккан жок. Кыйды болгон бугулар күмүш ала бакан сыяктуу каркайган мүйүздөрүн көтөрүп, суу боюндагы караган-черди аралап да келишти. Алгыр бүркүттөй талпынган Акай огунун жалгыздыгына кейип, асманда бара жаткан булуттарды тиктегенден тиктеди.

*(А. Т.)*

Сын атооч сөздөрдү көчүрүп жаз. Алардын жазылыштарын салыштырып айтып бер. Кайсы чыгармадан үзүндү окудуң?

**376.** Табышмактарды тап. Көчүрүп жазып, сын атооч сөздөрдүн астын сызып, жазылыштарын салыштыргын. Алар сын атоочтун кайсы түрүнө кирет? Сүйлөмдө кайсы милдетти аткарып турушат? Кош сөз түрүндөгү сын атооч сөз кайсы?

1. Кичинекей тоголок,
Кабат-кабат тон киет.
(п...)

2. Кара тоо башын кар чалды.
(ч...)

3. Узун-узун уз келди,
Узун бойлуу кыз келди.
(с...)

4. Өзү аппак, кар эмес,
Таттуу, бирок кант эмес.
(к...р)

● **377.** Сүйлөмдөрдү окугула. Көп чекиттердин ордуна тиешелүү сын атооч сөздөрдү коюп, сүйлөмдөрдү толуктап жаз.

... кыш келди. Дарыялардын үстү ... муз. Балдар күн сайын ушул ... муз үстүнө жылгаяк тебишет. Оюнга тойбогон балдардын жүздөрү ... Кыш мезгилинде ... абада эс алуу да өзүнчө ... рахат эмеспи. Ал ... жактары менен ... .

Пайдаланылуучу сөздөр: **сонун, ызгаардуу, абдан кубанычтуу, таза, чоң, жагымдуу, жапжалтырак, сыйкырдуу.**

Чекиттердин ордуна жазылган сын атооч сөздөр кайсы сөздөр менен айкашып турат? Мүчөлөр аркылуубу же мааниси боюнчабы? Сүйлөм мүчөлөрү боюнча кайсы милдетти аткарып турушат? Аныктап айтып бер.

www.bizdin.kg

## Кайталоо үчүн суроолор

1. Сын атооч деп эмнени айтабыз? Суроосу кайсы?
2. Жөнөкөй сын атооч менен татаал сын атоочтун айырмасы эмнеде?
3. Сапаттык сын менен катыштык сын атоочтордун айырмасын кантип билебиз?
4. Салыштырма сын атооч кандайча түзүлөт?
5. Күчөтмө сын атооч кандайча түзүлөт?
6. Сын атооч сөздөрдүн жазылыштары кандай болот?
7. Сын атооч сүйлөмдө көбүнчө эмненин кызматын аткарат?

## Өзүмдү текшеремин

1. Сын атооч сөз кайсы?
   а) киши б) жакшы в) жети
2. Сын атоочтун суроосу кайсы?
   а) ким? б) кайсы? в) кандай?
3. Татаал сын атооч сөздү тап.
   а) сары ала б) ата-эне в) өйдө-төмөн
4. Салыштырма сын атоочту көрсөт.
   а) жашыл б) жашылыраак в) өтө жашыл
5. Катыштык сын атооч сөз кайсы?
   а) сары б) узун в) суусуз
6. Күчөтмө сын атооч сөздү көрсөт?
   а) күрөн б) көпкөк в) көгүрөөк
7. Кошмок сөз түрүндөгү сын атооч сөздү тап.
   а) капкара б) кара тору в) кара
8. Сын атоочтун зат атооч менен айкашкан учурун көрсөт.
   а) таза көрүндү б) таза жүр в) таза бал
9. Сын атооч көбүнчө сүйлөмдө кайсы милдетти аткарат?
   а) ээ б) баяндооч в) айкындооч



10. Чөп деген сөзгө кайсы мүчөнү улап, жаңы сын атооч сөз жасайсың?
    а) -кө б) -түү в) -төр
11. Бал кандай болот?
    а) кычкыл б) таттуу в) ачуу

## Өз алдымча иштеймин

**1.** Төкмө акын дегенге кандай түшүнөсүң? Ооба, төкмө дегендей эле ырдаган сайын анын сөздөрү куюлушуп, уйкашып, комуз менен же жөн деле ырдай берет. Ал каалоо, тилек, куттуктоо, даңазалоо, сүрөттөө ж.б. түрүндө айтат. Эмесе «Биздин класс» деген темада төкмө акындардай мактап ыр түзүп көрөлү.

М и с а л ы: Биздин класска киргенде,
Көңүлүң дайым ачылат.
Ишенбесең келип көр,
Бардыгы таза жалтырап ж.у.с.

Андан ары өзүң улантып көр.
Ага сөз түркүмдөрү боюнча талдоо жүргүз.

**2.** а) Төмөнкү макалды оку. Маанисин карап көрөлү.

этиш этиш
Иштесең — тиштейсиң.

Иштеген адамдын эмгеги талаага кетпейт. Талаада иштесе, түшүмүн алат. Башка кызматта иштесе, үзүрүн көрөт. Иштебеген адам эч нерсе албайт, куру калат. Ошондуктан иштеш керек. «Иштесең тиштейсиң» деген элдик макал ошону билдирет.

б) Сен төмөнкү макалды ушундайча түшүндүрүп жаз. Андагы сөздөрдү сөз түркүмдөрү боюнча талдап көрсөт.

Жалкоонун эртеңи түгөнбөйт.

**3.** Төмөнкү сөздөрдү сөз түркүмдөрү боюнча талдап, жазып чык.

Зат. атооч

Жолборс, күрөң, ачуу, он жетинчи, беш, алтынга, мени, карагын, жазды, уч, береке, момпосуй, калемпир, тирөөч, көпкөк, тегерек, экинчи, чуркады.

www.bizdin.kg

**4.** Сүйлөмдөрдү сөз түркүмдөрүнө ажыратып жаз.

Асман чайыттай ачык болчу. Биз суу жээктеп келе жаттык. Аңгыча күн бүркөлүп, жамгыр себелей баштады. Баарыбыз үйгө жөнөдүк.

зат ат. сын ат. сын ат. этиш

Ү л г ү: Асман чайыттай ачык болчу.

**5.** Сөз түркүмдөрүнө тиешелүү сөздөрдү таап, ар бирине ондон сөз жаз.

Зат атооч сөздөр: ..................
Этиш сөздөр: ..................
Сын атооч сөздөр: ...............
Сан атооч сөздөр: ...............
Ат атооч сөздөр: ................

**6.** Оку. Сүйлөмдөрдөгү сөздөрдүн ордун таап коюп, үтүр белгилерин алып салып, көчүрүп жаз.

ОШ ШААРЫ

Ош, байыркы, шаары, шаарлардан болот. Биздин, чейин, заманга, эле, эл, жашаган, жерде, бул. Ал, мында, кезде, дыйканчылык менен, көргөн, күн, эл. Илгери, шаары, аркылуу, Ош, кербени, соодагерлердин, жайы да, болгон, токтоочу. Ош, Бишкек, Кыргызстанда, шаары, шаарынан, эң, эле, шаар, кийинки, чоң.

**7.** «Менин күлкүлүү жоруктарым» деген темада башыңдан өткөн күлкүлүү окуяларыңды айтып, чакан аңгеме жаз.

Бул тексттин кайсы түрү?

**8.** «Каникулда» деген темада текст жаз. Анда сен кайда бара турганың, каникулду кандайча өткөрө турганың жөнүндө баяндайсың.

## 4. САН АТООЧ

**378** Окуп, эсепте. **Канча?** деген суроого жооп берген сөздөрдү дептериңе жаз.

Атам барып базарга,
Алып келди үч таңгак.
Ачып аны карасак,
Ар биринде жүз жаңгак.



Онун берди Бейшеге,
Он экиси Шейшеге,
Жеңишбекке жетисин,
Эшкул ээлеп экисин,
Белек алды бешти,
Канчаны алар жешти?

*(«Байчечекей» журналы)*

Кайсы сөздөрдү жаздың? Оку. Алар эмнелерди билдирип турат?

*Демек, заттардын санын көрсөтүп,* ***канча? нече? канчанчы? неченчи?*** *деген суроолорго жооп берген сөздөрдү* ***сан атооч*** *дейбиз. Сан атооч маанисине карай* ***эсептик сан*** *жана* ***иреттик сан атооч*** *болуп бөлүнөт.*

М и с а л ы: *Бермет* ***төртүнчү*** *класста окуйт.* ***Төртүнчү*** *— иреттик сан. Айнура* ***үч*** *китеп сатып алды.* ***Үч*** *— эсептик сан.*

*Сан атооч түзүлүшү боюнча жөнөкөй, татаал болуп бөлүнөт.* ***Беш*** *— жөнөкөй сан, он беш — татаал сан.*

**379** Төмөнкү макалдарды окуп, түшүнүгүңдү айтып бер. Көчүрүп, сан атооч сөздөрдүн астын сыз. Кайсы суроого жооп бергенин айтып бер.

1. Жүз жолу уккандан, бир көргөн артык.
2. Токсон кабат торкодон, тогуз койдун териси артык.
3. Жети өлчөп, бир кес.
4. Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат.
5. Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт.
6. Атадан алтоо болсоң да, бир жалгыздык башта бар.
7. Билеги күчтүү бирди жыгат,
   Билими күчтүү миңди жыгат.

**Жигитке** жана **атадан** деген сөздөр кайсы жөндөмөдө турат?

**380** Сөз айкаштарын оку. Аларды катыштырып, сүйлөмдөрдү түзүп жаз.

Төрт бала, он эки ай, оңго жакын окуучу, экинчи кабат.

Сан атооч сөздөрдүн астын сызып, алардын кайсы сөздөр менен байланышып турганын айтып бер.

www.bizdin.kg

**381** Оку. Сан атооч сөздөргө кандай суроолор берилгенин Айсалкындын суроолорунан таап, сан атооч сөздөрдү айтып бер.

Айсалкын жаңы келген Толкунду сынамакчы болуп, суроо бере баштады.

— Адамдын денесинин температурасы канча градус болот?

— Дени соо адамдын денесинин температурасы отуз алты бүтүн ондон алты градусту көрсөтөт.

— Бир жылда канча сутка бар?

— Бир жылда болжол менен үч жүз алтымыш беш бүтүн төрттөн бир сутка бар.

Толкундун жоопторун уккан Айсалкын суроосун токтотуп, сөзүн башкага бурду.

Алар математикада кандай сандар деп аталат? Тексттин жазылышын байка. Эмне үчүн айрым сүйлөмдөрдүн алдына сызыкчалар коюлду? Байкап көр.

**382.** Текстти оку. Сан атооч сөздөрдү цифра түрүнө келтирип, көчүрүп жаз. Алардын жазылышын байка.



ЫСЫК-КӨЛ

Ысык-Көл — тоолуу жердеги эбегейсиз чоң көлдөрдүн бири. Деңиз деңгээлинен бир миң алты жүз жыйырма үч метр бийиктиктен



орун алган. Анын бетинин аянты — алты миң эки жүз отуз алты чарчы километр. Узундугу — бир жүз жетимиш сегиз километр. Эң жазы жери алтымыш бүтүн ондон бир километрге жетет. Эң терең жери алты жүз алтымыш сегиз метр, орточо тереңдиги — эки жүз жетимиш сегиз бүтүн ондон төрт метр. Ысык-Көлгө чоң-кичинеси болуп алтымышка жакын суу куят. Андан бир да суу агып чыкпайт. Чар тарабы тоо менен курчалган. Ал тоңбойт. Кышында көлдөгү суунун температурасы үч градустан төмөн түшпөйт. Ысык-Көлдүн жээгинде курорттор, санаторийлер, эс алуу лагерлери жайгашкан.

Ү л г ү: бир миң алты жүз жыйырма үч — 1623, ...

● **383.** Төмөнкү цифра менен берилген сандарды жазуу түрүнө келтирип жаз.

4020, 1107, 109, 6003, 603, 28.

Булар кандай суроолорго жооп берет? Түзүлүшү боюнча кандай сөздөр?

## ЭСЕПТИК САН АТООЧ

**384**. Төмөнкү сөз айкаштарын оку. Суроо коюп, андан сан атооч сөздөрдү тап.

Жыйырма китеп, элүү беш дептер.

**Жыйырма, элүү беш** деген сан атооч сөздөр кайсы сөздөрдүн эмнесин көрсөтүп турат?

*Демек, заттын санын, эсебин, билдирип,* ***канча? нече?*** *деген суроолорго жооп берген сөздөр* ***эсептик сан атооч*** *деп аталат.*

М и с а л ы: ***Эки диван, үч жоолук*** *ж.б.*

**385.** Төмөнкү табышмактын жообун тап.

Бир үйдө он төрт адам жашайт.
Он экиси тегеренип карап турат.
Экөөсү ортосунда кызмат кылат.

(с...)

Эсептик сан атооч сөздөр кайсылар? Суроо берип көр. Анын ичинен жөнөкөй санды, андан кийин татаал санды ата.

**386.** Жаңылмачты жаңылбай бат айтып бер. Китепти жаап, жатка жаз.

Эки өйүздө экөөбүз,
Эки өйүздө эки өгүз.

Эки өгүзсүз экөөбүз,
Суудан кантип өтөбүз?

Эсептик сан атооч сөздөргө суроо коюп тап.

**387.** Төмөнкү эсептик сан атооч сөздөргө **-оо, -өө** мүчөлөрүн улап оку.

Бир..., эки..., үч..., төрт..., беш..., алты..., жети..., сегиз..., тогуз..., он..., он бир... .

Мүчөлөр кайсы санга чейин уланды? Кайсы сандан баштап уланбайт? **-оо, -өө** мүчөлөрү уланган сан атооч сөздөрдү дептериңе жазып алып, эстеп кал.

**388.** Текстти оку.

Ай Жердин айланасында айланып турат. Ага чейинки аралык 356 миң километрден 406 миң километрге чейин жетет. Жер шарынан Айдын диаметри 4 эсе, көлөмү 49 эсе кичине. Жер шарынан ар бири айдын салмагына барабар 81 шар жасоого болот эле. Эгер адам Айга жөө баргысы келсе, 4060 күн жол жүрмөк. Ат менен 810 күн, поезд менен 320 күн, автомобиль менен 160 күн, самолет менен 53 күндө жетер эле.

*(Балдар энциклопедиясынан)*

Сүйлөмдөрдөгү цифра түрүндөгү сан атоочторду жазуу түрүнө айландырып, дептериңе жаз. Алар кандай суроого жооп берет? Бул тексттин кайсы түрү? Тексттин мазмуну боюнча бир сүйлөм менен алмаштыр.

**389.** Сүрөткө карата тема коюп, текст түзүп жаз.





www.bizdin.kg

● **390.** Төмөнкү макалдарды оку, түшүнүгүңдү айтып бер. Дагы сан атооч сөздөр катышкан макалдардан таап жаз.

1. Бирөөнүн ичи — деңиз,
Бирөөнүн ичи — доңуз.

2. Жетөөнүн бири — кыдыр.

Сан атооч сөздөрдү таап, аларга уланган **-өө** мүчөсү жетиден аркы сандарга уланабы, байка.

**391.** Текстти окуп көчүрүп жаз. Эсептик сан атооч сөздөрдүн астын сыз.

## КИРПИНИН ИЙНЕСИ КАНЧА?

Чындыгында эле анда канча ийне бар? Бул көп адамдардын оюна да кирбейт. Зоологдор кирпинин ар бир чарчы сантиметринде орто эсеп менен он бештей ийнеси бар экенин эсептеп чыгышкан. Бир эле кирпинин өзүндө алты-жети миң ийне болот.

*(«Байчечекей» журналы)*

Суроолуу сүйлөмдөрдү атап бер. Алар кандай мааниде айтылат?

**392.** Чийме боюнча оку.

Жыйырма
Жыйырма чакты
Жыйырмадай
Жыйырмадан ашык
Жыйырмага жакын
Жыйырма чамасында
Жыйырма-жыйырма бештей

окуучу келди.

Окуучулардын так эсебин көрсөткөн сан атооч сөз кайсы? Калган сан атооч сөздөр окуучулардын эсебин кандайча көрсөтүп турат? Салыштырып айт. Жөнөкөй жана татаал сан атооч сөздөрдү айырмалап айтып бер. Жазылыштарын байка.

**393.** Текстти оку. Көчүрүп жазып, сан атооч сөздөрдүн астын сыз, түзүлүштөрүн түшүндүр.

Ондой бала дөңсөөгө чыгышты. Беш-алтысы төмөн жактан аларды карап турушат. Тигинде эки-үч окуучу бир нерсени талкуулап жатышкансыйт. Алты-жети кыз аларды көздөй бара жатат.

Тексттин маанисин бир сүйлөм менен алмаштырып айтып бер.

www.bizdin.kg

**394.** Жаңылмачты жаңылбай бат айтып бер. Китепти жаап, жатка жаз, салыштыр.

1. Беш ташты үч ташка төшө,
   Үч ташты беш ташка төшө.
2. Алты бала алтыгананы аралады,
   Алтыгана алты баланы жаралады.

**Канча? нече?** деген суроолорго кайсы сөздөр жооп берди? Алар эмнелердин эсебин көрсөттү?

● **395.** Окуп, сан атооч сөздөргө кандай суроо берилерин байкагын. Көчүрүп жаз. Эсептик сандардын астын сыз.

Биз эки-экиден катар басып, спорттук аянтчага келдик. Мугалимибиз бизди ондон-ондон бөлүп ойнотту. Андан кийин сегизден бөлүнүп, үч команда мелдешке чыктык. Мелдеште улуттук оюндар боюнча биздин команда биринчи орунду алды.

## ИРЕТТИК САН АТООЧ

**396.** Эсептик сан атооч сөздөрдү оку. Кандай суроого жооп берди?

беш
он үч
элүү
тогуз
алты

**-ынчы**

бешинчи үй
... ... ...
... ... ...
... ... ...
... ... ...

**-ынчы** мүчөсүн улап жаз. Алар кандай суроого жооп берип калды? Эмнени билдирген сан атооч сөздөр түзүлдү?

*Демек, ирептик сан атооч заттардын иретин, катарын билдирип, **канчанчы? нечечи?** деген суроолорго жооп берет. Иреттик санды **-ынчы** мүчөсү уюштурат.*

М и с а л ы: ***бешинчи, 15-орун, төртүнчү класс*** *ж.б.*



**397.** Тексттерди оку. Салыштырып көр. Тема кой.

1. Биринчи чака түшкөндө, чапанымды чечип чакага илээштирип жибердим. Экинчи чака түшкөндө, бутумдагы чокоюмду чакага салып жибердим. Үчүнчү чака түшүп келе жатканда, кудуктун түбүнөн көрүнө калып, өлгөн киши калкыгансып калдым.

*(К. Э.)*

2. Эки аттын жабуусу жок экен. Жарайт деп сактап жүргөн эки жабуу дал-далынан жыртылып, жамар жери калбаптыр.

*(Ч. А.)*

Сан атооч сөздөрдү эки тексттен тең таап айт. Иреттик сандар канчанчы текстте экен? Биринчи текстти көчүрүп жаз. Сан атоочтордун астын сыз. Кандай сан экенин айтып бер.

**398.** 1. Кулактандыруу жазууну үйрөн.

**КУЛАКТАНДЫРУУ**

**Кымбаттуу окуучулар!**

«Чебер колдор» ийримине катышууну каалагандар мектептин 1-кабатындагы «Чебер колдор» бөлмөсүнө келип катталгыла. Каттоо күн сайын саат $10^{00}$дөн баштап жүргүзүлөт.

Ийримдин жетекчиси: ***Асанов А.***
*21-апрель, 2011-жыл.*

**2.** Куттуктоо жазып үйрөн.

**АТА!**

Сизди 50 жаш кутман курагыңыз менен куттуктайбыз! Сизге узун өмүр, ден соолук, ишиңизге ийгиликтерди каалайбыз. Биздин жакшылыктарыбызды көрүп, бактылуу ата болуңуз.

Уулуңуз *Айбек,* кызыңыз *Айпери.*
*26-апрель, 2011-жыл.*

www.bizdin.kg

Кулактандыруу менен куттуктоонун мазмунун салыштыр. Андагы сан атоочторду айтып бер. Өзүң кулактандыруу же куттуктоо жазып, окуп бергин.

**399.** «Манастан» үзүндүнү кыраатты менен оку.



Орозду деген кишинин,
Он баласы бар экен.
Ону бирдей караса,
Оңбогондой жан экен.
Аксакалы Чагатай,
Экинчиси Чегетай,
Үчүнчүсү Көбөтай,
Төртүнчүсү Бөбөтай,
Алтынчысы Бабатай,
Жетинчиси Сабатай,
Сегизинчиси Кабатай,
Тогузунчусу Тобатай,
Онунчусу Ордобай,
Ошол тоонун ар жагы,
Ырандыны жайлаган.
Атасы Ороз баш болуп,
Алтымыш бээ байлаган.

*(«Манастан»)*

Андан эсептик сан атооч сөздөрдү, андан кийин ирettик сан атооч сөздөрдү терип айтып бер. Алардын айырмачылыктарын түшүндүр.

● **400.** Төмөнкү мүчөлөргө ылайык келген эсептик сан атооч сөздөрдү кой. Аларды катыштырып, сөз айкаштарын түзүп жаз.

...инчи, ...үнчү, ...унчу, ...ынчы, ...нчы.

## САН АТООЧ СӨЗДӨРДҮН ЖАЗЫЛЫШЫ

**401** Текстти оку. Сан атоочтун суроолору аркылуу ага жооп берген сөздөрдү тап. Алардын жазылыштарын байка.

Биздин мектеп үч кабаттуу. Анда жети жүздөн ашык окуучу окуйт. Отуз бир класстык бөлмө бар. Класстардын көпчүлүгү компьютерлер менен жабдылган. Он бир ийрим иштейт. Эки спорттук аянтча бар. Жакында IV класстардын ортосунда спорт оюндарынын мелдеши өткөрүлдү. Ага 3-класстардын окуучулары да барышты.



| Сан атооч сөздөрдүн жазылышы | Мисалы |
|---|---|
| 1. а) Эсептик сан атоочтор сүйлөмдүн башында баш тамга, аягында, ортосунда кичине тамгалар менен жазылат. | 1. Жети киши келди.<br>2. Үйгө жети киши келди.<br>3. Келген кишилердин саны — жети. |
| б) Экиден ашык сөздөрдөн түзүлгөн эсептик сандар өзүнчө бөлөк-бөлөк жазылат. | Атам бир миң тогуз жүз кырк биринчи жылы туулган. |
| 2. -оо, -өө мүчөлөрү эсептик сан атоочко уланып жазылат. | Төртөө топ ойношту. Экөө карап турушту. |
| 3. а) -дай мүчөсү эсептик санды көрсөткөн сөздөргө уланып жазылат. | Муз аянтчасында жыйырмадай окуучу коньки тээп жүрүшөт. |
| б) ***чакты, жакын, ашык, чамасында*** деген сөздөр эсептик сан атооч сөздөрдөн кийин өзүнчө бөлөк жазылат. | Он чакты бала мектептен жүгүрүп чыкты. |
| 4. Эсептик сандардын өз ара айкалышып келиши менен сан атооч сөздөрдүн ортосуна дефис (-) коюлат жана чыгыш жөндөмөсүнүн **-дан** мүчөсү аяккы эсептик санга уланат. | Биз беш-бештен бөлүнүп, жылгаяк тептик. |
| 5. Эсептик сандардан түзүлгөн бөлчөк сан түрүндөгү сан атооч сөздөр өзүнчө айрым-айрым жазылат. | Дүкөнгө түшүрүлгөн кумшекердин үчтөн бир бөлүгү түшкө чейин сатылды. |
| 6. а) Иреттик сандын **-ынчы** мүчөсү эсептик сандагы сөзгө уланып жазылат. Эгерде **-ынчы** мүчөсү цифрадан кийин келсе, ортосуна дефис коюлат. | Мен экинчи класста окуймун.<br>21-март — Нооруз майрамы. |
| б) Рим цифрасынан кийин дефис (-) коюлбайт. | IV класста окуйм. |

www.bizdin.kg

**402.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү талдайбыз.

1. Мен он (канча?) жаштамын. Он — айкындооч. 2. Беш (канча?) окуучу келди. Беш —айкындооч. 3. Балдардын экөөсү (канчоосу?) атасын көздөй жүгүрүштү. Экөөсү — ээ. 4. Анын жакшы көргөн баасы — беш (канча?). Беш — баяндооч.

Карагын, сан атооч сөздөр сүйлөмдүн кайсы мүчөлөрүнүн милдетин аткарды?

*Ооба, сан атооч сөз сүйлөмдө ээнин да, баяндоочтун да милдетин аткарышы мүмкүн. Көбүнчө айкындоочтук милдетти аткарат.*

**403.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү талдагын.

1. Толгонай онунчу класста окуйт. 2. Анын айдап келе жаткан койлору — жыйырмадай. 3. Алманын экөөсү меники болсун. 4. Окуучулардын он экиси англис тилин окушат.

Сан атоочтор кайсы сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткарды? Бул боюнча кандай жыйынтык чыгарасың?

**Тилин** деген сөз кайсы жөндөмөдө турат?

**404.** Макалдарды оку, түшүнүгүңдү айтып бер.

1. Сөз — бирөө, кулак — экөө.
2. Жасаганың бирөө үчүн болсо,
Үйрөнгөнүң өзүң үчүн.
3. Бирөөгө зар, бирөөгө кор.
4. Билгениң тогуз, билбегениң токсон тогуз.
5. Кыздын кырк чачы — улуу.

Көчүрүп жаз, сан атооч сөздөргө суроо коюп, кандай сан атооч сөздөр бар экенин ажыратып, жазылыштарын айтып бер.

**405.** Текстти оку. Тема кой.

Кыргызстан жаңгак токойлоруна бай. Мынчалык жаңгак аянтын эч бир өлкөдөн кезиктире албайсың. Арстанбап, Көкарт, Аркыт



өрөөндөрү чыгыштан батышты көздөй созулат. Ал Фергана өрөөнүнөн Чаткал тоолорун ашып, Тянь-Шанга чейин жетет. Бул 632,5 гектар жерди ээлейт. Бул жер корукка айланган. Бул аянтта 150дөн ашык бадалдардын жана жыгачтардын түрлөрү өсөт. Алардын арасында жаңгак, алма, алча, карагат, мисте да бар.

Цифра менен берилген сан атоочторду жазуу түрүнө келтирип, тема коюп, **көчүрүп жаз. Токойлоруна** деген сөз кайсы жөндөмөдө турат? Алардын жазылышын айтып бер. Андан кийин тексттин мазмунун бир сүйлөм менен көрсөтүп жаз. Койгон темаң менен салыштыр.

**406.** Табышмактардын жообун тап.

1. Өзү – бир,
Көзү – мин. (э...)
2. Кат-кат менин чөнтөгүм,
Каттайт менин чөнтөгүм.
Токсон жерден той келсе,
Тойбойт менин чөнтөгүм. (т....)

Эсептик сан атоочторду таап, жазылышын айтып бер.

● **407.** Берилген мүчөлөргө карата чекиттердин ордуна сан атооч сөздөрдөн коюп, толукта. Аларды катыштырып 4 сүйлөм түзүп жаз.

...ынчы, ...оо, ...тей, ...тен.

## Суроолор жана тапшырмалар

Таяныч таблицага карап жооп бер.

**Сан атооч**
Суроолору: ***канча?*** ***...? ...? ...?***

**Эсептик сан — ?**
Суроолору: ...? ...?
Мисалы: ...

**Иреттик сан — ?**
Суроолору: ...? ...?
Мисалы: ...

Мурдагы сөз түркүмдөрүнүн айтылыш ыктарын пайдаланып жооп берсең болот.

www.bizdin.kg

### ▲ Өзүмдү текшеремин.

1. Сан атоочтун суроосу кайсы?
   а) ким? б) кандай? в) канча?
2. Иреттик санды тап.
   а) жетөө б) үчүнчү в) ондой
3. Эсептик санды тап.
   а) төртүнчү б) бешинчи в) жыйырма
4. Сан атооч сөздөр заттын эмнесин билдирет?
   а) өңү-түсүн б) атын в) санын
5. Кайсы санды иреттик санга айландырса болот?
   а) жүздөй б) токсон в) бешөө
6. Кайсы сан атооч сөздө ката бар?
   а) алтоо б) жетөө в) сегизөө
7. Так эсепти көрсөткөн сан кайсы?
   а) үч чакты б) үчтөй в) үч
8. Чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсү уланган сан кайсы?
   а) бешөө б) тогуздай в) алтыдан
9. Бир миң жетимиш эки саны кайсы?
   а) 1702 б) 1072 в) 1720
10. 317 санын сөз менен жазылышынан тап.
   а) үч жүз жети б) үч миң он жети в) үч жүз он жети

## 5. АТ АТООЧ

**408.** Сол жактагы берилген текстти оку. Анын ар бир сүйлөмүндө кайталана берген зат атооч сөздү тап.

| | |
|---|---|
| Эжем үйгө кирди. | Ал үйгө кирди. |
| Апам эжемди суута жиберди. | Апам аны суута жиберди. |
| Эжемдин жардамына апам кубанды. | Анын жардамына апам кубанды. |
| Эжеме ыраазы болдук. | Ага ыраазы болдук. |
| Мен билбегенимди эжемден үйрөнөм. | Мен билбегенимди андан үйрөнөм. |



— Оң жактагы текстти окуп, **эжем** деген сөздүн ордуна колдонулган сөздөрдү атап бер. Ошол зат атооч сөздөр менен алардын ордуна колдонулган сөздөрдү эки мамычага бөлүп жазып, аларды салыштырып, суроо коюп көргүн. Эмнени байкадың?

*Мисалы: Ким?* - **Эжем.** *Ким?* - **Ал.**

**409.** Текстти оку. Андан заттарды жалпылаган сөздөрдү тап.

Айнура, Белек, Самат, мен болуп, каникулда жакшы эс алдык. Биз көлгө түштүк. Ал мелтиреп, эң сонун! Биз ага аябай суктандык.

**Биз, ал, ага** деген сөздөр кайсы сөздөрдү жалпылап, алардын ордуна колдонулду?

*Демек, затты, анын белгилерин, кайсы бир мезгилди же окуянын атабай, аларды жалпылап көрсөтүүчү сөздөр* **ат атооч** *деп а т а л а т.*

М и с а л ы: ***Тигил биздикине келатат. Тигил*** *деген сөз заттын аты эмес, заттык маанини жалпылап көрсөткөн сөз болуп эсептелет. Ал* ***ким?*** *деген суроого жооп берет. Ат атооч сөздөр:* ***мен, сен, ал, сиз, силер, сиздер, алар, бул, тигил, ошол, ошол ким?, ошол эмне?, кайда?, качан?, баары, бүткүл, эч ким*** *ж.б.*

**410. Баары** жана **бүткүл** деген сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзүп жаз. Ал сөздөргө суроо кой.

**411.** Төмөнкү макалды оку. Түшүнүгүңдү айт. Көчүрүп жаз.

Сен деген — сенек сөз,
Сиз деген — сылык сөз.

Мында ат атооч сөздөр кайсылар? Сүйлөмдөгү баяндооч сөздөрдүн астын сызып көрсөт. Сүйлөмдөрдүн ээлери, баяндоочтору кайсы сөз түркүмдөрүнөн экенин айтып бер.

**412.** Апендинин жоругун оку.

Апендиге бир кишинин кыжыры келип:
— Карап тур сени, сага бирди көрсөтпөсөм элеби? — деди. Анда ал:

— Бирди көрсөтпөй эле кой. Бирди мен өзүм деле билем, — дептир.

*(«Жаш ленинчил» журналы)*

Суроо коюп, ат атооч сөздөрдү таап, айтып бер. Бул тексттен айтылышы боюнча кандай сүйлөмдөрдү байкадың, атагын. Төл жана бөтөн сөздөрдү белгиле.

**413.** Сүйлөмдөрдөгү көп чекиттердин ордуна ылайык келген ат атооч сөздөрдү коюп жаз.

1. ... быйыл төртүнчү классты бүтүрөмүн. 2. ... биздин үйгө келген. 3. ... тарткан сүрөтү аябай жакты. 4. Мугалимибиз ... жаңы ырлардан үйрөттү.

Ар бир ат атоочко кандай суроолор берилди.
**Классты** деген сөздүн кайсы жөндөмөдө турарын аныкта.

**414.** Ырды оку. Мазмунун түшүндүрүп айт. Ырды үйрөнүп алып, жатка жаз.

Эне тилим — карегим,
Сенде менин дарегим.
Сен турганда мен бармын.
Сен турганда бар элим.

*(Т. Ар.)*

Андан ат атооч сөздөрдү терип, айтып бер.

● **415.** Төмөнкү суроолорду окуп, жооптору менен жаз. Ат атооч сөздөрдүн астын сызып көрсөт.

1. Сен кайсы мектепте окуйсуң?
2. Сенин досуңдун аты ким?
3. Силердин классыңарда кимдер жакшы окушат?
4. Силер жакында кайсы кызыктуу китепти окудуңар?
5. Сага өзгөчө кайсы сабак жагат?



www.bizdin.kg

## ЖАКТАМА АТ АТООЧ

**416.** Төмөнкү ат атооч сөздөр канча жакты мүнөздөп турат?

Мен, сен, ал.

Булар кайсы суроого жооп берет жана эмнелерди жалпылап көрсөтөт? Ушул эле ат атоочтор көптүк маанide кандай болот? Карап көр:

Мен
Сен (сиз) → ким?
Ал

Биз
Силер (сиздер) → кимдер?
Алар

*Ооба, мен, сен (сиз), ал деген ат атоочтор, үч жакты мүнөздөп тургандыктан* ***жактама ат атоочтор*** *деп аталат. Адатта сүйлөмдө алар ээнин кызматын аткарат.*

Мисалы: ***Мен*** *жаздым.*
***Сен*** *жаздың.*
***Ал*** *жазды.*

*Жактама ат атоочтор жекелик жана көптүк санда болуп, жөнөкөй (сен) жана сылык (сиз) түрдө айтылат.*

Төмөнкү таблицадан байка:

| Жактар | Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|---|
| 1-жак | Мен | Биз |
| 2-жак | Сен (жөнөкөй түрү)<br>Сиз (сылык түрү) | Силер (жөнөкөй түрү)<br>Сиздер (сылык түрү) |
| 3-жак | Ал | Алар |

**417.** Табышмактын жандырмагын тап. Көчүрүп, сөз түркүмү боюнча талдоо жүргүз.

Коңгуроосу шыңгырайт,
Кулагыма шыбырайт.
Сен сүйлөсөң жооп айтат,
Бул эмне, билсең айт?

(т...)

Табышмактагы ат атооч сөз кайсы жакты жана кайсы санды көрсөтүп турат?

**418.** Оку. Текстке тема коюп, жаз. Ат атооч сөздөрдүн астын сыз. Ал сөздөр кайсы жактарды көрсөтүп турат жана кандай суроолорго жооп берип, сүйлөмдүн кайсы мүчөсүнүн милдетин аткарды?

— Дилзат, тоокторгo жем чачтыңбы?
— Мен эртең менен эле чачканмын. Сиз байкабай калгансыз го.
— Айгерим кайда кетти?
— Ал эшикте ойноп жүрөт.
— Биз келгенче ага көз салып тургун.
— Мейли. Сиздер тезирээк келиңиздер.

**419.** Сүрөттү кара. Жактама ат атоочторду катыштырып, аңгеме түзүп жаз.



**420.** Сүйлөмдөрдөгү чекиттердин ордуна жактама ат атоочтордун тиешелүүсүн коюп, көчүрүп жаз.

1. ... эрте турдум. 2. ... жуундуң. 3. ... бөбөгүн ойнотту. 4. ... машинасын оңдоду. 5. ... селкинчек тептик. 6. ... малды караштьы. 7. ... чай ичтиңиз. 8. ... эс алдыңыздар.

Көптүк сандагы жактама ат атоочторду айтып бер.



www.bizdin.kg

## ЖАКТАМА АТ АТООЧТОРДУН ЖӨНДӨЛҮШҮ

**421.** Төмөнкү ат атооч сөздөрдү оозеки жөндө.

Мен, ал.

Алардын жөндөлүшүнөн кандай айырмачылыктарды байкадың? Төмөнкү таблицадан жактама ат атоочтордун жөндөлүшүн кара.

| Жекелик сандагы ат атоочтордун жөндөлүшү | | | | | Көптүк сандагы жактама ат атоочтордун жөндөлүшү | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| А. | *Ким?* | мен | сен | ал | силер | сиздер |
| И. | *Кимдин?* | менин | сенин | анын | силердин | сиздердин |
| Б. | *Кимге?* | мага | сага | ага | силерге | сиздерге |
| Т. | *Кимди?* | мени | сени | аны | силерди | сиздерди |
| Ж. | *Кимде?* | менде | сенде | анда | силерде | сиздерде |
| Ч. | *Кимден?* | менден | сенден | андан | силерден | сиздерден |

Илик, барыш, табыш жөндөмөсүндөгү жекелик сандагы ат атоочтордун жөндөлүшүн көптүк сандагы ат атооч сөздөрдүн жөндөлүшүнө салыштыр. Жөндөлүштөрүндө айырма бар бекен? Ал деген жекелик сандагы ат атоочтун жөндөлүшүн карап көр. Кандай өзгөрүүнү байкадың? Ал деген ат атоочтун көптүк сандагы жөндөлүшүн жаз.

*1. Ооба, **мен, сен, ал** деген жактама ат атооч сөздөр барыш жөндөмөдө **мен+га=мага (-га)**, сага, ага болуп жөндөлөт.*
*2.Ал деген ат атооч атооч жөндөмөсүндө өзгөрүлбөйт да, барыш жөндөмөдөн башка жөндөмөлөрдө **ан** деген жөндөлүүчү негизге өтүп жөндөлөт.*

*Ал эми жактама ат атоочтун көптүк түрү кайсы сөз түркүмү сыяктуу жөндөлөт? Жогорку таблицаны карап, салыштырып айт.*

www.bizdin.kg

**422.** Текстти оку.

Кеңколдун суусуна Обо, Чачыкей, Теректин суулары келип кошулат. Анын жээктеринде мажүрүм талдар, чычырканак, бадалдар көп болор эле. Кийинчерээк алардын айылга жакыныраак жердегилерин адамдар отунга кыйып жиберишкен. Кеңкол суусу жазында кара кочкул болуп кирет. Айтылуу Кеңкол өрөөнүндө жашаган элдер анын суусун эгин талааларына кеңири пайдаланышат. Андан кийин ал Талас дарыясына барып кошулат. Талас дарыясын бойлото калың токой өскөн. Жайкысын ал токойдогу лагерге балдар эс алып кетишет.

Жактама ат атооч сөздөрдү дептериңе көчүрүп жаз. Ал сөздөрдүн кайсы жөндөмөдө турганын аныкта, жөндөлүшүндөгү өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүп бер. Созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдүн жазылышын байка. **Лагерге** деген сөздүн жазылышы туурабы?

**423.** Ат атооч сөздөрдү улай сүйлөмдөрдү түзүп жаз.

1. Биз айылда жашайбыз.
2. Биздин ...
3. Бизге ...
4, Бизди ...
5. Бизде ...
6. Бизден ...

**Биз** деген жактама ат атооч сөздүн эмне боюнча өзгөрүшүн байкадың? Ат атооч сөз кайсы жөндөмөдө ээлик милдетти аткарат? Көнүгүүнү кара. Аныктап айтып бер.

**424.** Ырды оку. Эсиңе сактап калганың боюнча жаз. Ат атооч сөздүн астын сыз. Ал кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарып турат? Кайсы сөздүн ордуна колдонулду?

Көңүл буруп карадым,
Наабайчынын ишине.
Ырапта деп айтканы,
Жаздыкча экен кичине.



Ошо менен нан салат,
Ысык дандыр ичине. *(Кл. тышкаркы окуудан)*

**Наабайчы, ырапта, дандыр** деген сөздөрдү билип ал. Жазылыштарын байка.

**425.** Төмөнкү сөздөрдү жөндөп жаз.

Сиз, силер, алар, ошол.

**426.** Окуп чык. Ат атооч сөздөрдү таап, кайсы жөндөмөдө турганын айтып бер.

Топоз бийик тоолордо жашайт. Алар суукка чыдамдуу болот. Анын эти желет.

Ош — Бишкек жолу салынган. Анын узундугу — 580 километр. Ал жол менен машиналар тынымсыз каттап турат.

Биздин мектеп айылдын так ортосунда. Анын айланасы калың бак. Ал алыстан эле өзгөчөлөнүп көрүнүп турат.

Бул сүйлөмдөрбү же текстпи? Канча текст болот деп ойлойсуң? Бөлүктөргө бөлүп, тема коюп, көчүрүп жаз. Ат атооч сөздөрдүн астын сызып көрсөт. Аралыктын узундугун сөз менен жаз.

**427.** Оку.

Артынан тыпылдап келе жаткан балага кылчайып, Сейдакмат жеңи менен чеке терин сүртүнөт.

— Эмне, мени чакырып жатышабы?

— Жок. Менин китепкабым бар. Карачы! Таятам сатып берди. Мен окууга барам.

— Эй, энтендеп жүгүрүп келгениң ушубу? — Сейдакмат күлүп жиберди.

— Сен да таятаңды тартып айный баштадыңбы, ыя? Кана, кандай китепкап экен?

*(Ч. А.)*

Кайсы чыгармадан үзүндү окудуң? Андагы жактама ат атооч сөздөр кайсы жөндөмөдө турганын айтып бер. Төл жана бөтөн сөздөрдү белгиле. Жазылыштарын байка. Тырмакчалар эмне үчүн коюлган жок?

www.bizdin.kg

**428.** Тексттеги чекиттердин ордуна тиешелүү болгон жактама ат атооч сөздөрдү коюп, дептериңе көчүрүп жаз.

...бөбөгүм бакчага барат. Бөбөгүм ... беш жаш кичүү. ... сүрөт тартканды жакшы көрөт. ... тарткан сүрөттөрүн чогултуп койдум. Чоңойгондо ... тарткан сүрөттөрүн көргөзөмүн. Атам ... альбом, түстүү боёкторду, калемдерди сатып берген. Атам ... чоңойгондо сүрөтчүлүккө окутамын деп жүрөт.

Көптүк сандагы ат атооч сөздөр катыштыбы? Болсо айтып бер. Ошол жактама ат атооч сөздөр сүйлөмдөрдө кайсы сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткарды? Талдап айт.

**429. Пахта** деген сөздү экинчи сүйлөмдөн баштап жактама ат атооч сөздөр менен алмаштырып жаз.

Пахта Кыргызстандын түштүгүндө эгилет. Пахтанын данын чигит деп айтат. Чигит чанактагы ак буланын ичинде болот. Убагында пахтаны жакшы караса, аппак болуп, тегиз ачылат. Пахта «ак алтын» деп аталат. Пахтанын чигитинен май алынат. Буласынан жип ийрилип, кездемелер токулат.

Тексттеги сүйлөмдөрдө бир нече жолу кайталанган зат атооч сөздөрдү ат атооч сөздөр менен алмаштырып колдонуунун эмне үчүн кереги бар экенин түшүндүрүп бер. Бул тексттин кайсы түрү?

● **430.** Сүрөт боюнча аңгеме жаз. Айрым сөздөрдүн көп кайталануусуна жол бербөөгө аракет кыл.



Аңгемедеги ат атооч сөздөрдү айтып бер.



## ЗАТ АТООЧТУН ЖАКТАЛЫШЫ

**431. Акын** деген зат атоочту үч жакка тиешелүү кылып айтып көр.

Мен акынмын.
Сен акынсың.
Ал — акын.

Мүчөлөрүн байка: **-нын** мүчөсү I жакка, **-сың** мүчөсү II жакка таандык. III жактагы сөзгө мүчө уландыбы?

*Ооба, **-мын, -сың** мүчөлөрү жак мүчөлөрү деп аталып, жактама ат атоочтор менен байланыштуу болот. Жак мүчөлөрү аркылуу зат атоочтун үч жак менен өзгөрүшү **жакталыш** деп аталат. Зат атооч сөздөр жекелик жана көптүк санда жакталат. Үчүнчү жактын жак мүчөсү болбойт.*

Төмөнкү таблицадан байка.

| Жак | Жекелик сандын жак мүчөлөрү | Көптүк сандын жак мүчөлөрү |
|---|---|---|
| I | -мын, -мин, -мун, -мүн | -быз, -биз, -буз, -бүз<br>-пыз, -пиз, -пуз, -пүз |
| II | -сың, -сиң, -суң, -сүң<br>-сыз, -сиз, -суз, -сүз<br>(сылык түрү) | -сыңар, -сиңер, -суңар, -сүңөр<br>-сыздар, -сиздер, -суздар, -сүздөр (сылык түрү) |
| III | — | — |

**432.** Төмөнкү сөздү жекелик жана көптүк санда жак мүчөлөрү менен өзгөртүп жаз.

| | |
|---|---|
| Мен окуучу... . | Биз окуучу... . |
| Сен окуучу... . | Силер окуучу... . |
| Ал окуучу... . | Алар окуучу... . |

www.bizdin.kg

Жекелик жана көптүк сандагы жак мүчөлөрдү салыштырып, айырмасын айтып бер. Кайсы жактагы сөзгө мүчө уланган жок? Булар сүйлөмдүн кайсы мүчөлөрүнөн турат? Аныктап айтып бер.

**433.** Текстти оку. Көчүрүп жазып, жак мүчөлөрү уланган сөздөрдүн астын сызып, кайсы жактагы сөздөр экенин айтып бер.

Бермет эшиктин сыртынан коңгуроону басты.
— Сен кимсиң? — деди Айжан эшикти ачып жатып.
— Өзүң таап ал, киммин?
— Сенби? Сен Айсулуусуң?
— Жок. Берметмин.
— А, Бермет белең? Үйгө кир. Үй жактан Айжандын апасы:
— Ал ким экен? — деп сурады.
— Апа, ал — Бермет. Бирге сабакка даярданганы келди.
— Мейли, даярдангыла. Чогуу окутаныңар жакшы. Билгениңерди бири-бириңерге үйрөтөсүңөр, — деди өзүнчө ыраазы болуп.

Текстти бөлүктөргө бөл. План түзүп, тема коюп көр.

**434.** Төмөнкү сөздөрдү жекелик жана көптүк санда жактагын.

Бала, сүрөтчү, бор, жылкы.

Кайсы сөздөр жакталбайт? Эмне үчүн? Эреже чыгар.

● **435.** Берилген жак мүчөлөргө ылайык келген сөздөрдөн таап, чекиттердин ордуна толуктап жаз.

...мун, ...сиз, ...быз, ...суңар.

Кайсы санды, жакты көрсөткөн сөздөрдү жаздың? Айтып бер.

**436.** Ырды оку. Кара тамга менен басылган сөздөрдү унгу, мүчөгө ажырат. Ал сөздөр кайсы жакка таандык экендигин аныктагын, жазылыштарын байка.

Сары-Өзөн, кең **Ала-Тоом**, кенен **Чүйүм**,
Бейкутта мен төрөлүп, өскөн **үйүм**.
Эми сен абалкыдай бош эмессиң,
**Эгиниң, жер-жемишиң** дүйүм-дүйүм.

*(Ж. С.)*



**437.** Окуп, чекиттердин ордуна мүчөлөрдүн тиешелүүсүн коюп, көчүрүп жаз.

1. Жумуштан чарчап келген апамдын жүз... чарчаңкы көрүндү. 2. Мелдеште балдар... биринчиликти жеңип алышты. 3. Бектурдун тарткан сүрөтүнө баары... суктандык. 4. Окуу курал... дайыма таза болушу керек. 5. Силердин иш... жакшы болот. 6. Сиздин бала... бардык сабактарынан бешке окуйт.

Ал сөздөр кайсы жактарды көрсөттү? Андагы мүчөлөрдү бөлүп жазып чык. Бул текстпи же текст эмеспи? Эмне үчүн андай деп ойлойсуң?

**438.** Төмөнкү татаал сөздөрдү тиешелүү мүчөлөрдү коюп, толуктап жаз.

| | |
|---|---|
| 1. Менин Жалал – Абад... . | Биздин бала-чака... . |
| 2. Сенин Жалал – Абад... . | Силердин бала-чака... . |
| 3. Анын Жалал – Абад, ... . | Алардын бала-чака... . |

Мүчөлөрдү бөлүп катарды толуктап жаз: **-ым, -ың**, ...
Бул мүчөлөр зат атооч сөздөрдү кандай кылып көрсөттү?

*Ооба, **-ым, -ың, -ы, -ыңыз, -ыбыз, -ыңар, -ыңыздар, -ы,** мүчөлөрү затты үч жакка таандык кылып көрсөтөт. Андыктан, аларды **таандык мүчөлөр** дейбиз. Ал эми **-ныкы** мүчөсү жалпы таандыкты билдирет.*

**439.** Чекиттердин ордуна **-ныкы** мүчөсүн коюп, аларды көчүрүп жаз.

Уйдун баласы — музоо. Койдуку — козу. Эчки... — улак. Төө... — бото. Түлкү... — бачики. Аюу... — мамалак. Карышкыр... — бөлтүрүк. Элик... — чаарчык. Бээ... — кулун.

Жаныбарлардын балдарынын аталышын эстеп кал.

**440.** Төмөнкү жалпы таандык мүчөнүн өзгөргөн түрлөрүнө ылайык келген сөздөрдөн таап, чекиттердин ордуна толуктап жаз.

... -ныкы, ... -туку, ... -дыкы, ... -нуку.

Сөздөрдү мүчөнүн эмнесине карап ылайыктап таап жаздың? Каалагандай сөздөр туура келдиби?

**441.** Төмөнкү макалдарды окуп, айтып бер. Көчүрүп жаз. Жалпы таандык мүчөлөрдү таап, астын сыз.

1. Бирдики — миңге,
Миндики — түмөнгө.

2. Бардыкы — бармын менен,
Жоктуку — арман менен.

Калган сөздөрдөгү мүчөлөрдү дагы кара. Булар кандай мүчөлөр?

**442.** Оку. Жактын таандык мүчөлөрү уланган зат атооч сөздөрдү таап, айтып бер. Макалдарды көчүрүп жаз.

1. Акылы бар азамат,
Алыскыны дос кылат.
2. Так жүрсөң, тагдырың оңолот.
3. Алкы бузуктан алыс жүр.
4. Эмгегиңиз катуу болсо, татканыңыз таттуу болот.

Андагы жактын таандык мүчөлөрү уланган сөздөрдү унгу, мүчөгө ажыратып, алдын сызып көрсөт.

● **442ᵃ.** Төмөнкү сөздөрдү жак мүчөлөрү жана жак таандык мүчөлөрү менен өзгөртүп жаз, такта. Эмне байкадың?

Үй, сүрөт, бала, окуучу.

## ЭТИШТИН ЖАКТАЛЫШЫ

**443.** Сүйлөмдөрдү окугун. Ар бир сүйлөмдөгү жактама ат атооч сөздөргө карап, көп чекиттердин ордуна тик сызыктын оң жагындагы берилген этиш сөздөрдүн тиешелүүсүн коюп көчүрүп жазгын.

| | |
|---|---|
| 1. Биз мелдешке ... | үйрөттүңүз |
| 2. Алар бүгүн киного ... | болдуңар |
| 3. Силер жеңишке ээ ... | даярдандык |
| 4. Сиз көп нерсени ... | калдыңыздар |
| 5. Сиздер концертти көрбөй ... | барышты |

Кыймыл-аракетти көрсөткөн этиш сөздөр кайсы жак тарабынан иштелгенин айтып бер.

*Ооба, кыймыл-аракет жактама ат атоочтун үч жагы* ***(мен, сен, ал)*** *аркылуу аткарылат. Кыймыл-аракеттин үч жак тарабынан иштелгенин* ***этиштин жакталышы*** *дейбиз.*



www.bizdin.kg

Мисалы: ***Мен үй жыйнадым.***
***Сен үй жыйнадың.***
***Ал үй жыйнады.***

*Этиш сөздөр жекелик, көптүк санда жана жөнөкөй, сылык түрдө жакталат. Сылык түрү жекелик, көптүк сандын экинчи жагы менен гана жакталат.*

**444.** Таблицаны оку. Аларды эсиңе сакта.

| Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|
| 1. Мен китеп окудум. (-м) | 1. Биз китеп окудук. (-к) |
| 2. Сен китеп окудуң. (-ң) | 2. Силер китеп окудуңар. (-ңар) |
| Сиз китеп окудуңуз. (-ыңыз) | Сиздер китеп окудуңуздар. (-ыңыздар) |
| 3. Ал китеп окуду. | 3. Алар китеп окушту. |

**445.** Төмөнкү этиш сөздөрдү жекелик санда, андан кийин көптүк санда жактап көр.

Сүйлө, келди.

Этиштин кайсы чагындагы сөздөрдү жактадың?

**446.** Сүйлөмдөрдү оку. Этиш сөздөр кайсылар? Алар кайсы чактарды көрсөтүп турат? Этиш сөздөр аркылуу чекиттердин ордуна тиешелүү жактарды коюп, көчүрүп жаз.

1. ... короодогу карды күрөштү.
2. ... козунун астын кургактады.
3. ... бөбөгүмдү ойноттум.
4. ... мага кызыктуу китеп сатып бериңиз.
5. ... шаарга барасыздар.
6. ... карыяларга жардамдашабыз.

Ар бир сүйлөмдөгү кыймыл-аракет кайсы жак тарабынан иштелгенин айтып бер.

www.bizdin.kg

**447.** Сүйлөмдөрдөгү чекиттердин ордуна тиешелүү жак мүчөлөрүн коюп, сүйлөмдөрдү көчүрүп жаз.

1. Алар боз үйгө кирише ... .
2. Биз тоокторго жем чачкан... .
3. Сен үйдү шыпыра... .
4. Сиздер музейге бара... .
5. Ал музыканы жан-дили менен ук... .

Андагы мүчөлөр кайсы жакты көрсөтүп турганын айтып бер. Жак мүчөлөрүн кантип таптың?

**448.** Учур чак этиштин жакталышын оку.

| Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|
| 1. Мен окуп жатамын.<br>2. Сен окуп жатасың.<br>Сиз окуп жатасыз.<br>3. Ал окуп жатат. | 1. Биз окуп жатабыз.<br>2. Силер окуп жатасыңар.<br>Сиздер окуп жатасыздар.<br>3. Алар окуп жатышат. |

Биринчи, үчүнчү жактардын жекелик жана көптүк сандарынын сылык түрү болобу? Жак мүчөлөр учур чак этиштин канчанчы сөзүнө гана уланат экен?

**449.** Берилген жекелик сандагы учур чак этиштерди көптүк сандагы учур чакка айландырып жазгын.

1. Мен эсептеп жатамын. Биз ... ... .
2. Сен эсептеп жатасың. Силер ... ... .
Сиз эсептеп жатасыз. Сиздер ... ... .
3. Ал эсептеп жатат. Алар ... ... .

Учур чак этиштин жак мүчөлөрүнүн астын сызып көрсөт.

**450.** Төмөнкү сөздөрдү жакта.

Бийлеп жатат, иштеп жатышат.

Булар этиштин кайсы чагын көрсөткөн сөздөр? Кайсы сөз көптүк санда жакталды?



**451.** Төмөнкү этиш сөздөрдүн жакталышын кара.

1. Мен сураймын. Биз сурайбыз.
2. Сен сурайсың. Силер сурайсыңар.
3. Ал сурайт. Алар сурашат.

Жак мүчөлөрүн таап көр. Көчүрүп жазып, алардын астын сызып көрсөт. Бул кайсы чакты көрсөткөн этиштин жакталышы болот?

**452.** Оку. Бул сөздөр кайсы жакты билдирет? Жактап көрсөт.

Иштейт, келебиз, ырдап жатат, уктум, сурайсыңар.

**453.** Төмөнкү кайсы чактагы этиш сөздөр? Аларды катыштырып сүйлөмдөрдү түзүп жаз.

Окуйбуз, барасыңар, жазат, угасыз, ойноп жатат, келишет.

Алардын кайсы жакта турганын аныктап айтып бер.

## ! Суроолор жана тапшырмалар

1. Ат атооч деп эмнени айтабыз?
2. Зат атооч менен ат атоочтун кандай айырмасы бар?
3. Зат атооч менен ат атоочтун окшоштук жактары кайсылар?
4. Жекелик сандагы жактама ат атоочторду атап бер.
5. Көптүк сандагы жактама ат атооч сөздөрдү атап бер.
6. Сылык түрүндөгү жактама ат атооч сөздөр канчанчы жакта гана айтылат?
7. Ат атооч сөздөр сүйлөмдө кайсы учурда ээлик милдетти аткарат?
8. Кайсы сөз түркүмүндөгү сөздөрдүн жакталышын билесиң? Мисал келтир.

## ▲ Өзүмдү текшеремин

1. Ат атооч сөздү тапкын.
а) семиз б) сиз в) жүз

www.bizdin.kg

2. Ат атоочтун суроосун көрсөт.
а) ким? б) кандай? в) канча?
3. Табыш жөндөмөдөгү ат атооч сөз кайсы?
а) аларга б) алардан в) аларды
4. Жактама ат атоочтун сылык түрүндөгү сөзүн тапкын.
а) биз б) жүз в) сиз
5. Кайсы сөздү ат атооч сөздөр менен алмаштырууга болот?
а) мен б) бала в) бешинчи
6. Көптүк сандагы жактама ат атоочту тап.
а) сиз б) биз в) ал
7. Жактама ат атооч сөздөр кайсы сүйлөмдө ээлик милдетти аткарды?
а) Бермет ага сүйлөдү. б) Ал Жамалга айтты. в) Жамал бизден сурады.
8. Жактама ат атоочтун канча жагы бар?
а) үч б) төрт в) беш
9. *Аны* деген ат атооч сөз кайсы жөндөмөдө турат?
а) илик б) барыш в) табыш
10. Этиш сөздүн жакталган учурун көрсөт.
а) китебим б) жазамын в) жазуу
11. Зат атооч сөздүн жакталган учурун көрсөт.
а) окуймун б) окуучумун в) окуйт

## 6. ТАКТООЧ

**454.** Сүйлөмдөрдү окуп, сүйлөм мүчөлөрүнө ажырат.

1. Мен түштө кетем.
2. Караны алыстан көрүндү.

Айкындоочу сөздөргө суроо коюп көр.

Качан кетем? — Түштө.
Кайдан көрүндү? — Алыстан.

Суроого жооп берген **түштө** жана **алыстан** деген сөздөр эмнени көрсөттү?



*Кыймыл-аракеттин болгон мезгилин, ордун жана башка түрдүү кырдаалын көрсөтүп, **качан? каерде?** ж.б. суроолорго жооп берген сөздөр **тактооч** деп аталат. Ал экиге бөлүнөт.*
1. Мезгил тактооч. 2. Орун тактооч.
*Мезгил тактооч кыймыл-аракеттин мезгилин, убагын көрсөтүп качан? деген суроого жооп берет.*
*М: Эртең чогулуш болот. Качан? – Эртең.*
*Орун тактооч кыймыл-аракеттин ордун көрсөтүп каерде? кайда? деген суроолорго жооп берет. М: Самолёт жогору көтөрүлдү.* Кайда? – Жогору.

**455.** Текстти көчүрүп жаз. Тактооч сөздөрдүн астын сыз. Суроо кой. Кайсынысы окуянын мезгилин, кайсынысы ордун көрсөттү?

Бүгүн биз тоого бардык. Тоонун этегиндеги жалгыз боз үй алыстан көрүндү. Кечинде ошол боз үйгө конобуз.

**456.** Табышмактын жообун тап. Сүйлөм мүчөлөрүнө ажырат. Тактоочторду белгиле. Алар кыймыл-аракеттин эмнесин көрсөттү?

Кечинде таруу септим,
Эртең менен жыйнап алдым.
(ж...)

**457.** Төмөнкү сөз айкаштарын катыштырып, сүйлөмдөрдү түзүп жаз.

Бүгүн келди, төмөн жактан көрүндү, быйыл окуду, алыстан угулду, ылдый жүгүрдү, кечинде укту.

Сөз айкаштары кайсы сөз түркүмүнөн түзүлгөн? Тактоочтордун кайсынысы татаал сөз болот?

**458.** Текстти окуп, суроо коюу менен, тактооч сөздөрдү оозеки ажырат. Текстке тема коюп, планын түз. Изложение жазганга даярдан.

Каркыра-турналарды дайыма көрүүгө болбойт. Аны биз көбүнчө жазында же күзүндө гана көрөбүз. Алардын асманда катар тизилип сызып бараткан жеринен гана байкайбыз. Алар жыл сайын чоң аралыкты басып өтүшөт. Узакка учушат. Каркыралар алыскы сапарга кетүү үчүн беш-алты жума мурда даярдана башташат. Алардын тынчы кетет. Уйкусу качат. Ошентип, мурдагы салмагын дагы жоготуп коюшат. Учуу сапарына чыкканда алар жерге аз конушат. Алар учуп бара жатышып укташат.

www.bizdin.kg

**459.** Окуп, түшүнгөнүңдү айтып бергин.

Жаз эрте келип, күндүн жылыганына кичинекей Медер абдан сүйүндү. Анткени, аны чоң энеси кышында: «Суук тийип калат», — деп сыртка көп чыгарчу эмес. Эми чыга берсе болот. Медер чоң энесинин конокко кеткенинен пайдаланып, жок нерсени шылтоолоп, ылай буту менен утур-утур үйгө кирип-чыга берди.

*(Ж.О.)*

Көчүрүп жазып, тактооч сөздөрдүн астын сыз. Аңгемени андан ары улантсак болобу? Улантып жазып көр. Андан ары дагы эмне болушу мүмкүн?

● **460.** Төмөнкү тактооч сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөрдү түзүп жаз.

Кечээ, быйыл, алыстан, жогору жакта, түнү менен, былтыр.

Ал сөздөргө суроо коюп айтып бер.

**461.** Чекиттердин ордуна колдонулуучу сөздөрдөн тиешелүүсүн коюп оку.

... күн бүркөлдү. ... тоо тараптан муздак жел сокту. Жамгыр ... басылды. ... жылдыздар жыбырады. ... асман чайыттай ачык болду.

Колдонулуучу сөздөр: **эртең менен, кечке маал, таң атканда, бүгүн түндө.**
Бул сөздөр кандай суроого жооп берип, кыймыл-аракеттин эмнесин билдирди?

**462.** Макалдарды окуп, түшүнүгүңдү айтып бер.

1. Бүгүн бүтөр ишиңдин
Кечеиктирбегин эртеңин.

2. Эртеңки куйруктан,
Бүгүнкү өпкө артык.

Көчүрүп, суроолор аркылуу тактоочторду таап, астын сыз.

**463.** Текстти оку.

Эртең экскурсияга тоого барабыз. Биздин класстын окуучулары кечээтен бери эле даярданып жатышат. Былтыр Кара-Кой жайлоосунун арчалуу бетине чыкканбыз. Быйыл андан бери Кыргыз-Ата суусунун жээгинде болобуз. Түшкө чейин балык кармайбыз. Түштөн кийин суута түшөбүз. Андан кийин ар кимибиз көргөн-билгендерибиз боюнча үйдөн дил баян жазабыз.

Көчүрүп жазып, **качан?** деген суроого жооп берген сөздөрдүн астын сыз. Ал сөздөр кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдүн эмнесин көрсөтүү?



**464.** Төмөнкү табышмакты окуп, жандырмагын тап. Тактооч сөздөрдү тап. Алар кандай тактоочтор?

1. Жатып-жатып, жаз келгенде суута кирет. (...р)
2. Эртең менен төрт буттап басат.
Түштө эки буттап басат,
Кечинде үч буттап басат.
(...м)

● **465.** Окуп, төмөнкү тактооч сөздөрдү катыштырып, 3 сүйлөм түзүп жаз.

Азыр, быйыл, түштө.

Сүйлөмдөрдү талдап, тактоочтор сүйлөмдүн кайсы мүчөсүнүн милдетин аткарганын айтып бер.

**466.** Оку. Түшүнгөнүңдү айтып бер. Көчүрүп жаз. Тактоочтун астын сыз. Ал эмнени мүнөздөйт? Кандай суроого жооп берет?

Өйдө чыкса, өбөк бол,
Ылдый түшсө, жөлөк бол. *(Элдики)*

Сөздөрдү муундардын түрлөрү боюнча талда.

**467.** Окуп, түшүнгөнүңдү айтып бер. Тема коюп көр.

Күн өйдө көтөрүлүп калган. Бексултан жүгөрүнүн паясын короонун үстүнө жыйды.
— Байке, чай ич! — деп Гүлзат ары жактан жүгүрүп келди.
— Азыр барам, — деди Бексултан.
Максат ойноп жаткан балдардын жанында турат. Гүлзат боз үйгө кирип, чоң атасынын астына келип отурду. Отургандарга боз үйдүн артында ойногон балдардын үндөрү даана угулуп турду.

*(С. Ш.)*

Тактоочторду тап. Аларды дептериңе жаз. Төл жана бөтөн сөздөрдүн жазылышын айтып бер.

**468.** Төмөнкү берилген этиш сөздөргө ылайыктап, тактооч сөздөрдү айкалыштырып, сүйлөмдөрдү түзүп жаз.

... жүгүрдү, ... бас, ... тырмышты, ... келди, ... угулду.

Колдонуучу сөздөр: **өйдө-төмөн, жогору, алыстан, алга, кечээ.**
Тактооч сөздөр кайсы сөз түркүмүндөгү сөздөр менен байланышты?

www.bizdin.kg

**469.** Табышмакты тап. **Каерден?** деген суроого жооп берген сөздөр эмнени көрсөтүп турат?

Күн астынан өткөн сулуу,
Күмүш чоор тарткан сулуу.
Ай астынан өткөн сулуу,
Алтын чоор тарткан сулуу.
(к...)

**470.** Оку. Көчүрүп жаз.

Эртең менен бөбөгүм бакчага бара жатканда жүгүрүп, алдыга карай жөнөйт. Мен атайын артынан басам.

Тактооч сөздөргө суроо коюп таап, астын сыз. Алар кандай суроолорго жооп берди? Текстти улантып жазып көр. Тексттин кайсы түрүн жаздың?

● **471.** Текстти окуп, көчүрүп жаз. Андагы тактоочторго суроо коюп, астын сыз.

Киноаппарат чыртылдап, согуш жүрө берди. Нары жакта каптап келе жаткан кырка танкалар көрүндү. Шакылдаган каз тамандар удургута топурак шилеп, ок атар тумшуктары алдыга сунулуп, өңгүл-дөңгүл аңызда өйдө-төмөн килеңдеп, болот кийген кара күчтүн күркүрөп келе жатканы сүрдүү да, шаңдуу да. Танкалар көтөргөн чаң алардын артынан ээрчип, жайнап келе жатты. А биздин үркөрдөй болгон топ аскер жалгыз замбирегин сүйрөшүп, ал кезде сай кырына чыгууга жакын калышкан. Аз эле жер калган экен.

*(Ч. А.)*

Кайсы чыгармадан үзүндү окудуң? Сен бул чыгарманы окудуң беле? Ушул текстке карата сүрөт тартып көр.

## ТАКТООЧТОРДУН ЖАЗЫЛЫШЫ

**472.** Сөздөрдү оку. Алардын түзүлүштөрүн салыштыр. Булар кандай түзүлүштөрдөгү тактооч сөздөр?

Былтыр, кайта-кайта, жазга маал, жакында.

*Ооба, **былтыр, жакында** деген бир сөздөн турган, ал эми **кайта-кайта, жазга маал** деген эки сөздөн турган тактооч сөздөр болуп эсептелет.*



*Демек, тактоочтор жөнөкөй жана татаал болуп бөлүнөт.*
*1. Жөнөкөй тактоочтор бир сөздөн турат. Ал сүйлөмдүн башына келсе, баш тамга менен, ал эми сүйлөмдүн ортосуна, аягына келгенде кичине тамга менен жазылат.*

М и с а л ы: ***Бүгүн** күн жылуу болду.*
*Ал **бүгүн** келмек эле.*
*Биз күткөн күн — **бүгүн**.*

*2. Татаал тактоочтор эки же андан ашык сөздөн түзүлөт.*
*а) кошмок сөз түрүндө болсо, айрым-айрым жазылат: **эртең менен, кечке маал, алда качан** ж.б.*
*б) кош сөз түрүндө болсо, татаал тактоочтордун ортосуна дефис (-) коюлат: **өйдө-төмөн, жайы-кышы, күнү-түнү, жайды-жайлай** ж.б.*

**473.** Оку. Тексттеги тактоочтордун жазылышынын тууралыгын текшер. Кетирилген катасын ондоп, көчүрүп жаз.

Атам жайы кышы мал багат. Мен быйыл каникулда жайлоого барып, атама жардам берем. Жолборс деген итибиз бар. Ал өйдө төмөн жүгүрүп жанымдан чыкпайт. Малды күнүгө кечке маал корооого санап киргизебиз.

**474.** Ырды оку. Тактооч сөздөрдү таап, алардын жазылышын айтып бер.

Ала-Тоо жанга кубат, асыл мекен,
Кышта аппак, жайда жалаң жашыл мекен.
Караанын ар кыргыздын карегинде,
Канга да, жанга сиңген атың бекем.

*(С. Ж.)*

**474ᵃ.** Кыймыл-аракеттин ордун билдирген 6 сөз, мезгилин билдирген 6 сөз жаз.

www.bizdin.kg

● **475.** Сүрөт боюнча ангеме түзүп жаз.




Жазган ангемеңде тактооч сөздөр бар бекен? Болсо алардын жазылыштарын түшүндүрүп бер. Кандай тактооч экенин аныкта.

## ❗ Суроолор жана тапшырмалар

1. Тактооч сөз түркүмүн аныктап, мисалдын жардамы менен түшүндүр.
2. Тактоочтун башка сөз түркүмдөрүнөн айырмасы кайсы жана кайсы сөз түркүмү менен айкашат?
3. Мезгилди көрсөткөн тактооч сөздөр кайсылар?
4. Орунду көрсөткөн тактооч сөздөр кайсылар?

## ▲ Өзүмдү текшеремин

**1.** Орун тактоочтун суроосу кайсы?
а) кандай? б) канча? в) каерде?
**2.** Чекиттердин ордуна кайсы сөз туура келет?
Фонтандын суусу ... атырылат.
а) төмөн б) ылдый в) жогору



**3.** Тактооч сөздү тап.
а) көлгө б) өйдө в) өлчө
**4.** Мезгил тактооч кайсы?
а) жанында б) жакында в) алдында
**5.** Орун тактоочту тапкын.
а) астында б) жазында в) мурда
**6.** Кош сөз түрүндөгү тактооч кайсы?
а) өйдө-төмөн б) өйдө жак в) кечке маал
**7.** Кошмок сөз түркүмүндөгү тактоочту тап.
а) былтыр б) эртең менен в) жайы-кышы
**8.** Кайсы тактооч сөздө ката бар?
а) күнү-түнү б) бир паста в) бир күнү
**9.** Тактооч кайсы сөз түркүмү менен байланышат?
а) зат атооч б) сын атооч в) этиш
**10.** Көбүнчө сүйлөмдүн кайсы мүчөсүнүн милдетин аткарат?
а) ээ б) баяндооч в) айкындооч.

# 7. СЫРДЫК СӨЗДӨР

**476.** Ырды оку.

### АТА КЕБИ

Шаардан келсем атам мага:
«Малдын сырын билбейсиң көп,
Үйрөн, балам, баарын бил», — дейт.
Күлдүм дагы мен да ага:
**«Чү!»** — деп, атты чабат дедим.
**«Чөк!»** — деп айтса, төө да чөгөт.
**«Күчү-күчү!»** — деп чакырып,
Итке тамак берет дедим.
Аңгыча эле короодо уй
Бошонгонун байкап калдым.
**«Ов-ов!»** — деп, кармап алып,

Казыгына байлап салдым.
Атам карап кубангандай:
**«Бали, бали!»** — Ким үйрөттү
Мунун баарын сага?» — деди.
Билбегеним бирок көп-көп,
Кулагымда ата кеби.

*(С. Ш.)*

Кара тамга менен басылган сөздөр эмнеге карата айтылганын байка. Ал сөздөр кандай айтылып жатат?

*Демек, ички сезимди **(капалыкты, кубанычты, таңданууну, чочугандыкты)** жана жаныбарларга болгон мамилени **(айдоо, чакыруу, жоошутуу, үркүтүү, чочутуу)** билдирген сөздөрдү **сырдык сөз** дейбиз.*

М и с а л ы: ***Так, так, жаныбарым десе! Ай, мурда кайда жүрдүң эле?***

*Мындагы сырдык сөздөр: так-так, ай.*

**477.** Текстти оку. Көчүрүп жаз.

— **Аттигинай**, эртерээк келгенде автобуска жетип калмак экенбиз!
— Кайда барат элеңиз?
— Нарынга. **Ой**, сен Бексултансыңбы?
— Ооба.
— **О-ии**, чоң жигит болуп калган турбайсыңбы! Ата-энең кайда?
— Бишкекте турушат. Азыр эле мени бул жерге жеткирип келип кетишти.
— **Кап**, көрбөй калган турбаймынбы!

Кара тамга менен басылган сырдык сөздөр кандай сезимди билдирип турат? Алардын жазылышын байкап, айтып бер. Үтүрлөрдүн коюлушун байка. Эмне жыйынтык чыгарасың?



www.bizdin.kg

*Ооба, сырдык сөздөр сүйлөмдүн башына келсе, өзүнөн кийин үтүр, ортосуна келсе, эки жагына үтүр, ал эми сүйлөмдүн аягына келсе, өзүнөн мурда үтүр коюлат. Сырдык сөздөр күчтүү сезим менен айтылгандыктан, сүйлөмдүн аягына илеп белгиси коюлат.*

**478.** Оку. Байка, эмнелери жетишпейт? Ооба, үтүрлөр коюлбай калган. Ондоп көчүрүп жаз.

Султан сабак окуп жатканда Нурбек келип калды.
— Эй ойнойсуңбу?
— Көрүп турбайсыңбы, сабак окуп жатам. Ойнобойм го.
— Кап мен да сабак окушум керек эле!
— Анан эмне келдиң?
— Сенин эмне кылып жаткандыгыңды билгим келсе болбойбу, ой?
Деги сен а-ии кандай болуп калгансың?
— Эч кандай болгон жокмун.

Тексттен сырдык сөздөр сүйлөмдүн каерине келгендигин айтып бер. Тыныш белгилери кандай коюлду?

**479.** Төмөнкү сырдык сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөрдү түз.

Ой, кокуй, түү-түү, ура.

Ар бир сырдык сөз эмнени билдирип турганын айтып бер.

**480.** Оку. Адегенде ички сезимди билдирген сөздөрдү, андан кийин жаныбарларга болгон мамилени билдирген сөздөрдү ажыратып жаз.

И-ий, ош, кокуй, бах, так-так, бали, кыруу-кыруу, эх, чек, кап, күчү-күчү, ой-боой, ай, кош, ах, ой, ов-ов.

Ү л г ү: *Ички сезимди билдирген сөздөр: и-ий,.. ...*
*Жаныбарларга болгон мамиле сөздөр: так-так, ... ...*

www.bizdin.kg

**481.** Сүрөт боюнча аңгеме түзүп жаз.



Колдонулуучу сөздөр: **эх, бах, ура.**

## 8. ТУУРАНДЫ СӨЗДӨР

**482.** Төмөнкүлөрдү оку. Айтып көр.

Мөө, маа, мяу.

Эмнелерди туурадың? Туура, уйдун мөөрөгөнүн, койдун маараганын, мышыктын мяулаганын туурадың. Эми оң колуң менен бетиңди желпип көрчү. Эмнени сездиң? Ооба, леп-леп эткен жумшак желдин илебин сездиң.

**Мөө, маа, мяу, леп-леп** деген сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөрдү түзүп жаз. Байка, ал сөздөрдү кандай сөздөр десек болот?

**483.** Текстти оку. Кара тамга менен басылган сөздөрдү байка.

**Кук** эткен кузгун, **как** эткен карга жок талаа менен келе жаттык. Алыстан **тарс** эткен мылтыктын үнү угулду. Алдымдагы минген атым **селт** этип, кошкуруду.

**Как, кук, тарс, селт** деген сөздөр эмнени билдирди? Буларды кандай сөздөр деп ойлойсуң?



*Ооба, жандуу жана жансыз заттардын табышын, элесинин көрүнүшүн, ар кандай кыймылдын өзгөчөлүктөрүн көрсөткөн сөздөрдү* ***тууранды сөздөр*** *дейбиз.*

*Тууранды сөздөр маанисине карай экиге бөлүнөт.*

*1. Табыш тууранды сөздөр.*

*2. Элес тууранды сөздөр.*

М и с а л ы: ***Коёндун кулагы серең дей түштү. Серең*** *деген сөз коёндун кулагынын элесин көрсөттү.* ***Эшиктен тык-тык деген дабыш угулду. Тык-тык*** *деген табышты билдирген сөз болот.*

**484.** Төмөнкү тууранды сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөрдү түзүп жаз.

Арс-арс, дүп-дүп, чыйп-чыйп, тарс-тарс, күрс, карс-карс, быш-быш.

Жандуу заттардын, андан кийин жансыз заттын табышын атагын.

**485.** Бир нече тууранды сөз таап жаз.

**486.** Сөздөрдү оку. Кайдан чыккан табыштар экенин аныктап, ажыратып жаз.

Бытпылдык-бытпылдык, ку-ку-кук, ха-ха, хи-хи, тарс, шуу-шуу, чык-чык, ау-ау, аф-аф, шылдыр-шылдыр, кыт-кыт, шыңк, зың-зың.

Ү л г ү: 1. Адамдардан чыккан табыштар: *хи-хи*, ..., ...

2. Жаныбарлардан чыккан табыштар: *бытпылдык-бытпылдык*, ..., ...

3. Жансыз заттардан чыккан табыштар: *тарс*, ..., ...

Бул сөздөр эмнени тууураган сөздөр деп ойлойсуң?

*Демек, адамдардан, ар түрдүү жан-жаныбарлардан жана айрым заттардан чыккан табыштарды тuурап көрсөтүүчү сөздөр* ***табыш тууранды сөздөр*** *деп аталат.*

**487.** Муну кайсы чыгармадан окудуң эле? Ким жазган? Көчүрүп жазып, табыш тууранды сөздөрдүн астын сызып көрсөт.

Каа, каа, калың каз,
Кача албайсың алың аз.

Андан ары билсең, улантып жазып, тууранды сөздөр бар болсо, айтып бер.

www.bizdin.kg

**488.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып сүйлөмдөрдү түзүп жаз.

Серең, булт, жылт-жулт, жарк-журк, мөлт, жал-жал.

Бул сөздөрдөн жөнөкөй сөздөрдү, анан татаал сөздөрдү айтып бер. Эсиңе түшүр, жөнөкөй сөз деген эмне? Татаал сөз деген эмне?

**489.** Текстти окуп жаз. Тууранды сөздөрдүн астын сыз.

Күн күркүрөп, чагылган жарк-журк этти. Бөбөгүм селт этип, мени кучактады. Бир кезде калдыр-кулдур эткен дабыш угулду. Жамгыр төктү. Үйдүн чатырынан шыр-шыр этип, жамгырдын суусу ноочага агып жатты.

Мында тууранды сөздөр кайсы? Анын ичинен элес тууранды сөздөрдү атагын.

*Демек, жандуу жана жансыз заттардын, кубулуштардын, жаратылыштагы кыймылдын өзгөчөлүгүн элестетип көрсөткөн сөздөр **элес тууранды сөздөр** болот.*

**490. Бул-бул, жарк, булт** деген сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөрдү түзүп жаз.

**491.** Төмөнкү тууранды сөздөрдү катыштырып, текст түз.

Койкон-койкон, жал-жал, шарт-шурт, солк.

Булар кандай тууранды сөздөр? Алар кандайча түзүлгөн? Жазылыштарын айтып бер.

**492.** Ырды оку. Темасын таап, көчүргүн. Ким жазыптыр? Анын чыгармаларын эсте.

Кыдың-кыдың торпогум,
Кыдыңдаган торпогум.
Бурма суугa келгенде,
Булкулдаган торпогум.

*Тоголок Молдо*

Тууранды сөздүн астын сызып, кандай тууранды сөз экенин аныктап бер.



**493.** Текстти оку.

Алыстан жалт-жулт эткен жарык көрүнду. Ал сүйүнгөнүнөн ха-ха деп, көпкө чейин күлдү. Анан мени жалт карап, дароо күлкүсүн тыйды.

Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүз. Тууранды сөздөрдү таап, кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарып турганын айтып бер. Бул сүйлөмдөр түзүлүшүнө карай кандай сүйлөмдөр экен? Текстти улантып жаз.

**494.** Тууранды сөздөрдү катыштырып, 2-3 сүйлөм түзүп, сөз түркүмдөрү боюнча талдоо жүргүз.

## ❗ Суроолор жана тапшырмалар

1. Таяныч-таблица боюнча жооп бер.

**Тактооч — ?**
Суроолору: ...? ...? ...?

**Мезгил тактооч — ?**
Суроосу: ...? ...?
Мисалы: ..., ..., ... .

**Орун тактооч — ?**
Суроосу: ...? ...? ...?
Мисалы: ..., ..., ...

2. Сырдык сөз деген эмне? Сырдык сөздөргө бир нече мисал келтир.

3. Таяныч-таблицага карап жооп бер:

**Тууранды сөздөр — ?**

**Табыш тууранды сөздөр — ?**
Мисалы: ..., ..., ... .

**Элес тууранды сөздөр — ?**
Мисалы: ..., ..., ... .

4. Сырдык сөздөр менен тууранды сөздөрдүн айырмасы кандай?

12*

www.bizdin.kg

### ▲ Өз алдымча иштеймин

**1.** Окуп, көчүрүп жаз. Тактооч сөздөрдүн астын сызып көрсөт.

Жоробек үй тапшырмасын күнүгө аткарбай келет. Ал үйгө келгенде, тамак ичип алып аткарайын деп ойлойт. Тамак ичип бүткөндөн кийин ойноп алайын, анан дейт. Ойноп келип, кечинде аткара коём дейт. Кечинде телевизор көрөт да, эртеңден баштап аткарбасам дей берип, күндө үй тапшырмасы аткарылбайт.

Бул текстти бир макал менен эмне деп айта аласың?

**2.** Төмөнкү макалдын маанисин түшүндүрүп жаз.

Көз — коркок,
Кол — баатыр.

**3.** Төмөнкү сөздөрдү оку. Кандай сөздөр экен? Аларды катыштырып таяныч белгилерге карап сүйлөмдөрдү түзүп жаз.

Бүгүн — = ?     Күнүгө — = .
└ быйыл = .     Эртең — = !
└ жогору — = .

Айтылышы боюнча кандай сүйлөмдөр бар экенин айтып бер.

**4.** Сөздөрдү оку. Андан сырдык сөздөрдү таап, аларды катыштырып сүйлөмдөрдү түзүп жаз.

Эй, мөө, ой, кыты-кыты.

**5.** Төмөнкү сөздөрдөн тууранды сөздөрдү таап, аларды катыштырып сүйлөмдөрдү түзүп жаз.

Желп-желп, хи-хи, кыруу-кыруу, күчү-күчү, ий.

### ▲ Өзүмдү текшеремин

1. Тактоочтун суроосу кайсы?
   а) кандай?  б)качан?  в)кимдер?
2. Орун тактоочту тап.
   а) өйдө жакта  б) жактар  в) жакындагын
3. Мезгил тактооч сөз кайсы?
   а) жакында  б) жакын  в) жакшы



Сырдык сөздү тап.
   а) ойлон  б) ой!  в) оймок
5. Тууранды сөз кайсы?
   а) кыдыр  б) кыдың-кыдың  в) кыргыз
6. Орун тактоочтун суроосун айт.
   а) качан?  б)каерде?  в) кандай?
7. Тууранды сөз кайсы?
   а) серең-серең  б) узун-кыска  в) өйдө-төмөн
8. Сырдык сөздү тап.
   а) Урмат  б) ура!  в) урбайт

### ■ Өз алдымча иштеймин

**1.** «Жай мезгили» деген тема боюнча аңгеме жаз. Андагы тактооч сөздөрдүн астын сыз. Темага ылайыктап сүрөт тарт.

**2.** Төмөнкү текстти оку. Токтогон жерден улантып жаз.

Эртең менен турсам, күн айнегимден шыкаалап, күлүп туруптур. Уялып кеттим. Кечирээк турган турбаймынбы. Эшикке чыксам, алыстан жер укмуш кооз көрүндү. Жер алаканга салгандай, тим эле. Карап туруп, мектебимди таптым. Балдар мектепке келе жатышат. Кечикпейин деп, аялдамага барып, Сары жылдызды тостум. Мектепке барчу автобусубуз — Сары жылдыз. Ал заматта жеткирет.

Текстке өзүң тема коюп ал. Бул кандай түрдөгү текст деп ойлойсуң?

**3.** Макалды чечмелеп жазгын.

Жакшыга жанаш, жамандан адаш.

**4.** Кроссворд түзүп көргүн.

Кроссворддун чиймесин сөздөр туура жайгашкандай чий, аларга карата суроолорду түзүп жаз.

www.bizdin.kg

# VI. ЖЫЛ БОЮНЧА ӨТҮЛГӨНДӨРДҮ КАЙТАЛОО

**1.** Сүрөт боюнча текст түз.




Сөз түркүмдөрүнө карата сүйлөмдөргө талдоо жүргүз.

**2.** Төмөнкү таяныч чиймеге карата сөз түркүмдөрдү эске түшүрүп, алардын эрежелерин кайталап көргүн. Жебечелер боюнча сөз түркүмдөрүнүн өзгөчөлүктөрүн айтып бер.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Зат атооч — ? М.: ... . | Этиш —? М.: ... . | Сын атооч — ? М.: ... . | Сан атооч — ? М.: ... . | Ат атооч— ? М.: ... . | Тактооч —? М.: ... . |

**Түшүндүрмө:** адегенде зат атооч деген эмне жана анын суроолору кайсылар экенин айтып, зат атооч сөздөргө мисалдар келтиресиң. Андан кийин жебечелерге карап, этиш заттын кыймыл-аракетин билдирип, **эмне кылды? эмне кылып жатат?** деген сыяктуу суроолорго жооп берет. Мисалы: ***басты, келди*** деген сыяктуу мисалдарды келтирип, калган сөз түркүмдөрүн ушундайча улантып талдап жооп бересиң.



**3.** Табышмактын жообун тап. Зат атооч сөздөргө суроо коюп айтып бер.

Токтобой мүнөт,
Күн да жүрөт,
Түн да жүрөт,
Ансыз жашоо жок
Ал деген ...

(ж...)

Ал сөздөр энчилүү атпы же жалпы атпы?
Канча муундан турган сөздөр экен? Табышмактын жообуна тамга-тыбыштык талдоо жүргүз.

**4.** Оку. Кара тамга менен басылган зат атооч сөздөр кайсы жөндөмөдө турганын айтып бер. Ал сөздөрдү дептериңе көчүрүп жазып, уңгу, мүчөгө ажырат. Мүчөлөрдүн башкы тыбыштары эмне үчүн жумшак үнсүздөрдөн башталганын айтып бер. Экинчи сүйлөмгө сөз түркүмдөрү боюнча талдоо жүргүз.

Дүйшөнкул **Шопоковдун** аткан бир да огу жаза кетпей жатты. **Душмандардын танкалары** окопторду тебелей баштады. Ыңгайын келтирип туруп, **каз тамандын** алдына байланыштырылган **гранаталарды** ыргытты. Жарылуудан **жер** солк дей түштү. Экинчиси жана да бири ордунда чимириле баштады. Калган беш **танк** артка чегинди. Бирок оң капталдан танкалардын тобу көтөрүлдү. Он, он беш, жыйырма ... Саясий жетекчи Клочковдун киргилденген **үнү** угулду: Бул жолкусунда **танкалар** бизден көп экен... **Россия** кеңири, а чегинүүгө жер жок. Артыбызда Москва!

**5.** Төмөнкү текстти окугун. Көчүрүп жаз. Андан сын атооч сөздөрдү терип, айтып бер. Алардын жазылышын түшүндүр.

## МАЙ АЙЫНДА

Мына, 1-май келди. Бул майрамды бүткүл жер жүзүндөгү эмгекчилер майрамдашат. Айланада кызыл-тазыл желектер желбирейт. Ала-

www.bizdin.kg

Тоо аянтына чогулган элдердин жүздөрү жайдары. Аянтта ар түрдүү жана кызыктуу оюн-шоуктор болот. Андан кийин 9-май келет. 9-май—Жеңиш күнү. Бул майрам да ушул аянтта кызыктуу өткөрүлөт. Согуштун кайраттуу ардагерлери келишет. Алар ар түрдүү шарларды, гүлдөрдү көтөрүп, параддан өтүшөт. Бизге бейпил турмушту тартуулаган Ата Мекендик согуштун ардагерлерине бактылуу карылыкты каалайбыз.

Текстке план түзүп көр.

● **6.** Төмөнкүнү окуп, зат атооч сөздөрдүн тиешелүүсүн ат атооч сөздөр менен алмаштырып жаз.

Бермет гүл терди.
Бермет гүлүн бөбөгүнө берди.
Берметке бөбөгү ыраазы болду.
Берметтин бөбөгү гүлүн вазага салды.
Апасы Берметти үйгө чакырды.

Эмне үчүн айрым сөздөрдү ат атооч сөздөр менен алмаштырып жазууга туура келди? Текстти сүйлөм мүчөлөрүнө ажыратып, талдоо жүргүз.

**7.** Төмөнкү сөздөрдү жөндө. Сөздөрдүн аякқы тыбыштарынын өзгөрүштөрүн айтып бер.

Кат, жайлоо, Кадыров, суу, автобус, Медер.

**8.** Сүйлөмдөгү сандарды жазуу түрүндө жаз. Жөнөкөй сандарды, андан кийин татаал сандарды атап бер.

Жылкы болжол менен 35, уй 23, ит 20, булбул 25 жыл жашайт. Норвегия окумуштуулары аюу менен тюлень 80 градус, ал эми каз менен өрдөк 110 градус суукка чыдайт деп аныкташты. Планетабыздын 95 процентин океан суулары жана адам колу тие элек жерлер түзөт. Ит 2000дей түркүн жытты искей алат. Жираф 6 айлап суу ичпей, акация дарагынын тикенин аймап жеген жагынан төөнү артка калтырат.

**9.** «Менин үй-бүлөм» деген темада аңгеме жазгын. Ата-энең, бир туугандарың жөнүндө жана алардын иштери тууралуу кыскача баянда. Андан этиш сөздөрдү



таап, астын сыз. Аларды чактар боюнча айтып бер. Сүйлөмдө этиш кайсы сүйлөм мүчөсүнүн кызматын аткарат?

**10.** Текстти оку. Анын мазмунун бир сүйлөм менен айтып бер. Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрүн көчүрүп жаз.

## АЛА-АРЧА — ТАБИЯТ ПАРКЫ

Ала-Арча паркы Бишкек шаарынан 30 км түштүк тарапта тоо арасында жайгашкан. Ал жанаша жаткан капчыгайлардан табигый шарты боюнча бир топ айырмаланат. Анда бийик жана кооз чокулар, көп мөңгү, шаркыратмалуу суулар бар. Кыргызстандын Кызыл китебине катталган өсүмдүктөрдүн 10 түрү кездешет. Табият паркы айбанаттарга да бай. Анда сүт эмүүчүлөрдүн 26 түрү, канаттуулардын 160тан ашык түрү бар. Ал жерди илбирс, күрөң аюу, тоо аркары, бүркүттөр да мекендейт. Ала-Арча табият паркы аймактын табиятын коргоо жана калктын эс алуусун пландуу уюштуруу максатында түзүлгөн. Жыл сайын бул жерге өлкөбүздүн булуң-бурчунан жана чет өлкөлөрдөн миңдеген туристтер менен меймандар келип турушат.

*(Балдар энциклопедиясы)*

Акыркы сүйлөмгө сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүз.
Текстке карата план түз.

● **11.** Төмөнкү зат атооч сөздөрдү сын атоочко айландырып, сүйлөмдөрдү түзүп жазгын.

Тоо, балык, китеп, билим.

**12.** Текстти оку.

## УЮККА ТИЙБЕ!

Ата-эненин кеби кулакка куюлар кез. Ошентсе да баланын балалыгы өз башынан чоң тура. Бай карагайдын чеңгелдене жерге жеткен жоон тамырларынын чытырманында сары аарынын уюгу бар болучу. Ал уюкту мен балдар менен отун алып, кожогат терип жүргөндө көргөнмүн. Уюктун бети аары бал жыйнаган момго окшош, анда аарылар тынбай учуп-конгонуна кызыкканмын. Ичи кең го. Балы көп го деп ойлодум. Бирок балынан да анын түпкүрүндөгү

www.bizdin.kg

өтүп жаткан турмушун билгим келди. Шибердин арасынан кулачтай чегедек таякча таап алып, уюкка жакын барып, бир азга карап турдум. Жыбырап тешиктерге бири кирип, бири чыгып жатышты. Ошол замат чегедек таяк менен уюкту «күрт» сайдым, өзүм кылчактабастан кача жөнөдүм. Кырк элүү метрдей узап барып, ай, эми мага тийбес деп делдейе караганымда, бузулган уюктун үстүндөгү быжылдаган аарылар өзүнчө эле булук түштү. «Кантишээр экен. Бузулган уюгун таштайбы, же аны баарылап оңдоп алышабы?» — деп, алыстан карап турганымда, «ызз» эткен табышка удаа чекеме октой тийген аарынын чагышы башымды зыңгыратып жиберди. Ошол замат эле ушунча катуу ооруду дейсиң, аары чакпай эле союл башыма «тарс» согулгандай кеңгирей түштүм. Бат эле чекем кыпкызыл болуп шишип чыкты. Эрксизден көз жашым тамды. Үйгө араң кирдим. Энем мени аяр дегенимче, ал кайра мени жемеледи: — И, чала сага. Ушуну көрмөксүң. Уюкка тийбей жүр дебедим беле. Энесинин тилин албаган бала сенчилеп чактырат.

*(Т. С.)*

Текстти бөлүктөргө бөл. План түзүп, ал боюнча айтып бер. Эмне үчүн темасы «Уюкка тийбе» деп аталды? Текстти бир сүйлөм менен алмаштыр. Созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдү терип жаз. **Энесинин** деген сөздүн кайсы жөндөмөдө экенин аныкта.

**13.** Окуп, айтып бер. Текстке тема коюп жаз. Төл жана бөтөн сөз катышкан сүйлөмдөрдүн жазылышын түшүндүр.

Көпөлөк гүлгө конду. Айжан аны кармамак болду. Көпөлөк учту. Ал көпкө чейин убара болуп кубалады. Акыры ал кызыл гүлгө конду. Айжан көпөлөктү кармады.

— Мен сага араң жетпедимби, — деди.

Көпкө чейин кызыгып карап турду да:

— Бар эми, учуп кет! Апаң издеп жүрбөсүн, — деп коё берди.

*(С. Ш.)*

**14.** Окуп чык.

Чолпонбай эки гранатаны дүрмөткө келтирди, анан аны сактагыч абалга койду. Дагы беш метрче жылды, дзотко чейин — он беш метр. Дүрмөттүн запалын түрттү да, эки гранатаны удаасы менен ыргытты.



Алар дзоттун дал өзүнө жетпей жарылды, бирок душмандын пулемёттору добушун баспады. Алга кескин жүткүндү. Бир метр ... эки ... беш ... . Көкүрөгү сайгылашты, башы айлана көзү караңгылады. Чолпонбай мүдүрүлүп, колу менен тикен чөптүү жерди таянды, бирөө муунтуп жаткансып деми кыстыкты. ... Бир кадам, эки, үч ...

Чолпонбай дзоттун оң тарабында баратып, күтүүсүз бурулду да, түз эле дзоттун көзүн карай теңселип жөнөдү.

Окуянын башталышын, негизги бөлүгүн, аякталышын бөлүп түшүндүр. Эмне жөнүндө сөз болду? Тема коюп, айтып бер. Чолпонбай ким эле? «Дзот» дегенди кандай түшүнөсүң? Аны жөндөп, мүчөлөрүнүн өзгөрүшүн түшүндүр.

**15.** Сүрөт боюнча аңгеме түз.



Аңгемеге тема коюп жаз. Жазган аңгемеңди окуп бер.

**16.** Текстти оку, жаз.

## ДОСТУК

Көлдүн береги көк жашыл булуңунда ар жылы балдар лагери турат. Шаарлардан да, райондордон да, айылдардан да бул лагерге дем алууга балдар келишет. Кээси эки ай, кээси бир ай, а кээ бирлери эки гана жумага келишет. Бардыгы көлгө бирдей кызыгышат. Кумга оонап, күнгө какташышат. Болор-болбос жел жортсо, майда

www.bizdin.kg

толкун кубалашып, жээкке ак көбүк серпишет. Балдар кочушташып көбүк калпышат: — Э-эй!.. Самын... — деп кыйкырышат. Анан боржоктотуп көбүктү сүйкөнүп алышат да, «чулп» сууга чөмүлүшөт. Ошентип, ошол ак көбүктүү жээктен кеткилери келбейт.

*(Т. С.)*

Текст баяндоо түрүндө берилгенби, же сүрөттөө түрүндө берилгенби? Аныктап айтып бер. Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдү атап көрсөт. Ар бир сүйлөмдүн түрүн аныкта. Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдү тап. Алардын жазылышын байкап, үтүрлөрүнүн коюлушун түшүндүр.

● **17.** Өзүң «Достук» деген тема боюнча башкача текст түзүп жаз.

**18.** Окуп, мазмунун айтып бер.

Чабалекей балдарына жем берип болуп, уясында жаткан. Ал бир мезгилде устундун түбүндө жаткан жыланды көрдү да коркуп:

— Ой, сен ким болосуң? — деди.

— Менин ким экенимди кийин билесиң. Мени көрдүңбү? Оболу ошону айтчы? — деди жылан.

— Бийик жерде туруп сени кантип көрбөйүн, көрдүм.

— Көрсөң да мени тааныбайсың.

— Кантип сени тааныбайын, тааныдым.

— Таанысаң мен ким болом, айтчы?

— Ким болмок элең? Жылансың!

— Мына айтпадымбы, ошентип бийик жерде турсаң мени тааныбайсың. Мени тааныбай турган болсоң бери ылдыйлап, жаныма түшүп кел, — деп жылан башын көтөрүп койду.

*(К. Б.)*

Текст кандайча башталып, кандай бүттү? Дагы улантса болобу? Болсо улантып айтып бер. Тема коюп, тексттин мазмунуна ылайык бөлүктөр боюнча сүрөтүн тарт. Төл жана бөтөн сөздөр катышкан сүйлөмдөрдү ата. Айрым сүйлөмдөрдүн алдына эмне үчүн сызыкча коюлду?



**19.** Сүрөттү жакшылап кара. Андагы көрүнүштү сүрөттөп, текст түзүп жаз.



Сүрөттөп жазууда кайсы сын атооч сөздөрдү пайдаландың? Сүрөттөө жөнүндө түшүнүгүңдү айтып бер.

**20.** Окуп, түшүнгөнүңдү айтып бер.

## ДЕЛЬФИН

Дельфин сүт эмүүчү жаныбарларга кирет. Сууда жашайт. Алар 15-40тан үйүр-үйүр болуп жүрүшөт. Боорукер келишет. Эгер бирөөгө тезирээк жардам керек болсо, экинчилери эч аянышпайт. Эки жагынан жөлөп, тикесинен тургузуп, дем алдырышат. Чөгүп бараткан адамдарга да алар дал ушинтип көмөк көрсөтүшөт. Дельфиндер сууда өтө ыкчам. Саатына 50 чакырым ылдамдыкта сүзгөн балыктарды кармашат. Аларга алай-дүлөй болгон деңиз толкундары кеп эмес. Толкунду аралап шуулдап сүзүп кете беришет. Көп өлкөдө дельфин катуу коргоого алынган. Окумуштуулар маймыл менен итке салыштырганда дельфин бир кыйла акылдуу экендигин аныкташкан.

*(«Байчечекей» журналынан)*

Дельфин жөнүндө дагы эмнелерди билесиң? Дельфинди эмне үчүн коргоого алышкандыгын түшүндүр. Көчүрүп жаз.

Дельфин деген сөздү жөндөп бер. (ь) белгиси сакталабы?

www.bizdin.kg

**21.** Төмөнкү жаңылмачты бат айтып үйрөнгүн. Андан сан атооч, андан кийин этиш сөздөрдү таап, ажыратып айтып бер.

Эки баланы жанаштырып койдук.
Эки баланы жарыштырып койдук.
Жанашкан балдар
Жарышкан балдарды караштты.
Жарышкан балдар
Жанашкан балдардан адашты.

*(«Байчечекей» журналынан)*

**22.** Оку. Сөздөрдөгү ката кеткен тамганы таап коюп, ал сөздөр кайсы сөз түркүмүндө экенин жана кайсы жөндөмөдө турганын аныкта.

БИР ТАМГАДА КАТА БАР

Ким түз чийсе кызыкты,
Ошол ээлейт утушту.
Атың болсо басаган,
Даңкан ыргыйт чакадан.
Кууй берип бийикти,
Кары мерген күйүктү.
Ырды жаздым заматта
Дептердеги таракка.

*(Т. Сам.)*

● **23.** Төмөнкү сандарды пайдаланып, бир нече сандарды түз. Аларды жазуу түрүнө келтирип жаз.

1276, 6793.

Ү л г ү: 2761 — эки миң жети жүз алтымыш бир, 2176 —эки миң бир жүз жетимиш алты, ...

**24.** Кел, сүйлөшөлү (оюн).

Жаныңда отурган курбуң менен көргөн-билгендериң, иштериң, байкоолоруң тууралуу сүйлөш. Берген суроо-жообуңду улам дептериңе жазып тур. Бүткөндө экөөңөр жазганыңарды окуп бересиңер.



Андан кийин ага тема коюп, дептериңерге аңгеме түзүп жазгыла. Кимиңердин аңгемеңер кандай болор экен?

Курбуң менен оозеки сүйлөшкөнүң эмне деп аталат? Сүйлөшкөнүңөрдү жазып алганыңар эмне деп аталат?

**25.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү оку. Жазылыштарын карап, оңдоп жаз. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүз.

Жакшы Айнура кыз. Сабактарын ал окуйт бешке. Көп адабий китептерди кызыгат окууга. Сыйлайт улууларды.

**26.** Макалды оку.

Жакшы атка бир камчы,
Жаман атка миң камчы.

Карама-каршы маанидеги сөздөрдү атагын. Сан атооч сөздөр кайсылар? Алар кайсы сөздөр менен айкашып турат?

**27.** Төмөнкү сөздөрдү көчүрүп, унгу, мүчөлөргө ажырат. Кандай мүчөлөр экенин аныктап айтып бер. Тыбыштык талдоо жүргүз.

Кыргызстан, толуу, токойго, суудан.

**28.** Табышмактарды оку, жандырмагын тап.

1. Борошолоп кар,
Бети-колду тоңдурган,
Кайсы мезгил ал?

2. Карлар эрип,
Суу көбөйгөн,
Чөптөр өскөн
Кайсы мезгил экен?

Булардан бөлөк дагы кайсы мезгилдер бар? Зат атооч сөздөрдү атагын. Көптүк түрдү көрсөткөн сөздөр кайсылар?

**29.** Төмөнкү ырды окуп, андан кара тамга менен басылган зат атооч сөздөрдүн кайсы жөндөмөдө турганын айтып бер.

КҮЗ

Он эки **айдын** үч айы —
Күркүрөгөн күз айы.

www.bizdin.kg

Бөлүштүрүп табият,
Төрт **мезгилге** атайы.

Жемиш, мөмө бүт бышып,
Жыйым-терим күч кызып.
Эгин батпай **кампага**,
Күз — береке, күз — кызык.

**Дасторкондо** нан жайнап,
Эч бөксөрбөй май, каймак.
**Айлыбызда** майрам, той
Самоор-самоор чай кайнап.

*(Т. А.)*

Эмне үчүн уңгуга уланган мүчөлөрдүн башкы тыбыштары жумшак үнсүздөр болуп калды?

● **30.** Жай мезгилине ылайык табышмак же ыр таап жаз. Аны сөз түркүмдөрүнө ажырат. Жай качан болорун айтып бер.

**31.** Төмөнкү катты улантып жаз. Же өзүң каалаган адамыңа кат жазып көр.

Саламатсыңбы, Эрмек байке?

Байке, окууларың кандай? Атам быйыл жайлоого барабы? Ал жакта аба ырайы жакшы элеби? Эгин-тегин айдап алдыңыздарбы?

Мен болсом төртүнчү класcты аяктап калдым. Эжем иштеп жүрөт. ... ... ... ... ... ... .

**32.** Сөздөрдүн жазылышы туурабы? Туура болбосо ттуралап көчүр.

Апарат, балон, сезд, Омыский, колектив, афтобус, трактор, телепон, кайнэне, тайата, грам, Адылоф, милион, Атбаши, Ысыккөл, Тениртоо, Бугуэне, сирк, сиркуль, оова, Савыр.

**33.** Төмөнкү сөздөрдү жөндөп жаз. Мүчөлөрүнүн өзгөрүшүн түшүндүр.

Китеп, алма, баатыр.



**34.** Сүйлөм деген эмне? Төмөнкү сүйлөмдү мүнөздөп бер, түрүн айт, мүчөлөрүн ата, алар кайсы сөз түркүмүнө кирерин баянда.

Таң атты.

Сүйлөмдү жайылтып өзгөрт. Ал үчүн эмне кыласың?

**35.** Ар бир созулма үндүүгө экиден сөз таап жаз. Аларды ташымалдоонун жолун түшүндүр.

**36. Жакшы** деген сөздү катыштырып, сүйлөм түзүп жаз. Сүйлөм мүчөлөрүнө ажыратып талда.

## Талдоонун үлгүлөрү

### I. Тамга-тыбыштык талдоо

1. Сөздүн муунга бөлүнүшү.
2. Сөздөгү тыбыш, тамгалардын саны.
3. Үндүү тыбыштардын жоон, ичке, кыска, созулма болуп бөлүнүшү.
4. Үнсүз тыбыштардын жумшак, каткалаң, түгөйлөш болуп бөлүнүшү.
5. Йоттошкон тамгалардын тыбыштык белгилери.

**Талдоонун үлгүсү.**

**Жайлоо** — 2 муун, 5 тыбыш, 6 тамга бар. **ж** — үнсүз, жумшак, түгөйлүү; **а** — үндүү, жоон, кыска; **й** — үнсүз, жумшак; **л** — үнсүз, жумшак; **оо** — үндүү, жоон, созулма.

### II. Сөздүн түзүлүшүн талдоо

1. Сөздү уңгу, мүчөгө ажыратуу.
2. Мүчөнүн түрлөрүн, алардын өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү.
3. Мүчө уланганда сөздүн кандайча өзгөргөнүн, сөздүн аяккы тыбышына карай мүчөнүн башкы тыбышынын өзгөрүү себептерин айтып берүү.

**Оозеки талдоонун үлгүсү.**

**Китепканаларда** деген сөздүн уңгусу — **китеп,** мүчөлөрү: **-кана, -лар, -да. -кана** — сөз жасоочу мүчө, **-лар** — көптүктү көрсөтүүчү мүчө, **-да** — жатыш жөндөмөнүн мүчөсү.

www.bizdin.kg

**Жазуу жүзүндө талдоонун үлгүсү.**

Уңгу (⌒), сөз жасоочу мүчө (‾), сөз өзгөртүүчү мүчө (^) түрүндө белгиленет.


китепканаларда

### III. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо

1. ***Ким? эмне?*** деген суроолор аркылуу сүйлөмдүн негизин ээлеген ээни таап, астын бир түз сызык менен чийип белгиле.

2. Ээ аркылуу ***эмне болду? эмне кылды?*** деген суроолорду берип, анын кыймыл-аракетин көрсөткөн баяндоочту таап, астын эки сызык менен сызып белгиле.

3. Ээ менен баяндоочтун суроолорунан башка суроолорго жооп берген айкындоооч сөздөрдүн асты сызылбай калтырылат.

4. Сүйлөмдөгү сөздөрдүн байланышын жебече сызыктар менен белгилеп көрсөт.


Эртең менен биз токойго бардык.

### IV. Зат атоочту талдоо

1. Кайсы сөз түркүмү экенин, эмнени билдирип, кайсы суроого жооп бергенин аныкта.

2. Зат атоочтун алгачкы түрү, жекелик же көптүк саны, жалпы же энчилүү ат, жөнөкөй же татаал экенин аныктап, жөндөмөсүн айт.

3. Сүйлөмдө кайсы сүйлөм мүчөсүнүн кызматын аткаргандыгын көрсөт.

**Оозеки талдоонун үлгүсү.**

Мен китепти окуп бүттүм.

**Китепти** – зат атооч, заттын атын билдирип, ***эмнени?*** деген суроого жооп берди. Уңгусу — **китеп. Китепти** деген сөз жекелик сан, жалпы, жөнөкөй, табыш жөндөмөсүндө. Сүйлөмдө айкындоочтун милдетин аткарды.

**Жазуу жүзүндө талдоонун үлгүсү.**

***Эмнени?*** Китепти – зат атооч.

Уңгусу — **китеп**, жекелик сан, жалпы, жөнөкөй, табыш жөндөмө, айкындооч.



### V. Этишти талдоо

1. Кайсы сөз түркүмү экенин, эмнени билдирип, кайсы суроого жооп берерин аныкта.

2. Уңгусу, жекелик же көптүк саны, чагы, жагы.

3. Сүйлөмдө кайсы сүйлөм мүчөсүнүн кызматын аткарып тургандыгы.

**Оозеки талдоонун үлгүсү.**

Кар жаады.

**Жаады** – этиш, кар деген заттын кыймыл-аракетин көрсөтүп, ***эмне болду?*** деген суроого жооп берди. Уңгусу — **жаа**, жекелик сан, **-ды** өткөн чактын мүчөсү, өткөн чак, III жакты көрсөтөт. Сүйлөмдө баяндоочтун кызматын аткарды.

**Жазуу жүзүндө талдоонун үлгүсү.**

***Эмне болду?*** Жаады – этиш, уңгусу — **жаа**, жекелик сан, өткөн чак, 3-жак, баяндооч.

### VI. Сын атоочту талдоо

1. Кайсы сөз түркүмү экенин, эмнени билдирип, кайсы суроого жооп берерин аныкта.

2. Уңгусу, сапаттык же катыштык сын, жөнөкөй же татаал сын атооч.

3. Сүйлөмдө сүйлөм мүчөсүнүн кызматын аткарышы.

**Оозеки талдоонун үлгүсү.**

Жакшы окуучу сабактан калбайт.

**Жакшы** – сын атооч, окуучу деген заттын сын-сыпатын көрсөтүп, ***кандай?*** деген суроого жооп берди. Уңгусу — **жакшы**, сапаттык, жөнөкөй сын атооч. Сүйлөмдө айкындоочтун кызматын аткарды.

**Жазуу жүзүндө талдоонун үлгүсү.**

***Кандай?*** Жакшы – сын атооч.

Уңгусу — **жакшы**, сапаттык, жөнөкөй сын, айкындооч.

### VII. Сан атоочту талдоо

1. Кайсы сөз түркүмү экенин, эмнени билдирип, кайсы суроого жооп берерин аныкта.

www.bizdin.kg

2. Сан атоочтун уңгусу, эсептик же иреттик, жөнөкөй же татаал экендигин көрсөт.

3. Сүйлөмдө сүйлөм мүчөсүнүн кызматын аткарышы.

**Оозеки талдоонун үлгүсү.**

Ажар төртүнчү классты бүттү.

**Төртүнчү** — сан атооч, класс деген заттын иретин көрсөтүп, ***канчанчы?*** деген суроого жооп берди.

Уңгусу — **төрт**, мүчөсү **-ынчы**, иреттик сан, жөнөкөй. Сүйлөмдө айкындоочтун кызматын аткарды.

**Жазуу жүзүндө талдоонун үлгүсү.**

***Канчанчы?*** Төртүнчү — сан атооч, иреттик сан, жөнөкөй, айкындооч.

## VIII. Ат атоочту талдоо

1. Кайсы сөз түркүмү экенин, эмнени билдирип, кайсы суроого жооп берип турганын аныкта.
2. Уңгусу, жагы, саны, жөндөлүшү.
3. Сүйлөмдө сүйлөм мүчөсүнүн кызматын аткарышы.

**Оозеки талдоонун үлгүсү.**

Алар экскурсияга кетишти.

**Алар** – ат атооч, затты жалпылап көрсөтүп, ***кимдер?*** деген суроого жооп берди. Уңгусу — **ал**, мүчөсү — көптүктү көрсөтүүчү **-лар**, 3-жак, көптүк санды көрсөтүп турат. Сүйлөмдө ээнин кызматын аткарды.

**Жазуу жүзүндө талдоонун үлгүсү.**

***Кимдер?*** Алар – ат атооч.

Уңгусу — **ал**, мүчөсү **-лар**, 3-жак, көптүк сан, ээ.

## IX. Тактоочту талдоо

1. Кайсы сөз түркүмү экенин, эмнени билдирип, кайсы суроого жооп берип турганын аныкта.
2. Уңгусу, мезгилди же орунду көрсөтүшү.
3. Сүйлөмдө сүйлөм мүчөсүнүн кызматын аткарышы.



**Оозеки талдоонун үлгүсү.**

Эртең сүрөткө түшөбүз.

**Эртең** — тактооч, түшөбүз деген кыймыл-аракетти көрсөткөн сөздүн мезгилин көрсөтүп, ***качан?*** деген суроого жооп берди.

Уңгусу — **эртең**, мезгил тактооч. Сүйлөмдө айкындоочтун кызматын аткарды.

**Жазуу жүзүндө талдоонун үлгүсү.**

***Качан?*** Эртең — тактооч, мезгил тактооч. Уңгусу — **эртең**, айкындооч.

### ▲ Өзүмдү текшеремин

1. Кайсынысы кеп болот?
   а) Суунун акканы.
   б) Адамдардын сүйлөшкөнү.
   в) Оттун күйгөнү.
2. Кайсынысы оозеки кеп?
   а) Окуучулардын доскага жазып жатканы.
   б) Мугалимдин түшүндүрүп жатканы.
   в) Окуучулардын китептен көчүрүүсү.
3. Кайсынысы текст эмес?
   а) Ыр. б) Макал. в) Сүйлөм.
4. Кайсынысы текст болот?
   а) Сөз. б) Сүйлөм. в) Табышмак.
5. Тексттин планын кантип түзөсүң?
   а) Тексттин мазмунуна карата.
   б) Тексттин темасына карата.
   в) Тексттин татаалдыгына карата.
6. Тексттин канча түрү бар?
   а) Бир. б) Эки. в) Үч.
7. Булардын кайсынысы сүйлөм?
   а) Күн, кызыл, бат.
   б) Күн кызарып батты.
   в) Кызыл.
8. Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдү көрсөт.
   а) Мен китеп, дептер сатып алдым.

б) Мен китеп сатып алдым.
в) Сен дептер сатып алдың.

9. Сөз айкашын тап.
а) алма, бак б) бак, алма в) алмалуу бак

10. Кайсы сүйлөмдүн тыныш белгиси туура коюлган эмес?
а) Сен оку! б) Сен окудуңбу. в) Сен окудун.

11. Кайсынысы илептүү сүйлөм?
а) Тез жүгүр!
б) Катарга тизилгиле!
в) Ура! Биз жеңдик!

12. Жайылма сүйлөмдү тап.
а) Сагын келди.
б) Ал келди.
в) Ал шаардан келди.

13. Жөнөкөй сүйлөмдү көрсөт.
а) Таң атып, күн чыкты.
б) Күн чыгып, айлана нурга бөлөндү.
в) Айлана күн нуруна бөлөндү.

14. Кайсынысы төл жана бөтөн сөз болот?
а) Келе кеткенсиң.
б) «Келе кет», — дедин.
в) Келе кет.

15. Жайынча айтылган бөтөн сөздү тап.
а) «Жакшы оку!» — деди апам.
б) «Жакшы окуйсуңбу?» — деди апам.
в) «Жакшы окуйт», — деди апам.

16. Буйрук маанидеги бөтөн сөз кайсы?
а) «Ура! Биз жеңдик!» — деди Медер.
б) «Кана, бизди жең!» — дедим мен.
в) «Биз ойнойбуз», — деди Сурма.



www.bizdin.kg

## ТАЛДООЛОР ҮЧҮН КӨНҮГҮҮЛӨР

**1. Тыбыштык талдоолорду жүргүз.**

а) Байчечекей, музоо, туяк, чегиртке, музоо баш, көпөлөк, уя, уюл, коньки, календарь.

б) Аркан, жоолук, тумар, ала карга, тоолук, төө куйрук, медаль, казан, жарма, балка.

в) Айры куйрук, бүркүт, темир жол, уйгак, оюм, селкинчек, куюн, пальто, коён, талаа.

**2. Сөздөрдүн түзүлүшү боюнча талдоо жүргүз.**

а) Пахтачылар, жалкоого, жылкычыны, дарыканада, жайлоодон, кызматчы, тоодой, кесмеге, тепкич, сууга, сугатчыларга, оюнсуз.

б) Ысык-Көлдө, кымыздай, тилмечти, аюуга, башкатырмадан, илгичтей, төшөккө, суудай.

в) Манасчылар, ырдайт, сүйлөдү, окуйм, айнекте, жомокту, жолдун, коңулда, бийлешти, сакчыга.

**3. Сөз айкаштарына талдоо жүргүз.**

а) Мисалы: Кызыл алма → сын атооч + зат атооч

узун жип, сары жалбырак, беш жылдыз, өйдө бас, төмөн түш, эртең кел, от күйдү, күтүп тур, мен окудум, биз уттук, ак калпак.

б) Таттуу токоч, калың токой, бышкан эт, жай бас, бийик дарак, былтыр окуган, быйыл келди, тамак бышты, суу сугарды, суудай таза, тез жүгүр.

**4. Муундарга талдоо жүргүз.**

< – ачык муун, ∨ – туюк муун, > – жабык муун.

Мисалы: шаарга – ∨ –<...

а) Машиналар, боз үйдөн, козуларга, муздаткыч, телевизор, радио, сандыктан, ойнойбуз, келишти, салтанаттуу, сагызган, тилек, токмок, уядан.

б) Жаңырык, жоогазын, жашылча, кемирчек, ышкын, комузчуларга, жаргылчак, тегирмен, устачылык, шоонадай, шаркыратма, азуудан.

**5. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүз**

а) Байгеге кошулчу аттар жалпы эреже боюнча кермеде, мамыда, байлоодо туруш керек. Байлоодогу ат өлчөмү менен жем-чөп жейт. Мезгил-мезгили менен тердетилип, таң ашырылат. Байлоодогу ат этине келген кезде, курсагы тартылып, сүмбөдөй болуп калат. Мыкты сынчы-саяпкерлер байлоодогу аттарды бир көргөндө эле, аны байлоодо кетирилген кемчиликтерди билип коюшат.

б) Атка бекем отур. Тизгинди жыя карма. Күлүккө анда-санда камчы бас. Атты шыпылдатып үстүккө-босток камчы чапкандан эч пайда чыкпайт. Марага төрт-беш чакырым калганда, астыңдагы аттарды кууп өтүп, эң алдыга чыгууга аракет кыл. Астыңдагы аттарды сол жагынан кууп өт. Жол тар болсо, астыңдагы баланын камчысынан алыс өтөм деп, атыңды мүдүрүлүп алышың мүмкүн. Эгер атыңды тегеретмеге чапсаң, тегеретменин ички четинде жүр.

**6. Сөз түркүмдөрү боюнча талдоо жүргүз**

а) Кожомкулдун атасы да зор балбан экен. Бир жылы Суусамырда жашаган Шермат деген бай чоң той берип, ал токойго Кетмен-Төбө, Анжиян тарптардан көп адам келет. Алардын ичинде атактуу Акбалбан да болот. Ал тойдогу балбан күрөштө Акбалбан менен Каба күрөшөт. Каба Акбалбанды торой чалып, көтөрүп урат. Айры төштүн астына жатпаган атактуу балбан Кожомкул Каба уулу Суусамыр өрөөнүндө 1888-жылы кедейдин үй-бүлөсүндө төрөлгөн.

б) Биз күткөн жай да келе жатат. Окуу жылы аяктап калды. Шаарда жашагандардын кээ бирөөлөрү айылдарга, айылда жашагандар шаарлардагы туугандарына баргылары келишет. Айрымдарыбыз лагерлерде эс алабыз. Айрымдарыбыз жайы менен жайлоодо болсок, арабыздан эмгек талаасында ата-энелерибизге жардам бергендерибиз да болот.

Жай мезгили өзүнчө бир керемет. Таң эртең менен турсаң, ар түрдүү куштардын сайраган мукам үндөрүн угасың. Күндүн ысык аптабынан саябалуу бакта отургуң келет. Мөмө-жемиштер бышып, бирин коюп, бирин жейсиң. Жайы менен кайсы гана жерде болбогун каалагандай эс алып, кайрадан сүйүктүү мектебиңерге биринчи сентябрда кирип келесиңер.

Жай мезгилин кандайча өткөргөндүгүңөр жөнүндө досторуңарга, мугалимдерге айтып бересиң. Келе жаткан жайкы каникулуңар жакшы өтсүн, балдар!



www.bizdin.kg

# ШАРТТУУ КЫСКАРТУУЛАР

1. Д. С. — Д. Сулайманов
2. Т. Ү. — Т. Үмөталиев
3. К. К. — К. Каимов
4. А. Т. — А. Токомбаев
5. Т. Б. — Т. Байзаков
6. Н. Б. — Н. Байтемиров
7. Ч. А. — Ч. Айтматов
8. Т. С. — Т. Сыдыкбеков
9. К. Т. — К. Төлөбаев
10. М. А. —М. Абдыкеримов
11. А. Ү. — А. Үсөнбаев
12. К. Ж. — К. Жунушев
13. И. И.— И. Исаков
14. Ы. К. — Ы. Кадыров
15. Р. Р.— Р. Рыскулов
16. Б. Т. — Б. Темиров
17. К. Э. — К. Эсенкожоев
18. Т. А.— Т. Айтикеев
19. Ж. С.— Ж. Садыков
20. С. Ж. — С. Жусуев
21. К. Бор. — К. Борбугулов
22. К. Б. — К. Баялинов
23. Т. Сам. — Т. Самудинов
24. Т. Ар. — Т. Арыков
25. А. Мис. — А. Мисиров
26. А. Кал. — А. Калбаев
27. С. Ш.— С. Шаелдаева
28. К. Т. — К. Темиров
29. Ш. Б. — Ш. Бейшеналиев
30. А.Ө. – А. Өмүрканов

www.bizdin.kg

# МАЗМУНУ


**1-чейрек**

**I. Тил. Кеп. Текст** . . . . . . . . . . . . . . . 3

Кептин булактары ... 5

Текстке план түзүү ... 8

Тексттин түрлөрү ... 12

Суроолор жана тапшырмалар ... 14

Өзүмдү текшеремин ... 14

**II. Сүйлөм** . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 16

Сөз айкашы ... 17

Сүйлөм мүчөлөрү ... 18

Бир өнчөй мүчөлүү сүйлөмдөр ... 20

Жай сүйлөм ... 23

Суроолуу сүйлөм ... 24

Буйрук сүйлөм ... 26

Илептүү сүйлөм ... 28

Жалаң жана жайылма сүйлөм ... 30

Жөнөкөй жана татаал сүйлөм ... 31

Төл жана бөтөн сөз ... 35

Суроолор жана тапшырмалар ... 37

Өзүмдү текшеремин ... 37

Өз алдымча иштеймин ... 39

**III. Сөз. Тыбыш жана тамга** . . . . . . 40

1. Үндүү жана үнсүз тыбыштар ... 41

Үндүү тыбыштар ... 43

Кыска жана созулма үндүүлөр ... 45

Жумшак жана катталаң үнсүздөр ... 47

Түгөйлөш үнсүздөр ... 48

2. Алфавит ... 50

Баш тамга ... 52

Иоттошкон тамгалар ... 53

**2-чейрек**

Айрым үнсүздөрдүн айтылышы жана жазылышы ... 54

Ичкертүү жана ажыратуу белгиси ... 58

Муун жана ташымал ... 61

Өзүмдү текшеремин ... 63

Суроолор жана тапшырмалар ... 63

**3.** Сөздүн түзүлүшү ... 65

Уңгу жана мүчө ... 65

Сөз жасоочу мүчөлөр ... 67

Сөз өзгөртүүчү мүчөлөр ... 68

Уңгу сөздүн аяккы тыбышына карата мүчөнүн башкы тыбышынын өзгөрүшү ... 70

Суроолор жана тапшырмалар ... 71

Өзүмдү текшеремин ... 71

**4.** Сөздүн түрлөрү ... 72

Уңгулаш сөздөр ... 72

Жөнөкөй жана татаал сөздөр ... 73

Кош сөздөр ... 75

Кошмок сөздөр ... 77

Кыскартылган сөздөр ... 79

Синонимдер жана антонимдер ... 82

Суроолор жана тапшырмалар ... 84

Өзүмдү текшеремин ... 85

Өз алдымча иштеймин ... 86

**3-чейрек**

**IV. Сөз түркүмдөрү** . . . . . . . . . . . 89

1. Зат атооч ... 92

Зат атоочтун көптүк санда өзгөрүшү ... 94

Зат атоочтун жөндөлүшү ... 96

Аягы б, в, г, д тыбыштары менен бүткөн зат атооч сөздөрдүн жөндөлүшү ... 100

Орус тили аркылуу кирген кээ бир сөздөрдүн жөндөлүшү ... 102

Жөнөкөй жана татаал зат атоочтор жана алардын жазылышы, жөндөлүшү ... 105

Суроолор жана тапшырмалар ... 109

Өзүмдү текшеремин ... 110

**2.** Этиш ... 110

Этиштин чактары ... 113

Келер чак ... 115

Учур чак ... 116

Өткөн чак ... 118

Суроолор жана тапшырмалар ... 120

Өзүмдү текшеремин ... 120

Өз алдымча иштеймин ... 121

**3.** Сын атооч ... 122

Сапаттык сын ... 123

Катыштык сын ... 128

Жөнөкөй жана татаал сын атоочтор ... 131

Сын атоочтун жазылышы ... 134

Кайталоо үчүн суроолор ... 136

Өз алдымча текшеремин ... 136

Өз алдымча иштеймин ... 137

**4.** Сан атооч ... 138

Эсептик сан ... 141

**4-чейрек**

Иреттик сан ... 144

Сан атооч сөздөрдүн жазылышы ... 146

Суроолор жана тапшырмалар ... 149

Өзүмдү текшеремин ... 150

**5.** Ат атооч ... 150

Жактама ат атооч ... 153

Жактама ат атоочтун жөндөлүшү ... 155

Зат атоочтун жакталышы ... 159

Этиштин жакталышы ... 162

Суроолор жана тапшырмалар ... 165

Өзүмдү текшеремин ... 165

**6.** Тактооч ... 166

Тактоочтордун жазылышы ... 170

Суроолор жана тапшырмалар ... 172

Өзүмдү текшеремин ... 172

**7.** Сырдык сөздөр ... 173

**8.** Тууранды сөздөр ... 176

Суроолор жана тапшырмалар ... 179

Өз алдымча иштеймин ... 180

**V. Жыл боюнча өтүлгөндөрдү кайталоо** . . . . . . . . . . . . . . . . 188

Талдоонун үлгүлөрү ... 199

Өзүмдү текшеремин ... 203

Талдоолор үчүн көнүгүүлөр.

www.bizdin.kg

*Окуу басылмасы*

**ШАЕЛДАЕВА САТКЫН**

**КЫРГЫЗ ТИЛИ**

Орто мектептин 4—классы үчүн окуу китеби

Төртүнчү басылышы

Редакторлору *А.Узакова, С.Дуулатова*
Сүрөтчүсү *Макенжан уулу Марат*
*Көркөм редактору Ж.Субанов*
Компьютердик калыптоочу *С.Дуулатова*
Корректору *С.Дуулатова, К.Торокулов*
Техн. редактору *К.Торокулов*

ИБ № 27

Терүүгө 10.04.11 берилди. Басууга 8.06.11. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 70х90 $^{1}/_{16}$. «Кыргыз Балтика» арибы.
Түстүү ыкма. 13,0 ф.б.т. Нускасы 2 000. Заказ №47.

«Полиграфбумресурсы» жоопкерчилиги чектеген коомунун
басмаканасында даярдалып басылды
720011, Бишкек ш., Сүйүмбаев көчөсү, 144-23
Тел.: 43-20-75, 43-19-57

*Окуу куралын колдонгон окуучу жөнүндө маалымат*

| *Аты-жөнү* | *Берилген күнү* | *Тапшырган күнү* | *Колу* |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |

www.bizdin.kg